# ИДЕАЛИЗМ МАТРИЦА ФИЛОСОФИЯСЫ ЖАНА ЗАТТЫН ЧЫНЫГЫ ЖУЗУ (İDEALİZM MATRİX FELSEFESİ VE MADDENİN GERÇEĞİ)

**ХАРУН ЯХЬЯ – (АДНАН ОКТАР)**
**(ARUN YAHYA)**

**Birinci Baskı: Haziran, 2003**
**İkinci Baskı: Ocak, 2008**
**Üçüncü Baskı: Haziran, 2008**

**ARAŞTIRMA**
**YAYINCILIK**

Talatpaşa Mah. Emirgazi Caddesi
İbrahim Elmas İş Merkezi A Blok Kat 4
Okmeydanı - İstanbul Tel: (0 212) 222 00 88

Baskı: Seçil Ofset / 100. Yıl Mah. MASSİT Matbaacılar Sitesi 4. Cad. No:77
Bağcılar - İstanbul Tel: 0212-6290615

Bu kitapta kullanılan ayetler, Ali Bulaç'ın hazırladığı
"Kur'an-ı Kerim ve Türkçe Anlamı" isimli mealden alınmıştır.

# МАЗМУНУ

Баш сөз

Киришүү: копиясын көрүп жаткан жашообуз

Матрица (The Matrix)

13-кабат (The Thirteenth Floor)

Оор хандык (Harsh Realm)

Ванилла асман (Vanilla Sky)

Чындыкка чакырык (Total Recall)

Заттын чыныгы жүзү жөнүндөгү илимий жетишкендиктер

Жыйынтык: жалгыз абсолюттук зат – Аллах

Эволюция калпы

# ОКУРМАНГА

Автордун эмгектеринде эволюция теориясынын кыйрашына атайын орун беришинин себеби – бул теориянын ар түрдүү динге каршы бир философиянын негизин түзүгөндүгүндө. Жаратылуу жана натыйжада Аллахтын бар экендигинен баш тарткан дарвинизм 140 жылдан бери көптөгөн адамдардын ыйманын жоготушуна же жүрөктөрүндө күмөн жаралышына себеп болуп келди. Ошондуктан, бул теориянын бир калп экендигин ачык далилдөө - абдан маанилүү ыймандык милдет. Бул маанилүү кызматтын бардык адамдарга жеткирилиши зарыл.

Дагы бир белгилей кетчү жагдай – бул китептердин мазмуну менен байланыштуу. Автордун бардык китептеринде ыйман темалары Куран аяттары негизинде түшүндүрүлүүдө, адамдар Аллахтын аяттарын үйрөнүүгө жана жашоого чакырылууда. Аллахтын аяттары менен байланыштуу бардык темалар окурмандын акылында эч кандай күмөн же суроо белгиси жаралбай турган негизде түшүндүрүлүүдө.

Түшүндүрүүдө колдонулган чынчыл, жөнөкөй баян китептердин жаш-кары дебей бүт адамдардын оңой түшүнүшүнө шарт түзүүдө. Таасирдүү жана жөнөкөй баян колдонулган китептер - «бир токтобой окулчу» китеп өзгөчөлүгүнө ээ. Динден баш тартуу боюнча өжөрлүк көрсөткөн адамдар да бул китептерде түшүндүрүлгөн чындыктардан таасирленүүдө жана түшүндүрүлгөндөрдү калпка чыгара албай келет.

Бул китеп жана автордун башка эмгектерин окурмандар жалгыз окуса да, маектешүү чөйрөсүндө окушса да болот. Бул китептенден пайдаланууну каалагандардын чогуу маек курушу, тажрыйба жана пикирлерин ортого койушу пайдалуу болот.

Ошондой эле, жалаң гана Аллахтын ыраазычылыгы үчүн жазылган бул китептердин таанылышы жана окулушуна себепчи болуу да чоң кызмат болмокчу. Себеби автордун бардык китептеринде далил жана ишендирүү тарабы абдан күчтүү. Ушул себептен динди түшүндүрүүнү каалагандар үчүн эң эффективдүү ыкма – бул китептерди окууга башка адамдарды да үндөө болмокчу.

Бул эмгектерде башка кээ бир эмгектерде байкалчу жазуучунун жекече ойлору, шектүү булактарга таянган сөздөрү, ыйык нерселерге болгон керектүү адап жана урматка көңүл бурбаган баяндар, үмүтсүз, күмөн жаратуучу түшүндүрүүлөрдү жолуктурбайсыз.

# АВТОР ЖАНА ЭМГЕКТЕРИ ЖӨНҮНДӨ

Эмгектеринде Харун Яхья атын колдонгон автор (Аднан Октар) 1956-жылы Анкарада (Түркия) төрөлдү. Башталгыч, орто мектеп жана лицейди Анкарада бүтүрдү. Андан соң Стамбул Мимар Синан университетинин Көркөм өнөр факультетинде жана Стамбул университети Философия бөлүмүндө билим алды. 1980-жылдардан бери ыйман, илимий жана саясий темаларда көптөгөн эмгектер даярдады. Мындан тышкары, автордун эволюция теориясынын жактоочуларынын алдамчылык ыкмаларын, алардын жактаган нерселеринин (эволюция теориясынын) туура эместигин жана Дарвинизмдин кандуу идеологиялар менен болгон караңгы (жашыруун) байланыштарын ортого койгон абдан маанилүү эмгектери бар.

Харун Яхьянын эмгектери дээрлик 30000 сүрөттү камтыган жалпысы 45000 беттик бир эмгектер жыйнагынан турат жана бул эмгектер жыйнагы дүйнөнүн 60 тилине которулган.

Автордун эмгектеринде колдонгон аты чындыктан баш тартуучу пикирлерге каршы күрөшкөн эки пайгамбардын урматына, алардын атын эскерүү үчүн Харун (Муса пайгамбардын жардамчысы) жана Яхья (Иса пайгамбардын жардамчысы) аттарынан куралган. Автор тарабынан китептеринин сыртында колдонулган Расулуллахтын мөөрүнүн колдонулушунун символикалык мааниси – китептердин мазмуну менен байланыштуу. Бул мөөр Курани Керимдин Аллахтын акыркы китеби жана акыркы сөзү, Пайгамбарыбыз (С.А.В.)дын да хатем-ул анбия экендигин көрсөтөт. Автор жарыкка чыккан бардык эмгектеринде Куранды жана Расулуллахтын (С.А.В.) сүннөтүн өзүнө жол көрсөткүч кылууда. Ушундай жол менен баш тартуучу философия системаларынын бардык негизги жактаган нерселерин бир бирден жыгууну жана динге каршы багытталган каршы пикирлерди толугу менен оозун жабуучу «акыркы сөздү» айтууна максат кылууда. Абдан терең акыл (хикмат) ээси жана идеалдуу инсан Расулуллахтын (С.А.В.) мөөрү бул акыркы сөздү айтуу ниетинин бир дубасы катары колдонулуп келүүдө.

Автордун бардык эмгектериндеги орток, негизги максат – Куранга чакырууну бүт дүйнөгө жеткирүү, мындай жол менен адамдардын Аллахтын бар экендиги, жалгыздыгы жана акырет сыяктуу негизги ыйман темалары жөнүндө ой жүгүртүүлөрүнө түрткү болуу жана чындыктан (Аллахтан) баш тартуучу системалардын чирик фундаменттерин жана туура эмес иш-аракеттерин ачыкка чыгарып, адамзатка көрсөтүү.

Харун Яхьянын эмгектери Индиядан Америкага, Англиядан Индонезияга, Польшадан Босния-Герцоговинага, Испаниядан Бразилияга чейин дүйнөнүн көптөгөн өлкөлөрүндө жактырылуу менен окулууда. Англис, француз, немец, италия, испан, португалия, урду, арап, албания, орус, босния, уйгур, индонезия тилдери сыяктуу көптөгөн тилге которулган бул эмгектер Түркия сыртында да көптөгөн китеп окуучулар тарабынан окулуп келүүдө.

Дүйнөнүн бардык тараптарында окурмандардын көңүлүнөн орун алган бул эмгектер көптөгөн адамдардын ыйманга келишине, башкаларынын ыйманынын тереңдешине себепчи болуууда. Китептерди окуп, анализдеген ар бир адам бул эмгектердин терең акыл, кыска-нуска, оңой түшүнүлө турган жана чын жүрөктөн чыккан сөздөр экендигин, акыл жана илимге таянгандыгын байкашууда. Бул эмгектер – ылдам таасир берүү, так натыйжа жаратуу, талашсыз жана толук илимий болуу өзгөчөлүктөрүнө ээ. Бул эмгектерди окуган жана булар жөнүндө терең ойлонгон адамдар материалисттик философия, атеизм

жана ар кандай адашкан ой-пикир жана философиялардын чындыктан алыс экенин байкай алышат. Муну түшүнгөндөн кийин материализмди жактагандар ызалык, өжөрлүктөрү айынан гана жакташат, себеби илимий тараптан материализм жокко чыгарылды. Заманыбызда бардык чындыктан баш тартуучу агымдар Харун Яхья эмгектеринен илимий, идеялык жактан толук жеңилген абалда.

Шек жок, мындай өзгөчөлүктөр – Курандын терең мазмундуулугу жана өзгөчө баяндоосунун натыйжасы. Автор бул эмгектери менен мактанууну максат кылбайт, жалаң гана Аллахтын адамдарды туура жолго салуусуна себепчи болуу ниетинде. Мындан тышкары, бул эмгектердин жарыкка чыгып, таралышында акча табуу максат кылынбайт.

Бул чындыктарды эске алсак, адамдардын байкабаган чындыктарды байкашын камсыз кылган, алардын туура жолду табышына жардамчы болгон бул эмгектерди окууга үндөөнүн абдан маанилүү бир кызмат экендиги жакшы түшүнүктүү болот.

Бул баалуу эмгектерди таанытуу ордуна, адамдардын башын айланткан, пикирлерде кайчылаштыктар, күмөндөр жараткан, ыйманды куткарууда күчтүү жана так бир таасири болбогон демейки, монотондуу китептерди жайылтуу эмгек жана убакыт жоготуусуна алып келет. Негизги максат ыйманды куткаруу эмес, автордун адабий күчүн көрсөтүү болгон эмгектердин күчтүү таасирдүүлүккө жетиши кыйын. Бул бойунча шектенүү жаралгандар бар болсо, Харун Яхьянын эмгектеринин максатынын динсиздик менен күрөшүү жана Куран ахлагын жайуу гана экендигин бул кызматтын таасири, ийгиликтери жана окурмандардын ыраазы болгонунан байкашса болот.

Дүйнөдөгү зулум жана баш аламандыктар, Мусулмандар көрүп жаткан азаптардын негизги себебинин динсиздик пикирлеринин дүйнөдөгү өкүмчүлүгүнүн натыйжасы экендигин билүү зарыл. Бул абалдан кутулуу үчүн динсиздикти илим менен жеңүү, ыйман акыйкаттарын, чындыктарын ортого койуу жана Куран ахлагын адамдар түшүнө ала турган деңгээлде түшүндүрүү зарыл. Зулумдук, согуштар күчөгөн азыркы күндө бул кызматтын колдон келишинче ылдам болушу айдан ачык. Болбосо кеч болуп калышы мүмкүн.

Бул маанилүү кызматта алдыңкы ролду аркалаган Харун Яхья эмгектери, Аллахтын буйругу менен, XXI кылымда дүйнө инсандарын Куранда сүрөттөлгөн бейпилдик жана тынчтыкка, чынчылдык жана адилеттүүлүккө, сулуулук жана бактылуулукка жеткирүүгө бир себепчи болмокчу.

# БАШ СӨЗ

Акыркы бир канча жылдан бери көрсөтүлүп жаткан кинотасмаларды караганыбызда, сценарийлериндеги орток темалардын бири көңүлүбүздү буруууда. Бул тасмаларда чындык катары кабыл алынган, адамдар чындап эле бар деп ишенген дүйнө жашоосу каралып; түштөрдө пайда болгон же симуляция сыяктуу жасалма сигналдар аркылуу пайда кылынган чөйрөлөрдүн канчалык чындыкка жакын экенине басым жасалууда.

*Матрица* (The Matrix), *Матрица 2* (The Matrix Reloaded), *13-кабат* (The Thirteenth Floor), *Заалым хандык* (Harsh Realm), *Ванилла асман* (Vanilla Sky), *Чындыкка чакырык* (Total Recall), *Труман шоу* (Truman Show), *Кызыктай күндөр* (Strange Days), *Сырдуу шаар* (Dark City), *Ач көзүңдү* (Open Your Eyes), *Жыштык* (The Frequency), *Бар болуу* (Existenz), *Жалгыз* (The One) сыяктуу көптөгөн кинотасма жана сериалда адамдардын эмненин чындык, эмненин элес экени жөнүндө канчалык жаңылыштыкта болушу мүмкүн экени каралууда.

Ошондой эле, бул кинотасмаларда ушул күнгө чейин илимий тараптан гана айтылып келген бир катар жоромолдордун жашообузга кандайча таасир бериши мүмкүн экени тасмага түшүрүлүп, адамдардын бул темада тереңирээк ойлонушуна шарт түзүлүүдө. Мисалы, Матрица кинотасмасында мындай сөздөр орун алган:

Чындык деген эмне? Чындыкка кандай аныктама бересиң? Эгер сезе алган, жыттап, даамын татып, көрө алган нерселериң жөнүндө сөз кылып жатсаң, «чындык» - бул мээге жиберилген электрдик сигналдардын жоромолдонушу.

Илимий түшүндүрмөлөргө таянып тартылган бул кинотасмалардын бүт дүйнө жүзүндө миллиондогон адамдын көңүлүн бурушунун эң маанилүү себептеринин бири – албетте, адамдардын эми сырткы дүйнөнүн чыныгы жүзү жөнүндөгү көз-караштарды сын-пикир менен карап баштаганында.

Кинотасмаларга тема болгон бул чындыктар өтмүштө көптөгөн философ ой жүгүрткөн темалар болгонуна карабастан, 20-кылымдын акыркы жылдарына чейин көп маани берилбей келген эле. Бирок учурда илим бул китептин темасы болгон түшүндүрмөлөрдү эми философиялык бир көз-караш эмес, илимий чындыктар экенин ортого койууда.

Жакынкы жылдарга чейин жымжырттык ичинде баа берилген заттын чыныгы жүзү жөнүндөгү чындыктар 10 жылдан ашуун убактан бери көптөгөн китептерибизде илимий далилдери менен орун алып келүүдө жана дагы деле чоң маани берилип, актуалдуулугун улантууда. Бул темага *Элестин башка бир аты: зат (Hayalin Diğer Adı: Madde), Убакыттын жоктугу жана тагдыр (Zamansızlık ve Kader Gerçeği), Түбөлүк жашоо башталды (Sonsuzluk Başlamış Durumda), Чындыкты билүү (Gerçeği Bilmek), Мунарадагы кичинекей адам (Kuledeki Küçük Adam), Зат бар деп элестетели бирок баары бир элести көрөбүз (Farz Edelim Madde Var Yine Hayali Seyrederiz), Заттын артындагы сыр (Maddenin Ardındaki Sır)* аттуу китептерибизде атайын орун берилген. Бул китептерден тышкары, эң башта *Эволюция калпы (Evrim Aldatmacası)* китеби кошо, көптөгөн китебибизде «КӨҢҮЛ БУРУҢУЗ!» деген кириш сөзү менен атайын бир бөлүм берилген. Мындан тышкары, www.harunyahya.org, www.maddeninardindakisir.com, www.belgeseller.net сайттарында, аудио, видео тасмалар менен CDлерде да бул темалар илимий түшүндүрмө, таамай мисалдар менен окурман, көрармандарга сунушталган.

Бул эмгектер Индиядан Америкага, Англиядан Индонезияга, Польшадан Босния-Герцеговинага, Испаниядан Бразилияга чейин дүйнөдөн көптөгөн өлкөлөрүндө жактыруу менен окулууда. Англис, француз, немец, италия, испан, португалия, урду, арап, албан, орус, казак, азербайжан, бошнак, уйгур, индонезия, малай, фарс тилдери сыяктуу көп тилдерге которулган эмгектер чет өлкөлөрдө көптөгөн окурмандар тарабынан окулуп келет. Дүйнөнүн төрт тарабында кереметтүү суктануу жараткан бул чыгармалар Түркия сыртындагы өлкөлөрдө да барган сайын көп сөз кылынууда; көп адамдар бул китептердеги темаларды баяндоо стилин өрнөк алышууда.

Учурда бүт дүйнөдө чоң ажиотаж жараткан Матрица жана Матрица 2 кинотасмалары да тасмадагы заттын чыныгы жүзү жөнүндөгү жоромолдор себептүү абдан чоң кызыгуу жараткан. *Evrim Aldatmacası* (Эволюция калпы) аттуу китебибиздин англис тилинде жарык көрүшү менен бирге бул китеп Матрица тасмасынын сценарист жана режиссерлорунан болгон Andy жана Larry Waschoski'лердин колуна тийген эле. (Өздөрү да китепти алганына ыраазычылыктарын айтышкан). 10 жылдан ашуун убактан бери абдан көп маани берген бул теманын таасирлерин учурда көптөгөн кинодо, телевизор каналдарында, гезит-журналдарда жана 1000ден ашуун интернет сайттарында көрүүгө болот...

Бул китепте адамдарга таасир берген жана бир катар чындыктар жөнүндө ойлонууга түрткөн тасмалардан кээ бир бөлүмдөрүнө, ошондой эле мурда китептерибизде орун алган жана бул тасмалардагы түшүндүрмөлөргө абдан окшогон сүйлөмдөргө орун берилмекчи. Ошентип бул китепке тема болгон түшүндүрмөлөрдүн бүт дүйнө тарабынан кабыл алынган анык бир илимий чындыкты сүрөттөп жатканы жана адамдардын каршы чыгышынын, кабыл алып-албашынын заттын чыныгы жүзү жөнүндөгү чындыктарды өзгөртпөшү дагы бир жолу көз алдыга тартылмакчы.

# КИРИШҮҮ: КОПИЯСЫН КӨРҮП ЖАТКАН ЖАШООБУЗ

Азыр сиз колумда кармап турам деп ойлогон бул китеп жазуу жана сүрөттөрү, жаркыраган түстөрү менен бирге чындыгында сиз мээңизде көрүп жаткан үч өлчөмдүү бир сүрөттөлүш... Китептин сыртын колуңуз менен сүрткөндө, сиз сезген тамга издери да, ошол сыяктуу, мээңизде тийген китебиңизге тиешелүү...

Китепти караганыңызда китеп беттеринен чагылып чыккан нур көзүңүздүн торчо клеткалары тарабынан электрдик сигналдарга айландырылат. Оптикалык нервдер аркылуу өткөрүлгөн бул сигналдар китептин формасы, түсү, калыңдыгы сыяктуу өзгөчөлүктөрү жөнүндөгү маалыматтарды мээнин көрүү борборуна жеткиришет. Ал жерде жоромолдонгон сигналдар мааниси бар бир бүтүн нерсеге алып келинет; ошентип китептин көрүнүшү сиз үчүн башыңыздын ичиндеги караңгылыкта куралган болот. Ошондуктан, «көзүм менен көрүп жатам», «китеп алдымда турат» сыяктуу сөздөр чындыкка коошпойт. Көз ага келген нурду электрдик сигналга айландыруу милдетин гана аткарат. Сиз көргөн китеп сүрөттөлүшү, сиз ойлогондой, маңдайыңызда эмес, тескерисинче сиздин ичиңизде. Болгондо да мээңизде пайда болгон бул сүрөттөлүштүн чындыкты чагылтып чагылтпаганын же заттык бир оригиналынын болуп болбогонун эч качан анык биле албайсыз.

Балким барактардын жылмакайлыгын колуңуз менен сезгендиктен «китеп менин сыртымда» деп ойлошуңуз мүмкүн. Чындыгында болсо, бул жылмакайлык сезими да, көрүү сезими сыяктуу, мээңизде пайда болууда. Териңиздеги нервдер стимулданганда, бул импульстар электрдик сигнал абалында мээге жөнөтүлүшөт. Мээдеги тийүү борборуна жеткен бул кабарлар тийүү, басым, катуулук-жумшактык, ысыктык-муздактык сыяктуу сезимдер катары кабылданат. Жана сиз мээңизде китепке тийдим, китептин катуулугун, барактарынын жылмакайлыгын же сыртындагы тамга издерин сезип жатам деген сезимдерди туясыз. Чынында болсо эч качан бул китептин оригиналына тийе албайсыз. Тийдим деп ойлогонуңузда, чынында мээңиздин ичиндеги китептин беттерин барактап, мээңиздин ичиндеги барактардын ичкелигин, жылмакайлыгын сезесиз.

Бул көрүнүш башка сезүү органдарыңызга да тиешелүү. Чертилген бир гитара кылы абада басым толкундарын пайда кылат. Бул толкундар ички кулактагы түкчөлөрдү стимулдайт жана бул толкундар электрдик импульстар абалында мээңиздин тиешелүү борборуна жөнөтүлөт. Бул сигналдардын мээде жоромолдонушу натыйжасында болсо сизде гитара үнүн угуп жатам деген сезим пайда болот.

Жыт алуу сезими да ушул сыяктуу мээңизде пайда болот. Бир лимондун кабыгынан чыккан химиялык молекулалар мурундагы жыт кабылдагычтарды стимулдашат. Ал жерден электрдик сигнал катары жоромолдонуу үчүн мээге жеткирилишет.

Кыскача айтканда, көргөн, уккан, даамын сезген, тийген жана жыттаган нерселериңиздин баары мээңизде сиз үчүн атайын кайрадан пайда кылынат. Ошондуктан, «айланамдагы дүйнөнү кабылдап жатам» дегенде, мээбизде пайда болго копия түстөр, сүрөттөр, үндөр жана жыттар жөнүндө сөз кылган болобуз.

Дүйнөнү кабылдоо (сезүү) формабыз ушунчалык кемчиликсиз болгондуктан, «сыртта», т.а. денебиздин айланасында бир сүрөттөлүш (дүйнө) бар деп ишенебиз; бирок биз жашап жаткан дүйнөнүн

түнкүсүн көргөн түшүбүздөн көп деле айырмасы жок. Түштөрүбүздө айланабыздагы окуяларды, үндөрдү жана сүрөттөлүштөрдү байкап-билебиз; ал тургай, денебизди да... Ойлонобуз жана сын-пикир жүргүзөбүз; коркобуз, ачууланабыз, ыраазы болобуз жана жактырып-сүйөбүз. Башка адамдар менен сүйлөшүп, баарыбыз бир эле нерселерди көрүп жатабыз деп ойлоп, айланадагы нерселер жөнүндө маектешебиз. Кыскача айтканда, түшүбүздө да айланабызда материалдык (заттык) бир дүйнө бар деген ойдо болобуз. Ойгонуп, жашап жатабыз деп ойлогон нерселерибиздин мээбизде болуп жатканын түшүнгөнгө чейин...

Ойгонуп, «бүт баары бир түш экен» дегенибизде болсо, башыбыздан өткөн окуялардын чындыгында материалдык бир чындыкка таянбаганын (б.а. жок экенин); бүт болуп өткөндөрдүн мээбизде жаратылганын айткан болобуз. Ойгоо жүргөн кезибизде болсо дүйнөдө көрүп, угуп, кармап жаткан нерселерибиз чындап бар деп ойлойбуз. Бирок ойгоо кезибизде башыбыздан өткөргөндөрүбүз, т.а. жашообуз да, түшүбүздөгү сыяктуу, мээбизде болуп жатат.

Ойгоомун деп ойлошуңуздун себеби окуп жаткан бул китебиңизди колуңузда кармап сезип жатышыңыз, окугандарыңызды жоромолдошуңуз, бүт окуялардын абдан логикалуу уланып жатышы сыяктуу себептер болсо керек. Бирок булардын баары –китепти кармаган колуңуз, барактап жаткан китебиңиз, айланаңыздагы буюмдар, бөлмөнүн ичиндеги көрүнүшүңүз- бул сиз мээңизде көргөн копиялар. «Азыр ойгоосузбу, же түш көрүп жатасызбы?» деген бир суроого «албетте, ойгоомун» деп жооп бересиз. Балким бул суроону түшүңүздө да көп жолу сурагандырсыз. Бирок бул суроого түшүңүздө берген –ойгоомун деген- жообуңуздун ойгонгон соң туура эмес экенин көргөн болушуңуз керек. Азыр да ушундай жаңылууга түшүп жаткан болушуңуз мүмкүн эмеспи? Азыр да түш көрүп жатпаганыңызга, ал тургай, бүт жашооңуздун түш эмес экенине ким кепилдик бере алат? Мына ушул себептерден улам өзүңүз жашап жаткан дүйнөнү чындык деп кантип так айта аласыз?

Китептин эмки бөлүмдөрүндө бул дүйнөнү чындык деп толук ишенүүгө эч мүмкүн эмес экенин көрсөткөн илимий чындыктар орун алган тасма бөлүмдөрүн жана булар жөнүндөгү көптөгөн китептерибиздеги түшүндүрмөлөрдү окуй аласыз.

## БУЛ ТЕМАНЫН МААНИЛҮҮЛҮГҮН МАТЕРИАЛИСТТЕРДИН ТЫНЧСЫЗДАНУУСУНАН ТҮШҮНӨ АЛАСЫЗ!

Көңүл бурулган болсо, учурда заттын чыныгы жүзү жөнүндөгү жоромолдордон абдан тынчсызданганда материалисттер болууда. Материалисттер абдан көп сөз болуп жаткан «жашап жаткан дүйнөбүз түшүбүздөгү сыяктуу элес болушу мүмкүн» деген темага каршы өз ойлорунда маани бербеген сыяктуу болушуп; «өзүңөрдү идеализмдин пропагандаларына алдырбагыла, материализмге болгон бекемдигиңерди коргогула» дешүүдө. Бирок мындай реакциянын түпкүрүндө алардын бул тема жөнүндө сөз болушунан тынчсызданышы турат.

Бул адамдардын кеңеши болсо аларга Россиядагы кандуу коммунисттик төңкөрүштүн лидери Владимир И. Ленинден мураска калган. Ленин бир кылым мурда жазган Материализм жана ампириокритицизм аттуу китебинде төмөнкүдөй сөздөр орун алган:

Сезимдерибиз менен кабылдаган заттык чындыкты бир жолу эстедиңби, шектенүүгө (агностицизм) жана субъективдүүлүккө жылгандыктан, фидеизмге (диний ишенимге) каршы колдоно турган бардык куралдарыңды жоготосуң; бул болсо фидеизмдин каалаган нерсеси. **Манжаңды алдырдыңбы, алгач колуң, анан өзүң кетесиң.** Сезимдерди заттык дүйнөнүн бир көрүнүшү катары эмес, атайын бир мүчө катары алганда, башкача айтканда, материализмден орун бергениңде, өзүңдү (өздүгүңдү) фидеизмге алдырасың. Кийин сезимдер эч кимдин сезимдери болот, акыл эч кимдин акылы, рух эч кимдин руху, каалоо эч кимдин каалоосу болот.

Бул сөздөр Ленин чоң бир коркуу менен байкаган жана өзүнүн да башка «жолдошторунун» да мээсинен өчүргүсү келген чындыктын материалисттерди канчалык тынчсыздандыраарын көрсөтүүдө. Бирок учурдагы материалисттер Лениден да көбүрөөк тынчсызданышууда; себеби бул чындык мындан 100 жыл мурункуга караганда бир топ ачык, так жана күчтүү далилдер менен ортого койулууда. Бул тема бүт дүйнө тарыхында биринчи жолу ушунчалык далилдүү баяндалууда.

Материалисттердин «эч бул тема жөнүндө ойлоно көрбөгүлө, болбосо материализмди жоготосуңар жана өзүңөрдү динге алдырасыңар» деген сымал эскертүүлөрү заттын маңызы жөнүндөгү чындыктардын материалисттик философияны тамырынан жыгып, эч бир талашып-талкуулоо мүмкүнчүлүгүн калтырбай коюшунда. Материалисттер эч ойлонбостон, далилсиз ишенген, бел байлаган заттык (материалдык) дүйнөнүн жок экенин көрүүнүн натыйжасында кабылган тынчсыздануулорынан улам «материалист болгудай заттын оригиналын көрүп, кармоо мүмкүнчүлүгүбүз жок го» деген чындыкты кабыл ала албай жатышат.

Илимпоз Lincoln Barnett (Линкольн Барнетт) бул теманы «сезип койуунун» эле материалисттик илимпоздорду канчалык коркуу жана тынчсыздануусуна себеп болоорун мындайча баяндоодо:

Философтор бардык заттык чындыктарды элестердин бир көлөкө дүйнөсү абалына алып келип жатышканда, илимпоздор адам сезимдеринин чектерин коркуу жана кооптонуу менен сезишти. (Lincoln Barnett, "Evren ve Einstein", Varlık Yayınları, 1980, s. 17-18)

Өлкөбүздө жана бүт дүйнөдө бул темага жолуккан ар бир материалистте мындай «коркуу жана тынчсыздануу» абдан күчтүү байкалууда.

Бирок 21-кылым бул чындык бүт адамдар арасында жайыла турган, материализм болсо жер бетинен өчө турган тарыхый бир бурулуш болот. Бул чындыкты байкай алган адамдардын өтмүштө эмнеге ишенгени, эмнени эмне үчүн жактаганы эч маанилүү эмес. Эң негизгиси – чындыкты көргөн соң ага каршы тирешпөө, өлгөндө ансыз деле апачык түшүнүлө турган бул чындыкты кеч боло электе түшүнүү.

**Жок, Биз чындыкты батылдын (жалгандын) үстүнө таштайбыз, ал (чындык) анын (батылдын) мээсин талкалайт. Бир карасаң, ал жок болуп кеткен болот. (Аллахка карата) Мындай сыпаттаганыңар үчүн силерге азап болсун. (Анбия Сүрөсү, 18)**

# МАТРИЦА
# (THE MATRIX)

Өткөн жылдары –кийинчерээк экинчи бөлүгү менен бирге- эң көп көрүлгөн жана жактырылган кинотасмалардын бири болгон Матрицада (The Matrix) жасалма мээ (artificial intelligence) деп аталган машиналардын дүйнөнү басып алганы жана адамзатты энергия булагы катары гана колдонуп, адамдарга элестүү бир дүйнөнү жашатып жатканы сценарийлештирилген. Андан соң экинчисинин жарык көрүшү менен бирге көптөгөн адамдар тарабынан көрүлгөн «Матрица» - бул виртуалдык реалдуулукту жасаган бир компьютер программасынын абдан өнүккөн бир түрүнүн аты.

«Нео» аттуу тасманын башка каарманы – бул системанын ичинде, чоң бир программа жазуу фирмасынын бир компьютер программисти. Жашаган жерин жана 20-кылымдын акыркы жылдарында өтүп жаткан өмүрүн чындык деп ойлоодо. Чынында болсо чыныгы денеси 2199-жылдарда ичи суюктук менен толтурулган, сырты бир кабык менен оролгон капсулага окшош бир жерде турган болот. Ал жерде ага эмне көрсөтүлсө ошону көрүп, эмне сездирилсе ошону сезип, жашап жаткан болот. Чындыгында денеси такыр башка бир чөйрөдө жана убакытта болгонуна карабастан, өзүн шаардагы көп адамдар арасында жумушуна барып келген, компьютер программасын түзүү менен алектенген бир адаммын деп ойлоодо. Кыскача айтканда, «Матрица» деп аталган жасалма бир дүйнөдө өзүн чыныгы бир жашоодо жашап жатам деп ойлоп жаткан болот.

Чындыктарды –Неонун элестүү (жасалма) бир дүйнөдө жашап жатканын- билген «Морфиус» аттуу каарман тасма бою Неого чындыктарды айтып берүүдө. Мисалы, ага ушуга чейин көргөн, уккан, жыттаган, даамын сезген, денеси менен сезген нерселеринин материалдык бир реалдуулугу жок экенин; булардын ага мээсинин ичинде көрсөтүлгөн элестүү сүрөттөлүштөр экенин далилдери менен түшүндүрүп берүүдө. Эмки бөлүмдөрдө тасманын каармандарынын бул жөнүндөгү маектеринен мисалдар берилет.

## Виртуалдык реалдуулук жана электрдик сигналдардан турган дүйнө

Учурдагы технологиянын өнүгүшү урматында «сырткы дүйнө» же «зат» болбостон туруп, кабылдоолордун чындыктай сезилиши мүмкүн экени жөнүндө көптөгөн мисалдар алынды. Өзгөчө акыркы жылдары абдан өнүккөн «виртуалдык реалдуулук» түшүнүгү бул багытта абдан ынандыраарлык далилдерди берүүдө.

Виртуалдык (санариптик) реалдуулук – бул бир сөз менен айтканда, компьютерде жасалган үч өлчөмдүү сүрөттөлүштөрдүн кээ бир каражаттардын жардамы менен адамдарга «чыныгы бир дүйнө» сыяктуу көрсөтүлүшү. Учурда көп тармактарда ар кандай максатта колдонулуп жаткан бул технология, ушул себептен, «жасалма реалдуулук», «виртуалдык дүйнөлөр», «виртуалдык чөйрөлөр» сыяктуу аттар менен да аталууда. Виртуалдык реалдуулуктун эң маанилүү өзгөчөлүгү – бул атайын каражаттарды

колдонгон бир адамдын көргөн сүрөттөлүштү чындык деп ойлоп, алданышы. Ушул себептен, акыркы жылдары виртуалдык реалдуулук сөзүнүн англис тилиндеги аталышынын башына «immersive» сөзү да кошулуп айтылууда жана бул сөздүн мааниси – «кирип кетүү, өзүн алдыруу» (Immersive Virtual Reality: өзүңдү алдыруучу виртуалдык реалдуулук).

Виртуалдуу дүйнөнү жасоо үчүн керектүү болгон каражаттарда колдонулган система беш сезимибизге тиешелүү болгон системанын дал өзүндөй. Мисалы, колдонгон адамдын колуна кийген мээлейдин ичиндеги механизмдин таасири менен манжасынын учтарына кээ бир сигналдар берилет жана бул сигналдар мээге жиберилет. Мээ бул сигналдарды жоромолдогондо, бул адам, жок эле бир жибек кездемеге же бети одур-бодурлуу сүрөтү бар бир вазага тийген сыяктуу сезимге кабылууда.

Виртуалдык реалдуулук колдонулуп баштаган маанилүү тармактардын бири – бул медицина. Мичиган университетинде иштеп чыгылган бир ыкма менен келечектеги докторлор жана өзгөчө тез жардам кызматкерлери жасалма бир операция чөйрөсүндө билим алышууда. Бул тажрыйбада бир бөлмөнүн таманына жана дубалдарына операция бөлмөсүнө тиешелүү сүрөттөлүштөр, бөлмөнүн ортосуна болсо бир операция столу жана бир «оорулуунун» сүрөттөлүшү чагылдырылууда. Келечектеги докторлор болсо үч өлчөмдүү көз айнектерин тагып, бул санариптик оорулууга операция жасоону башташууда. Сүрөттөрдө да көрүнгөндөй, бул сүрөттү көргөн бир адам кайсынысынын чыныгы, кайсынысынын санариптик экенин айырмалай албайт.

Матрица аттуу тасмада да тасманын эки каарманына бир креслодо чалкалап жаткан абалында нерв системаларына бир компьютер туташтырылганда, өздөрүн такыр башка бир жерлерде көрүшүүдө. Бир кадрда чыгыш спорттору менен машыгып жатканын, башка бир кадрда болсо өздөрүн такыр башка бир кийимдерди кийип, көчө толгон адамдардын арасында басып бараткантын көрүшүүдө. Тасманын каарманы Нео көрүп жаткандарынын реалдуулугун көрүп, булардын бир компьютер тарабынан жасалган сүрөттөлүштөр экенине ишене албаганын айтканда болсо, компьютердеги сүрөттөлүш токтотулуп коюлууда жана бул адам чындык деп ойлогон дүйнөнүн чындыгында бир сүрөттөлүш экенине ишенүүдө.

Тасманын бир сахнасында чындыгында башына кабельдер туташтырылган абалда, жаман кийимдерди кийип, абдан эски бир креслодо жаткан Нео компьютер программасы жүктөлгөн соң өзүн такыр башка кийим кийген абалда, башка бир жерде көрүүдө. Жаман көрүнүштөгү кийимдери өзгөрүп, чачы өсүп калган. Симуляция чөйрөсүндө чыныгы абалынан такыр башка бир көрүнүштө болуп калган болот.

Морфиус : Бул биздин жүктөө программабыз. Бүт нерсени жүктөй алабыз. Кийим, каражаттар, курал-жарак, окутуу симуляцияларын, муктаж болгон бүт нерсебизди.

Нео : Азыр бир компьютер программасынын ичиндебизби?

Морфиус : Буга ишенүү өтө кыйынбы? Кийимдериң башка. Колдоруңдагы жана башыңдагы туташуулар жоголуптур. Чачың өзгөрүптүр. Азыркы көрүнүшүң убактылуу бир өздүк көрүнүшүң. Виртуалдык өздүгүңдүн мээдеги бир чагылуусу.

Сөздөрүнөн көрүнүп тургандай, тасмадагы Нео аттуу каарман көргөндөрүнүн элес деп айтууга эч мүмкүн болбогондой реалдуу болушунан улам чындыкты кабыл алгысы келбей жаткан болот. Андан соң чындыктарды билген Морфиус экөө арасында мындай бир маек болот:

Нео : Бул чындык эмеспи? (креслону көрсөтүп)

Морфиус : Чындык деген эмне? Чындыкка кандай аныктама бересиң? Эгер сезгендериң, жыттап, даамын сезип, көрө алган нерселериң жөнүндө айтып жатсаң, анда чындык – мээге жөнөтүлгөн электрдик сигналдардын жоромолдонушу.

Морфиус аттуу билерман киши тарабынан Неого чындык деп ойлогон дүйнөнүн чындыгында симуляция гана экени көрсөтүлөт. Бул бүт көргөн нерселерине тиешелүү. Автоунаалар, шаардагы ар түрдүү үндөр, жол, бийик имараттар, океан, адамдар, кыскача айтканда, бүт нерсенин баары компьютер программасы аркылуу мээде пайда кылынган сүрөттөлүштөр гана. Көңүл бурулган болсо, Морфиус аттуу каарман жогорудагы сөздөрүндө чындык деп кабыл алынган кабылдоолордун мээге жиберилген электрдик сигналдардын жоромолу экенин илимий тараптан айтып берүүдө.

Бул жөнүндө китептерибизде орун алган түшүрдүрмөлөрдүн кээ бирлери төмөнкүдөй:

Биз жашап жаткан дүйнө жөнүндөгү бүт маалыматтар бизге беш сезимибиз аркылуу келет. Б.а. биз көзүбүз көргөн, колубуз тийген, мурдубуз жыттаган, тилибиз даамдаган, кулагыбыз уккан бир дүйнөнү тааныйбыз. Төрөлгөндөн бери ушул сезүү органдарынан көз-каранды болгондуктан, «сырткы дүйнөнүн» сезүү органдарыбыз бизге тааныткандан башкача болушу мүмкүн экенин эч ойлогон эмес болушубуз керек.

Чындыгында болсо, учурда көптөгөн илим тармагындагы изилдөөлөр такыр башка бир түшүнүктү алып келип, сезүү органдарыбыз жана сезген дүйнөбүз жөнүндө олуттуу шектенүүлөрдүн пайда болушуна себеп болду.

Мындай жаңы түшүнүктүн чыгуу чекити болсо төмөнкүдөй: биз «сырткы дүйнө» катары кабылдаган нерселерибиз – электрдик сигналдардын мээдеги таасирлери гана. Алманын кызылдыгы, тактайдын катуулугу, ал тургай, апаңыз, атаңыз, үй-бүлөңүз, бүт мал-мүлкүңүз, үйүңүз, жумушуңуз жана бул китептин саптары – болгону мээңиздеги электрдик сигналдар гана. (*Evrim Aldatmacası (Эволюция калпы),* II. baskı, s. 198)

Биз «көрүп жатабыз» дегенде, чындыгында көзүбүзгө келген сигналдардын электрдик сигналга айланып мээбизде пайда кылган «таасирин» көрөбүз. Б.а. **«көрүп жатам» дегенибизде, чындыгында мээбиздеги электрдик сигналдарды көрөбүз.** Өмүр бою көргөн нерселерибиздин баары бир канча см кубдук көрүү борборунда пайда болот. Окуп жаткан бул саптарыңыз да, алдыңызды караганда көргөн учу-кыйырсыз пейзаж да ушул кичинекей жерде пайда болууда. (*Evrim Aldatmacası (Эволюция калпы),* II. baskı, s. 200)

Биз **көргөн, тийген, уккан жана «зат», «дүйнө» же «аалам» деп атаган түшүнүктөр – болгону мээбизде пайда болгон электрдик сигналдар гана.** (*Evrim Aldatmacası (Эволюция калпы),* II. baskı, s. 203)

Бул жерде дагы бир таң калыштуу чындыкка кезигебиз: мээбизде чындыгында түстөр да, үндөр да, сүрөттөлүштөр да жок. **Мээбизден бир гана электрдик сигналдарды таба алабыз.** Бул философиялык бир көз-караш эмес, сезүү органдарыбыздын (кабылдоолорубуздун) иштеши жөнүндөгү илимий түшүндүрмө. (*Hayalin Diğer Adı: Madde (Элестин башка бир аты: зат)*, s. 16)

Көрүү кубулушу абдан көп баскычта ишке ашат. Көрүү учурунда кандайдыр бир заттан келген жарык бөлүкчөлөрү (фотондор) көздүн алдыңкы тарабындагы линзанын ичинен сынуу менен өтөт жана көздүн арткы тарабындагы торчого тескери абалда түшөт. Ал жердеги клеткалар тарабынан электрдик сигналга айландырылган көрүү импульстары нервдер аркылуу мээнин арткы тарабындагы көрүү

борбору деп аталган кичинекей бир аймакка жетишет. Бул **электрдик сигнал бир катар процесстен соң мээдеги бул борбордо сүрөттөлүш катары кабылданат.** Б.а. көрүү кубулушу чындыгында мээнин арткы тарабындагы кичинекей, жарык эч кире албаган, капкараңгы бир чекитте ишке ашат. (*Evrim Aldatmacası (Эволюция калпы),* II. baskı, s. 199-200)

Көрүнүп тургандай, Матрица тасмасындагы тема китептерибизде айтылган илимий чындыкка абдан окшошот. Тасмадагы маектерде да, жогорудагы китептерден алынган сүйлөмдөрдө да айтылгандай, биз мээбизде көрсөтүлгөн сүрөттөлүштөрдү гана көрөбүз. Канчалык чындыктай көрүнсө да, бүт кабылдоолорубуз – бул мээбиздин жоромолдору гана. Ошондуктан, биз көргөн, өзүбүз да анын бир бөлүгү болгон сүрөттөлүштөрдүн жасалма сигналдар менен жасалып, жасалбаганын эч качан так айта албайбыз. Башкача айтканда, чындык менен элестин арасындагы айырманы эч айта албайбыз.

Эми бул теманы тасмадан бөлүмдөргө орун берүү менен дагы тереңирээк карайлы.

## Элестер менен чындыктардын арасындагы окшоштук

Кинотасмадан алынган кадрлардан көрүнүп тургандай, тасманын каарманы Неого чындыктарды көрсөткөн Морфиус анын бир элестүү дүйнөдө жашаганын жана башынан өткөрүп жаткандарын чындык деп ойлогонун эми телевизордо көрсөткөн сүрөттөлүштөр аркылуу айтып берүүдө. Нео матрицанын ичинде көргөн бийик имараттар, автоунаалар, заманбап көрүнүш жана башка детальдардын баары мээсинде ага көрсөтүлгөн кабылдоолор (сүрөттөлүштөр) гана. Дүйнөнүн ошол учурдагы чыныгы абалы болсо такыр башкача; талкаланып, кыйраган бир планета. Бирок Нео ага айтып берилгенге чейин дайыма чыныгы бир дүйнөдө жашап жатам деп ойлогон жана жашоосунун чындык экендиги жөнүндө эч күмөндө болбостон, бул элестүү дүйнөгө алдануу менен көп жылдар бою жашаган.

Морфиус : Бул сен билген дүйнө - 20-кылымдын аягындагы дүйнө. Учурда болгону мээге таасир берген бир симуляциянын бөлүгү. Муну «Матрица» деп атайбыз. Бир элес (жасалма) дүйнөсүндө жашап жаткан элең. Бул учурдагы абалы менен чыныгы дүйнө... Чындыктын чөлүнө кош келдиң...

Тасманын бул кадрлары менен байланыштуу китептерибизде мурда айтылган жоромолдордун кээ бирлери төмөнкүдөй:

... «Сырткы дүйнөгө» эч качан жете албайбыз, демек бул дүйнөнүн чындап бар экенин кантип биле алабыз?

Албетте, биле албайбыз. Тескерисинче, бүт нерселердин баары болгону кабылдоолордун жыйындысы гана болгондуктан, кабылдоолор болсо мээде гана болгондуктан, биз үчүн бар болгон – бул кабылдоолор (элестер) дүйнөсү. Биз тааныган жалгыз дүйнө - бул мээбиздин ичиндеги, ал жерде тартылган, үн кошулган жана түркүн түстүү кылынган, кыскача айтканда, мээбизде пайда болгон бир дүйнө, жана биз бар деп так айта алган жалгыз дүйнө да мына ушул.

**Мээбизде көрүп жаткан сүрөттөлүштөрдүн материалдык (заттык) бир оригиналынын бар экенин болсо эч качан далилдей албайбыз. Бул кабылдоолор (сүрөттөлүш ж.б.лар) «жасалма» бир булактан келип жаткан болушу да ыктымал.**

Муну мындай бир мисал менен элестетүүгө болот:

Алгач мээңизди денеңизден сыртка чыгарып, айнек бир идиштин ичинде жасалма жол менен жашата алдык деп элестетели. Анан мунун жанына ар түрдүү электрдик сигнал өндүрө алчу бир компьютерди койолу. Анан кандайдыр бир жерге тиешелүү сүрөттөлүш, үн, жыт сыяктуу маалыматтарды жасалма жол менен бул компьютерде өндүрүп, бул жерде сакталган сигналдарды мээңизге жөнөтөлү. Бул сигналдарды кабылдоону уланткан сайын мээңиз (башкача айтканда «сиз») бул сигналдарга тиешелүү жерди көрүп, жашай берет.

Бул компьютерден мээңизге сизге тиешелүү электрдик сигналдарды да жөнөтө алабыз. Мисалы, бир столдо отурганда, сиз кабылдаган бардык көрүү, угуу, тийүү сыяктуу сезимдерге тиешелүү электрдик сигналдарды мээңизге жөнөткөнүбүздө, мээңиз өзүн бөлмөсүндө отурган бир ишкер элестетет.

Компьютерден келген сигналдар уланып турса эле, бул элестүү дүйнө да улана берет. Болгону бир мээ гана экенин болсо эч качан түшүнбөйт. Себеби мээнин ичинде бир дүйнө пайда болушу үчүн мээдеги тиешелүү борборлорго керектүү сигналдардын жетиши жетиштүү. Бул сигналдар жасалма бир булактан, мисалы, бир эске сактоочу каражаттан же башкача бир булактан келип жаткан болушу мүмкүн. (*Evrim Aldatmacası (Эволюция калпы),* II. baskı, s. 206-207)

## Кабылдоолорубуздун чындыктай туюлушу сырткы дүйнөдө заттык бир оригиналы бар экенин далилдебейт

Кабылдоолорубуздун (мээбиздин сыртында) заттык бир оригиналы бар экенин эч качан далилдей албайбыз. Себеби мээбизде кабылдоолор пайда болушу үчүн сырткы дүйнөгө муктаждык жок. Учурда – китептин башында да айтылгандай- симуляторлор сыяктуу көптөгөн технологиялык жетишкендиктер бул чындыктын эң маанилүү далилдери. Тасманын каарманы Неого да үйрөнүү максатында кирген симуляция чөйрөсү чындыктай туюлууда. Натыйжада мушташуу учурунда ийгиликке жетүү үчүн булчуң күчтүү болушу керек, жана ал чөйрөдө чындап эле абадан дем алып жашап жатамын деп ойлоодо. Чындыгында болсо чыныгы денеси бир креслодо компьютер системасына туташкан абалда жаткан болот.

Тэнк : Мушташты үйрөнүү жөнүндө кандай дейсиң?

Нео : «Джиу-джитсу». Джиу-джитсу үйрөнөмүнбү?

Жүктөлүп бүткөн соң...

Нео : Кунгфу билемин.

Морфиус : Мага көрсөт.

Морфиус : Бул бир мушташ программасы. Матрицанын программаланган чындыгына окшош. Ошондой негизги эрежелери бар. Жердин тартылуу күчү сыяктуу. Бул эрежелер бир компьютер системасынын эрежелеринен айырмасыз. Кээ бир эрежелер өзгөрүшү мүмкүн. Кээ бирлерин бузууга болот.

Учурда да тасмадагыга окшош бир технология колдонулуу менен адамдарга ар башка жерлерде жашаган сыяктуу сезим берилүүдө. Жана бул адамдар көргөн, уккан, кылган нерселерине чындык

сыяктуу реакция беришүүдө. Кээде бир бөлмөдөй чоңдуктагы бир имараттын бүт дубалдарына жана таманына стерео сүрөттөлүштөр чагылдырылып, бул бөлмөгө кирген адамдар кийген стерео көз айнектер менен бөлмөнү кыдырып, өздөрүн такыр башка жерлерде, мисалы, бир шаркыратманын жээгинде, бир тоонун чокусунда, деңиздин ортосундагы бир кеменин бортунда көрө алышат. Башка кийилген каскалар үч өлчөмдүү, перспектива жана мейкиндик сезимин берген сүрөттөлүштөрдү пайда кылышат. Сүрөттөлүштөр адамдын боюна жараша берилет жана мээлей сыяктуу кээ бир каражаттар аркылуу тийүү сезими камсыз кылынат. Ошентип бул каражаттарды колдонгон адам көргөн виртуалдык дүйнөдөгү буюмдарга тийе алат, аларды ордунан жылдыра алат. Бул жерлерде адам көргөн сүрөттөлүштөгү үндөр да абдан чындыкка окшош. Үн ар тараптан, ар кандай перспективага жараша бериле алат. Кээде дүйнөнүн ар кайсы тарабындагы бир канча адамга бир эле виртуалдык чөйрө көрсөтүлөт. Ушундайча, мисалы дүйнөнүн ар кайсы өлкөлөрүнөн, ал тургай, ар кайсы материктен үч адам өздөрүн беркилер менен бирге ылдам жүргөн бир унааны айдап бараткандай же чогулуштан соң ойлорун айтып, маектешип жаткан абалда көрө алышат.

Бул мисалдар биз өзүбүздү бир жерде көрө алышыбыз үчүн сырткы дүйнөнүн бар болушунун шарт эмес экенин көрсөтүүдө. Биз дүйнө жөнүндө кабылдаган сезимдер, сүрөттөлүштөр, даамдар жана жыттардын баары жасалма бир булактан келсе да, чындап бар болсо да, биз буларды бир-биринен айырмалай албайбыз. Биз кандай болгондо да, баары бир мээбиздин ичинде гана жашайбыз жана сырттагы заттын оригиналына эч жете албайбыз.

## Сүрөттөлүштөгү сапат, детальдардын көптүгү сизди жаңылтпасын!

Тасманын башка бир сахнасында болсо симуляция чөйрөсүндө Неого Матрица аттуу виртуалдык дүйнө тааныштырылат. Бүт нерсе чындыкка абдан окшош. Нео көчөдө бараткан адамдардын светофорлордо токтогонун, анан жашыл жанганда болсо басышын улантканын көрөт. Ал тургай, көпчүлүктүн арасынан бирөөнүн анын мүрүнөн түртүп кеткенин, денесинин чайпалганын сезет.

Морфиус : Матрица бир система, Нео... Ичинде, айлананы караганыңда эмне көрүп жатасың? Бизнесмендер, мугалимдер, адвокаттар, жыгач усталар. Куткарууга аракет кылган адамдардын мээлери. Аларды куткарганга чейин системанын бир бөлүгү бойдон кала беришет... Түшүнүшүң керек, бул адамдардын көпчүлүгү системадан чыгууга даяр эмес. Араларынан көпчүлүгү системага ушунчалык үмүтсүздүк менен көз-каранды болгондуктан, аны коргоо үчүн согушушат...

Нео чөйрөнү чындыктай кабыл алып, айлананы каранып жатканда, Морфиус «токтот» буйругун берет жана бир заматта айланасындагы сүрөттөлүш катып, токтоп калат. Адамдар кандай абалда болсо, дал ошол абалында катып калышат, бассейндин агып жаткан суусу токтойт, канаттуу асманда турган жеринде катып калат. Бул сүрөттөлүштүн ичинде бир гана Морфиус менен Нео маектерин улантышат. Нео абдан таң калат, ошондо гана айланасындагы бүт нерсенин ал жашап жаткан элестердин бир бөлүгү экенин, чындыгында жок экенин жакшыраак түшүнөт.

Морфиус : Токтот.

Нео : Бул матрица эмеспи?

Морфиус : Сага бир нерсе үйрөтүү үчүн даярдалган бир программа.

Бул тасмадагы окуялардын адам жашоосунда да ушул сыяктуу эмес экенин далилдөө мүмкүн эмес. Бир адам канчалык ынандыраарлык детальдарга толгон бир жерде болсо да, буларды мээсинде гана жашап жатат. Өзүнүн сыртында бул окуялардын, жерлердин, адамдардын оригиналдары бар болсо да, аларга жете албайт. Муну түшүндүргөн түшүндүрмөлөрүбүздүн кээ бирлери төмөнкүдөй:

Адам бир экран сыяктуу жерде 3 өлчөмдүү, туптунук, абдан реалдуу бир тасма көрүүдө. Бул экранга жабышып тургандай абалда болгондуктан, кадрлардан (тасмадан) бери чыгып, өзүнүн абалын көрө албайт. (*Sonsuzluk Başlamış Durumda (Түбөлүк жашоо башталды)*, s. 43)

... заттар дүйнөсү болсо да, болбосо да, адам мээсиндеги элестер дүйнөсүн гана көрөт. Заттардын оригиналына эч качан кезиге албайт. Болгондо да, ар бир адамга копиясын көрүп жатканы жетиштүү. Мисалы, түркүн түстүү гүлдөргө толгон бир бакчаны кыдырган бир адам чындыгында бул бакчанын оригиналын эмес, мээсиндеги копиясын көрөт. Бирок бул бакча ушунчалык реалдуу болгондуктан, ар бир адам мээсинде пайда болгон бакчадан чыныгы бир бакча сыяктуу ырахат алат. Ал тургай, ушул күнгө чейин миллиарддаган адам ушул бакча сыяктуу, көргөн бүт нерселеринин оригиналын көрүп жатам деп ойлогон... (*Hayalin Diğer Adı: Madde (Элестин башка бир аты: зат)*, s. 48)

Аллах кемчиликсиз жана сансыз көп детальдарга ээ болгон ааламды дайыма, эч кемчиликсиз жаратууда. Болгондо да бул жаратуу ушунчалык кемчиликсиз болгондуктан, жер бетинде ушул күнгө чейин жашап өткөн миллиарддаган адамдар бул ааламдын жана көргөн бардык нерселеринин элес экенин түшүнө алышкан эмес жана дайыма заттын өзүн (оригиналын) көрүп, кармап жатабыз деп ойлошкон. (*Hayalin Diğer Adı: Madde (Элестин башка бир аты: зат)*, s. 91)

Кээ бир адамдардын чоң жолдон бат өткөн бир автобусту же бул автобус себеп болгон бир кырсыкты заттын материалдык оригиналын көрүп, ага тийип жаткандыгыбыздын апачык бир далили деп ойлошунун себеби – бул сүрөттөлүштүн адамды жаңылта турганчалык реалдуу көрүнүшү жана сезилишинде. Сүрөттөлүштөгү, мисалы, чоң жолдогу терендик жана перспективанын кемчиликсиздиги, ал сүрөттөлүштө (б.а. бир чөйрөдө) көрүнгөн заттардын түс, форма, көлөкө жагынан кемчиликсиздиги, үн, жыт жана катуулук сезимдеринин абдан даана болушу жана сүрөттөлүштүн («жашоо тасмасынын») ичинде бир логикалык бүтүндүктүн болушу кээ бир адамдарды жаңылтууда. Жана кээ бир адамдар ушулардын натыйжасында алардын элес экенин унутуп коюшууда. Бирок мээде пайда болгон элестер канчалык кемчиликсиз болбосун, баары бир алар элес бойдон кала берет. (*Hayalin Diğer Adı: Madde (Элестин башка бир аты: зат)*, s. 178-179)

## Физика мыйзамдары да кабылдоолорубуздун (мээбиздин) бир жоромолу

Морфиус Нео заттын чыныгы жүзү жөнүндөгү чындыктарды түшүнүшү үчүн көптөгөн ыкманы колдонуп көрөт жана ага көп далилдерди берет. Мурдакы бөлүмдө үйрөтүүнүн бир бөлүгү катары Матрица аттуу системасынын бир копиясында сүрөттөлүштүн катытып коюлганын, ушундайча чындыктай көрүнгөн бүт нерсенин чындыгында виртуалдык бир реалдуулук экенин көрсөткөнүн айттык эле. Неонун ал жердеги таалими төмөнкүдөй маек менен уланат:

Нео : Алар эмне?

Морфиус : Сезимдик программалар. Системадан көз-каранды абалда ар түрдүү программага кирип, чыга алышат. Системадан чыгарбагандарыбыздын баары потенциалдуу бир агент. Матрицанын ичинде дээрлик баары бир агент же эмес. Алардан жашынуу менен жана качуу менен жашап келдик, бирок алар эшик кароолдору. Бүт эшиктерди ээлешкен. Ачкычтар аларда. Эртеби, кечпи бирөө алар менен согушушу керек.

Нео : Бирөөбү?

Морфиус : Сага калп айтпайм. Бир агентке каршы чыгып, аны менен согушкандардын баары каза болушту. Алардын колунан келбегенди сен жасайсың.

Нео : Эмнеге?

Морфиус : Бир дубалдын ичинен муштум урган агенттерди көрдүм. Адамдар аларга бир магазин ок коротушту; бирок абаны гана атышты. Күчтөрү жана ылдамдыктары эрежелерге таянган бир дүйнөгө көз-каранды. Ошондуктан сенчелик ылдам жана күчтүү боло алышпайт.

Нео : Эмне дегиң келип жатат? Окторду кармай аласың дейсиңби?

Морфиус : Жок Нео. Менин айтайын дегеним мындай: даяр болгонуңда мунун кажети болбойт.

Бул маектерде да Морфиус Неого физика эрежелери менен ойлонбошун кайра кайра айтууда. Матрица аттуу системада «агент» деп аталган коопсуздук кызматкерлери системадагы виртуалдык каармандардын денелерин колдонуу аркылуу бүт нерсени башкара алышууда. Бирок бул система мээлерге көрсөтүлгөн жасалма бир дүйнө болгондуктан, Неонун эч мүмкүн эместей көрүнгөн нерселерди да жасай алаары баяндалууда.

Кийинки сахналарда болсо тасмадагы каармандар керек болгондо адамзаттан жогору бир кубаттуулук көрсөтө алаары көрсөтүлөт. Муну абдан реалуу жашашат. Бирок бул чындыгында компьютер тарабынан мээде көрсөтүлгөн элестер гана. Тасманын каарманы Нео мындай толкундатуучу окуяларды жашап жатам деп ойлоп жатканда, чындыгында креслосунда гана отурган болот.

Ал эми, Морфиус болсо Неонун мээсин өмүр бою аң-сезимине сиңген ойлордон куткарууга – тасмадагы сөз менен айтканда мээсин эркин кылууга- аракет кылат. Ушул максатта эки каарман тең бир секирүү программасына туташышат. Ал жерде Морфиус бир-биринен алыс жана абдан бийик имараттар арасында учуп бараткандай болуп секирет жана Нео мээсин эркин кылганда (б.а. аң-сезимин тазалаганда) муну кыла алаарын айтат. Бирок Нео бир компьютер программасында экенин билсе да, өзүн физика эрежелеринен көз-карандысыз кылып ойлоно албайт. Башкача айтканда, реалдуу болбогон бир чөйрөгө абдан маани берип, секиргенде кулайм деп коркот.

Көрсөтүлгөн кадрларда Нео бул чоң имараттар арасында секирем деп аракет кылып жатып, секире албайм деп корккондуктан, бетон жерге түшкөнүн көрөбүз.

Тасмада илимий фантастикалык элементтер бар болуу менен бирге, тасмадагы ишараттардын терең мааниси бар. Мисалы, заттын жана мейкиндиктин элес экенин түшүнгөн бир адам башка адамдар билбеген абдан маанилүү дагы бир сырды түшүнөт: дүйнөдөгү учурдагы себеп-натыйжа байланыштары заттын физикалык өзгөчөлүктөрү натыйжасында же адамдар арасындагы байланыштардын натыйжасында пайда болуп жаткан жок. Зат бир элес болгондуктан, физикалык таасири болушу мүмкүн эмес. Ар бир физикалык таасир өз-өзүнчө жаратылат. Мисалы, ыргытылган бир таш терезени

сындырбайт; таштын ыргытылышы менен терезенин сынуу сүрөттөлүштөрү өз-өзүнчө жаратылат. Кемелерди сууда сүздүргөн «суунун көтөрүү күчү» же канаттууларды асманда кармаган «абанын көтөрүү күчү» да элестер катары жаратылышат. Ошондуктан негизи ушул сыяктуу «күчтөрдүн» баары чындыгында буларды жараткан Аллахка тиешелүү.

Тасмада да бул чындыктарды түшүнгөн башкы каарман компьютерге туташкан бир креслодо жатып, Матрица деп аталган виртуалдык дүйнөгө киргенде, физика мыйзамдарынан тышкары кыймылдарды жасай алганын көрөт. Мисалы, кадрларда көрүнүп тургандай, өзүн октордон кача ала турганчалык ылдам кыймылдай алаарын көрүүдө. Болгондо да баары ушунчалык чындыктай болгондуктан, актер көзүн креслодо ачканда, дагы эле таң калып жаткан болот. Бул дагы бир дүйнөнү адамдарга жашатуу үчүн сырттагы чыныгы (реалдуу) заттарга муктаждык жок экендигинин абдан маанилүү бир далили.

Заттын чыныгы жүзүн түшүндүргөн эмгектерибизде бул жөнүндө да айтканбыз жана физика эреже, мыйзамдарынын да мээде пайда болоорун мындайча түшүндүргөнбүз:

Аллах биз жашаган сүрөттөлүштөрдү бизге бир себеп-натыйжа байланышы ичинде, кээ бир мыйзамдарга көз-каранды сыяктуу көрсөтөт. Мисалы, түн менен күндүз – биздин мээбизде пайда болгон сүрөттөлүштөр. Жана биз түн менен күндүздүн күнгө жана жердин кыймылдарына жараша алмашкан сыяктуу кабылдайбыз. Мисалы, мээбиздин ичиндеги сүрөттөлүштө күн төбөдө турганда, күн түш болду деп билебиз жана күн батып баратканда болсо айлананын караңгылап баратканына күбө болобуз. Аллах ааламга тиешелүү элестерди жаратканда, мындай себеп-натыйжа байланыштарын да бирге жараткан. Эч качан күн батканда, күндүз болбойт. (*Hayalin Diğer Adı: Madde (Элестин башка бир аты: зат),* s. 199)

Мээбиздин ичиндеги элесте колубуздан койо берген калемибиз дайыма жерге түшүүдө. Буга себеп болгон себеп-натыйжа байланышынын изилдениши натыйжасында «жердин тартылуу күчү мыйзамын» табабыз. Аллах рухубузга көрсөткөн сүрөттөлүштөрдү белгилүү себептерге жана мыйзамдарга көз-каранды сыяктуу көрсөтүүдө. Бул себептердин жана мыйзамдардын жаратылышынын бир себеби – бул жашоонун сыноо үчүн жаратылган болушу. (*Hayalin Diğer Adı: Madde (Элестин башка бир аты: зат),* s. 200)

Аллахтын бүт бул элестерди эч кандай мыйзамга жана себепке муктаж болбостон жаратууга күчү жетээрин унутпоо керек. Мисалы, Аллах бир урук болбостон, гүлдү жарата алат, булут болбостон жамгыр жаадыра алат же күн болбостон туруп көлөкөнү, түндү жана күндүздү жарата алат. Аллах Фуркан Сүрөсүнүн 45-45-аяттарында алгач көлөкөнү жаратkандыгын, андан соң күндү ага далил кылганын билдирүүдө. Түштөрүбүз бул жаратууну жакшыраак түшүнүүгө жардам берет. Түшүбүздө күндүн заттык бир оригиналы болбостон туруп, күндөн келген нурду, ысыкты, жарыкты чыныгы жашоодогу сыяктуу сезебиз. Бул тараптан караганда, түштөр – Аллахтын күн болбостон туруп күнгө тиешелүү сезимдерди мээбизде жарата алышынын көрсөткүчтөрүнүн бири. Бирок Аллах Өзү жараткан сыноо чөйрөсүндө адамдар үчүн бүт нерсенин бир себебин да жараткан. Күндүздүн себеби – күн, жамгырдын себеби болсо – булут. Булардын баары мээбизде Аллах өз-өзүнчө жараткан сүрөттөлүштөр. Бир себептин натыйжадан мурун жаратылышы аркылуу Аллах бул сыноо чөйрөсүндө «бүт нерсе белгилүү мыйзамдар менен иштейт» деп ойлошубузга жана натыйжада илимий изилдөөлөр жасашыбызга шарт түзүүдө. (*Hayalin Diğer Adı: Madde (Элестин башка бир аты: зат),* s. 202-203)

Аллах жараткан сүрөттөлүштөрүн белгилүү себептерден көз-каранды сыяктуу көрсөтөт. Мисалы, бир алма бутагынан үзүлгөндө, дайыма жерге түшөт, эч качан асманга көтөрүлүп кетпейт же абада туруп калбайт. Аллах жараткан бул себептердин жана мыйзамдардын изилдениши болсо илимдин темаларын түзөт... (*Hayalin Diğer Adı: Madde (Элестин башка бир аты: зат),* s. 201)

Аллах себеп болбостон да натыйжаны жаратууга кудуреттүү. Мисалы, бир адамдын түшүндө күн жок болсо да, күндүн нурлары менен жылынганын сезиши – мунун бир далили. (*Hayalin Diğer Adı: Madde (Элестин башка бир аты: зат),* s. 202)

## Мээбиздин ичиндеги сүрөттөлүштөрдөн сыртка чыга албайбыз

Төрөлгөндөн бери беш сезимибизге көз-каранды болгондугубуз үчүн, «сырткы дүйнө» сезимдерибиз бизге тааныткандан башкача болушу мүмкүн экенин эч ойлонгон эместирбиз.

Адам өз жашоосу жөнүндө билгендеринин баары көзү менен көргөн, кулагы менен уккан, колу менен тийгендеринен, кыскача айтканда, сезүү органдары менен кабылдагандарынан турат. Б.а. адам дайыма өзүнүн «жеке дүйнөсүндө» жашайт. Космостогу жылдыздар, биз жашап жаткан дүйнө, дүйнөдөгү миллиарддаган адамдар, айланабызда көргөн жандыктардын баары, үйүбүз, үйүбүздүн ичиндеги буюмдарыбыз, азыр биз отурган кресло, колубуздагы китеп жана дагы миллиондогон детальдарга өмүрүбүздө миңдеген жолу кезиккен болушубуз керек. Бирок булардын баары биздин «жеке дүйнөбүзгө» тиешелүү сезимдер (элестер). Эч бир адам ушул күнгө чейин көрүп жаткан ушул дүйнөсүнүн сыртына чыга алган эмес. Адам эмне гана кылбасын, бүт жашоосунун жана денесинин бир элес экендиги, булардын оригиналдарын көрүп, аларга тийип, сезе албашы жөнүндөгү чындыкты өзгөртө албайт...

Тасмадагы кадрларда Неонун Матрицанын эмне экенин билүү максатындагы Морфиус менен болгон маеги көрсөтүлөт. Морфиус бул маек учурунда Неого Матрицанын эмне экенин сүрөттөп жатып, бул система жөнүндө «чындыкты көрүшүнө тоскоолдук кылган бир парда» деп айтат:

Морфиус : Эмне үчүн бул жерде экениңди айтып берейин. Бир нерсе билгениң үчүн ушул жердесиң. Билгениңди түшүндүрө албайсың. Бирок сезип жатасың. Өмүр бою сездиң. Дүйнөдө бир нерселер тескери болуп жатат. Эмне экенин түшүнө албайсың, бирок ал жерде мээңде сөңгөк сыяктуу тынчсыздандырган бир нерсе. Сени мага алып келген нерсе ушул сезим эле. Эмне жөнүндө сөз кылып жатканымды билесиңби?

Нео : Матрицабы?

Морфиус : Эмне экенин билгиң келеби? Матрица **бүт жерде. Айланабызда. Ушул учурда, ушул бөлмөдө. Терезеден сыртты карагаңында көрөсүң же телевизорду күйгүзгөнүңдө. Жумушка барганыңда сезесиң... Салык төлөп жатып. Чындыкты көрбөшүң үчүн дүйнө бир парда сыяктуу алдыңа тартылгандай.**

Тасманын каарманы Нео чындыкты билүү үчүн денеси турган капсуладан чыгарылып, ойготулганга чейин өзүнө көрсөтүлгөн элестүү дүйнөнү байкаган эмес. Себеби жашоосунун ар бир көз ирмеминде бул система менен абдан тыгыз байланышта жашаган жана айланасындагы бардык

адамдардан «бул жашоо чындык» деген сөздөрдү уккан. Ушул себептен Неонун ынандырылышы, ошол күнгө чейин чындык деп ойлоп өткөргөн өмүрүнүн бир элес гана экенин түшүнүшү убакыт алган.

Бул абал учурда заттын чыныгы жүзүн уккан бир катар адамдарга да тиешелүү. Зат чындап (абсолюттук мааниде) бар деп ойлогон жана көргөндөрүнүн сырткы дүйнөдөгү оригиналдарын көрүп жатам деп толук ишенген адамдар бир катар логикасыз каршы пикирлерди айтышууда. Бирок бул жерде айтылгандар, ким канчалык каршы чыкса да, бир физика мыйзамы же бир химия формуласы сыяктуу анык чындыктар.

Матрица тасмасынын жогорудагы кадрларына окшогон биздин түшүндүрмөлөрүбүздүн кээ бирлери мындай:

Дүйнөдөгү өмүрүбүздүн бир бөлүгү болгон бүт окуялар, адамдар, имараттар, шаарлар, автоунаалар, кызматтык даражалар, кыскача айтканда, өмүр бою көргөн, кармаган, тийген, жыттаган, даамын таткан, уккан нерселерибиздин баары чындыгында мээбизде пайда болгон сүрөттөлүш жана сезимдер (элестер).

Биз ар жактан уккандарыбыздын негизинде булар мээбиздин сыртындагы дүйнөдө дайыма турушат, ар бири бир материалдык зат деп ойлойбуз, жана ушул себептен заттардын, нерселердин оригиналдарын көрүп, сезип жатабыз деп ишенебиз. Чындыгында болсо, биз эч качан бир нерсенин оригиналын көрө албайбыз жана бул нерселердин оригиналдарына эч тийе албайбыз. Кыскача айтканда, биз өмүр бою зат деп ойлогон нерселердин баары чындыгында бир элес катары мээбизде пайда болгон сүрөттөлүштөрдөн турат. (*Hayalin Diğer Adı: Madde (Элестин башка бир аты: зат)*, s. 8)

Эгер жакшыраак ойлонсоңуз, көргөн, уккан, бир нерселерге тийген, ойлонгон жана ушул учурда бул китепти окуп жаткан акылдуу жандыктын болгону бир рух экенин жана бир парда бетинен «зат» деп аталган элестерди көрүп жатканын сезе аласыз. Муну түшүнгөн адам адамзаттын көпчүлүгүн алдаган заттык (материалдык) дүйнө чен-өлчөмүнөн алыстап, чыныгы бар болгон чен-өлчөмгө кирген болот... (*Sonsuzluk Başlamış Durumda (Түбөлүк жашоо башталды),* s. 46)

## Көргөн көздөрүбүз эмес, сүрөттөлүш мээбизде пайда болот

Мурда да айтылгандай, өмүр бою бизге айтылгандар себебинен, бүт дүйнөнү көздөрүбүз менен көрүп жатабыз деп ойлойбуз. Ал тургай, «көзүбүз – дүйнөгө ачылган терезелерибиз» деп билебиз. Чынында болсо, көрүүнүн илимий түшүндүрмөсү боюнча, чындык мындай эмес; себеби биз көздөрүбүз менен көрбөйбүз. Көздөрүбүз жана көздөрүбүзгө туташкан миллиондогон нерв клеткабыз «көрүү кубулушу» ишке ашышы үчүн мээге кабар жөнөтүүчү кабель кызматын гана аткарышат.

Матрица аттуу тасмада да башкы каарман чындыгында кабельдер менен машинага туташып, көздөрү жумук абалда бир креслодо жатса да, чыныгы бир жашоону жашап жатам деген сезимге кабылууда. Бирок ага чейин көргөн бүт түркүн түстүү, жаркыраган, жандуу сүрөттөлүштөр ага заттык бир көзгө муктаждык болбостон эле көрсөтүлгөн. Ошол сыяктуу чуркадым, кыймылдадым, уруштум деп ойлогон сүрөттөлүштөрү да булчуңдарын колдонбостон, бир креслодо жаткан абалда көргөн.

Тасманын каармaны чыныгы жашоого кайтып чындык деп ойлогон нерселерди чындыгында элестүү бир дүйнөнүн ичинде көрүп, жашаганын түшүнгөндө болсо абдан таң калат. Ошол күнгө чейин чоң бир айнек идиштин ичинде, мээсине берилген электрдик сигналдардан турган элестүү бир дүйнөдө жашап жатканына карабастан, өзүн бир компьютер программистимин деп ойлоп келген, жана сүрөттө көрүнүп турган жерде уктап жаткан болот. Б.а. жашоом деп ойлогонунун баары чындыгында бир элес гана.

Нео : Эмне кылып жатасың?

Морфиус : Булчуңдарың алсыз болуп калды, аларды кайрадан иштетип жатабыз.

Нео : Көздөрүм эмне үчүн ачышып жатат?

Морфиус : Аларды эч колдонгон эмессиң. Эс ал Нео. Жооптор келатат.

Бул маектен көрүнүп тургандай, Нео көздөрүн же дене булчуңдарын колдонбостон, ага мээсине жиберилген жасалма сигналдар менен чыныгы бир жашоону жашап жатам деп ойлогон. Көздөрүн эч колдонбосо да, абдан түркүн түстүү, жаркыраган жана жандуу бир дүйнөнү көргөн; ошол сыяктуу булчуңдарын колдонбосо да, өмүр бою өзүн кыймылдап жүргөндөй сезген.

Бул абал бүт адамдарда да ушул сыяктуу. Мисалы, бир адам базарда соода кылып жаткан адамдарды караганда, бул адамдарды жана базарды көздөрү менен көрбөйт; себеби бул көрүнүшкө тиешелүү сүрөттөлүш көзүнүн алдында эмес, мээсинин арткы тарабында пайда болот. Ошондуктан, көз жок болсо деле, мээсинин тиешелүү аймагына жөнөтүлгөн жасалма сигналдар аркылуу ушул эле сүрөттөлүштү көрүшү мүмкүн болот.

Китептерибизде орун алган тасманын жогорудагы кадрларына окшош түшүндүрмөлөрбүздүн кээ бирлери төмөнкүдөй:

Бөлмөңүздүн терезесинен сыртты караганыңызда, өмүр бою ар жактан уккандарыңызга таянып, бул көрүнүштү көздөрүм менен көрүп жатам деп ойлойсуз. Бирок, чындык мындай эмес. Себеби, сиз көздөрүңүз менен сырттагы көрүнүштү көрбөйсүз. Сиз мээңиздин ичинде пайда болгон пейзаж сүрөттөлүшүн көрөсүз. Бул бир божомол же бир философия эмес, бул илимий чындык. (*Hayalin Diğer Adı: Madde (Элестин башка бир аты: зат)*, s. 10)

Белгилүү болгондой, көзүбүздөгү клеткалардан келген электрдик импульстар мээбизде сүрөттөлүшкө айландырылат. Мисалы, мээ көрүү борборуна келген кээ бир электрдик импульстарды бир күнкарама талаасы катары жоромолдойт. Андай болсо көргөн – көз эмес.

Көргөн – көздөрүбүз эмес болсо, анда мээнин арка тарабында, капкараңгы бир жерде бир көзгө, торчого, карекке, көз нервдерине, көздүн чечекейине муктаж болбостон, электрдик импульстарды түркүн түстүү бир күнкарама талаасы кылып көргөн, бул көргөн пейзаждан ырахат алган ким?

... мээнин ичинде пайда болгон бул сүрөттөлүштөрдү бир телевизор экранынан көрүп жаткандай көргөн, көргөндөрүнө сүйүнгөн, кайгырган, толкунданган, ыраазы болгон, тынчсызданган, кызыккан ким? Бүт көргөндөрүн жана сезгендерин жоромолдой турган аң-сезим кимге тиешелүү?

Өмүр бою капкараңгы, үнсүз баш сөөгүнүн ичинде ага көрсөтүлгөн сүрөттөлүштөрдү көргөн, ойлонгон, жыйынтык чыгарган, чечим алган аң-сезимдүү жандык ким?

Бүт бул нерселерди кабылдаган, аң-сезимди пайда кылган жандыктын аң-сезимсиз атомдордон турган, суу, май, протеин сыяктуу заттардан турган мээ эмес экендиги анык. Мээден башка, такыр башка бир жандык, нерсе болушу керек.

... Мээсинин ичиндеги сүрөттөлүштү «көрүп жатам» деген, мээсинин ичинде уккан үндөрдү «угуп жатам» деген, өзүнүн бар экенин туюп-билген жана «мен менмин» деген бул жандык – Аллах адамга берген рух. (*Hayalin Diğer Adı: Madde (Элестин башка бир аты: зат)*, s. 79-80)

## Даамдардын баары мээде пайда болот

Даам алуу кабылдоосу да башка сезүү органдарына окшош. Адамдын тилинин алдыңкы тарабында төрт түрдүү химиялык кабылдагыч бар; булар туздуу, таттуу, кычкыл жана ачуу даамдарына туура келет. Даам кабылдагычтарыбыз бир катар процесстен соң бул сезимдерди электрдик сигналдарга айлантып, мээге жиберишет. Жана бул сигналдар мээ тарабынан даам катары кабылданат. Бир тортту, сырды, апельсинди же жактырган бир тамагыбызды жегенде сезген даамыбыз – бул чындыгында электрдик сигналдардын мээ тарабынан жоромолдонушу.

Матрица тасмасында да бул чындык тамактануу учурундагы маектерде мындайча берилет:

Тэнк : Кел досум. Чемпиондордун эрте мененки тамагы. (Неого пюре сыяктуу бир тамак сунулат.)

Маус : Көздөрүңдү жумсаң жумуртка жеп жаткандай болосуң... Мага эмнени элестетти билесиңби? Даамдуу буудай. Даамдуу буудай жеген белең?

Свич : Жок, бирок негизи сен да жеген эмессиң.

**Маус : Менин айтайын дегеним да ошо. Машиналар даамдуу буудайдын даамын кайдан билет деп ойлоп жатсаң керек. Балким туура эмес жасашты. Балким даамдуу буудайдын даамы овсянка же тунец балыгы сыяктуу эле. Анда адамдын оюна көп нерсе келет. Мисалы, токк, балким тооктун даамын чече албай коюшту, ошондуктан тоок этинде бүт нерсенин даамы бар.**

Дозер : Жегендериң синтетикалык аминокислоталар, витаминдер, минералдарга аралаштырылган. Дене муктаж болгондордун баары.

Тасманын башка бир сахнасында болсо чындыктарды -Матрица аттуу система аларга элестүү дүйнөнү жашатканын- билген каармандардын бири жеген тамагын мындайча сүрөттөйт:

Мистер Риган : Билесиңерби, бул бифштекстин жок экенин билем. Муну оозума салганда, Матрица мээме мунун суулуу жана даамдуу экенин айтаарын билем...

Бул кадрларда сүйлөгөн киши бүт жашоосунун ага бир компьютер программасы тарабынан чындыктай көрсөтүлгөнүн билет. Ушул себептен, жеген бифштексинин чындыгында жок экенин, муну мээсинде гана кабылдаганын (сезип жатканын) айтууда, бирок ошентсе деле бул даамдан ал тамак чындап бар сыяктуу ырахат алганын белгилеп жатат. Биздин эмгектерибизде орун алган бул маектерге окшош түшүндүрмөлөрдүн кээ бирлери төмөнкүдөй:

Биз көргөн, тийген, уккан жана «зат», «дүйнө» же «аалам» деп атаган түшүнүктөр – болгону мээбизде пайда болгон электрдик сигналдар гана. Мисалы, бир мөмөнү жеген адам чындыгында мөмөнүн мээсиндеги кабылданышын сезет, оригиналын эмес. Адам «мөмө» деп атаган нерсе - мөмөнүн формасы, даамы, жыты жана катуулугуна байланыштуу электрдик маалыматтын мээде кабылданышы гана. Эгер мээге баруучу көрүү нервин үзүп койсоңуз, мөмө сүрөттөлүшү да ошол замат жок болот. Же мурундагы кабылдагычтардан мээге созулган нервдин үзүлүшү жыт сезүүбүздү толугу менен жок кылат.

Себеби мөмө - бул бир катар электрдик сигналдарды мээнин жоромолдошу гана. (*Evrim Aldatmacası (Эволюция калпы),* II. baskı, s. 203-204; *Zamansızlık ve Kader Gerçeği (Убакыттын жоктугу жана тагдыр)*, s. 24)

Мээңизде пайда болгон бир торт сүрөттөлүшүнө мээңизде пайда болгон таттуу даам кошулат жана торт жөнүндөгү бүт нерсе сизге жаккан абалга келет. **Сиз аппетит менен тортуңузду жегенде сезген даамыңыз – чындыгында электрдик сигналдардын мээңизде пайда кылган бир таасири гана**. Мээңиз сырттан келген импульстарды кандай жоромолдосо, сиз ошону гана билесиз. Ал эми сырттагы нерсеге болсо эч жетип, даамдай албайсыз; мисалы шоколаддын өзүн көрүп, жыттап, даамдай албайсыз. Же мээңизге баруучу даам сезүү нервдери үзүлсө, ошол учурда жеген нерсеңиздин даамы мээңизге жетпей калып, даам сезүү сезимиңизден толук ажырайсыз. Сезген даамдарыңыздын абдан чындыктай болушу, анын үстүнө аларга тиешелүү сүрөттөлүштөрдү да көрүп жатышыңыз сизди эч жаңылтпасын. Бул теманын илимий түшүндүрмөсү мына ушундай. (*Hayalin Diğer Adı: Madde (Элестин башка бир аты: зат)*, s. 40)

Ошол сыяктуу, ушул күнгө чейин эч бир адам мятанын оригиналынын даамын тата алган эмес. Мята катары сезген даамы мээсинде пайда болгон сезим гана. Себеби мятанын оригиналына тийе да албайт, анын оригиналын көрө да албайт, оригиналынын жытын же даамын сезе да албайт. Жыйынтыктасак, **биз өмүр бою бизге көрсөтүлгөн копия сезимдер менен жашайбыз. Бирок бул копиялар ушунчалык реалдуу (чыныгыдай) болгондуктан, эч качан копиялары менен жашап жатканыбызды байкабайбыз.** (*Hayalin Diğer Adı: Madde (Элестин башка бир аты: зат)*, s. 46)

**... Бир шоколадды же жактырган бир мөмөңүздү жегенде сезген даамыңыз – бул электрдик сигналдардын мээ тарабынан жоромолдонушу. Сырттагы затка (нерсеге) болсо эч качан жете албайсыз; шоколаддын өзүн көрүп, жыттап, даамдай албайсыз.** Мисалы, мээңизге баруучу даам сезүү нервдери үзүлсө, ошол учурда жеп жаткан нерсеңиздин даамы мээңизге жетпей калып, даам сезүү сезимиңизден толугу менен ажырайсыз. Бул жерде дагы бир чындыкты көрөбүз: бир нерсени жегенибизде, башка бирөө ал тамактан сезген даамдын же бир үндү укканыбызда башка бирөө уккан үндүн биздики менен бирдей экенин эч качан ишенимдүүлүк менен айта албайбыз. (*Evrim Aldatmacası (Эволюция калпы),* II. baskı, s. 202-203)

## Жыттардын баары мээнин ичинде пайда болот

Биз сезген жыттар да чындыгында бизге алыс жерден келбейт. Жыт алуу борборуңузда пайда болгон таасирлерди сырттагы заттардын жыты деп ойлойсуз. Чынында болсо, бир гүлдүн сүрөттөлүшү көрүү борборунун ичинде болгон сыяктуу эле, ал гүлдүн жыты да жыт алуу борборунун ичинде. Сыртта гүлдүн да, ага тиешелүү бир жыттын да бар же жок экенин биле албайсыз. Себеби сезимдерибиз бизге тааныткан сырткы дүйнө чынында мээбизге жеткен «электрдик сигналдардын жыйындысы» гана. Мээбиз өмүр бою бул сигналдарды анализ кылат. Биз болсо заттын «сырттагы» оригиналын көрүп, сезип жатам деп ойлоп, жаңылганыбызды сезбестен өмүрүбүздү өткөрөбүз.

Матрица тасмасынын бир сахнасында да жыттын реалдуулугунан күмөн саналууда, бирок ошол эле учурда кабылдоонун реалдуулугуна көңүл бурулууда.

Агент : Мен бул жерди жек көрөм. Бул жаныбарлар бакчасын, бул абакты, бул реалдуулукту же эмне деп атасаңар ошону. Мындан ары чыдай албайм. Эң көп жыт, эгер мындай бир нерсе бар болсо. Муну ашыкчасы менен сезип жатам.

Тасмадагы Матрица аттуу компьютер системасында «коопсуздук кызматкери агент» каарманынын жогорудагы сөздөрүнөн да көрүнүп тургандай, башка бүт сезимдерибиз сыяктуу, жыттын да оригиналы болуп болбогонун биле албайбыз. Бул тема китептерибизде мындайча орун алган:

Ванилла жыты, гүлдүн жыты сыяктуу учуучу молекулалар мурундун эпителий деп аталган аймагындагы титирөөчү түкчөлөрдөгү кабылдагычтарга келишет жана бул кабылдагычтар менен реакцияга киришет. Бул реакция мээбизге электрдик сигнал абалында жиберилет жана жыт катары сезилет. Натыйжада биз сонун же жаман деп атаган жыттардын баары – учуп жүргөн молекулалардын реакцияга киришинин электрдик сигналга айлантылган соң, мээдеги сезилүү формасы гана. Бир атырды, бир гүлдү, жактырган тамагыңызды, деңиздин жытын, көңүлүңүзгө жаккан же жакпаган ар түрдүү жытты мээңизде сезесиз. Бирок жыт молекулалары мээге эч качан жете алышпайт. Үн жана сүрөттөлүштөгү сыяктуу мээбизге электрдик сигналдар гана жетет. Жыйынтыктасак, **төрөлгөнүңүздөн бери сырттагы нерселерге тиешелүү билген жыттарыңыздын баары сезүү органдарыңыз аркылуу сезген электрдик сигналдар гана.** (*Evrim Aldatmacası (Эволюция калпы),* II. baskı, s. 202)

... бир сүрөттөлүш мээңизде пайда болушу үчүн сыртта бир булактын болушу кажет эмес. Бул абал жыт сезүүгө да тиешелүү. Түшүңүздө же кыялыңызда жок эле бир жытты сезе алган сыяктуу, чыныгы жашоодо да жытын сезген нерселериңиздин сиздин сыртыңызда бар же жок экенин так биле албайсыз. Сыртыңызда бул нерселер бар деп ойлосоңуз да, алардын оригиналдарына эч жете албайсыз. (*Hayalin Diğer Adı: Madde (Элестин башка бир аты: зат)*, s. 38)

## Азыр түш көрүп жатпаганыңызды кантип далилдей аласыз?

Адамдар түштөрүнөн ойгонгондо, ошол кезге чейин көргөндөрүнүн элес экенин түшүнүшөт, бирок «ойгонуу» сүрөттөлүшү (кадры) менен башталган жана адамдар «чыныгы жашоо» деп аташкан жашоонун бир элес болушу мүмкүн экени жөнүндө эмнегедир эч күмөн санашпайт. Бирок чындыгында болсо, «чыныгы жашообуз» деп атаган сүрөттөлүштөрдү кабылдоо (көрүү) формабыз менен түштөрүбүздү кабылдоо формабыз бипбирдей. Экөөсүн тең мээбизде көрөбүз. Жана түшүбүздөн ойготулмайынча, алардын бир элес экенин түшүнө албайбыз. Бирок ойгонгонубузда «демек көргөндөрүм бир түш экен да» дейбиз.

Андай болсо азыр көрүп жаткандарыбыздын бир түш эмес экенин кантип далилдей алабыз? Али ойготула элек болгондуктан, азыркы жашап жаткан көз ирмемибизди чындык (реалдуу) деп ойлоп жаткан болушубуз мүмкүн эмеспи? Ар түнү көргөн түштөрүбүздөн көбүрөөккө уланган бул түштөн бир күнү ойготулганыбызда, бул чындыкка туш келишибиз толук мүмкүн. Жана мунун мындай эмес экенин далилдей ала турган бир дагы далилибиз жок.

Түштө «колуңуз менен кармап, көзүңүз менен көрөсүз», бирок чындыгында колуңуз да, көзүңүз да жок, көрүп-кармай турган нерсе да жок. Булардын баарын мээден сырткары (сырттан) камсыз кылып

турган материалдык (заттык) бир нерсе жок. Апачык алданасыз. Андай болсо чыныгы жашоо менен түштүн эмне айырмасы бар? Чыныгы жашоонун үзгүлтүксүз болуп, түштүн үзүк-үзүк болушу же түштө башкача себеп-натыйжа байланыштары болушубу? Булар түпкүрүндө маанилүү айырмалар эмес. Себеби акыр аягында эки жашоо (түш менен чыныгы жашоо) тең мээнин ичинде пайда болот. Түш көрүү учурунда чыныгы болбогон бир дүйнөдө кадимкидей жашап жаткан сыяктуу, ушул эле нерсе жашап жаткан дүйнөбүзгө да тиешелүү болушу толук мүмкүн. Түштөн ойгонгонубузда «чыныгы жашоо» деп атаган узунураак бир түштү көрүп баштабагыныбызды так ишеним менен айта албайбыз. Түштү элес, дүйнөнү болсо чыныгы деп ойлошубуздун себеби – бул көнгөн адатыбыз жана коомдон уккан сөздөрүбүз гана. Жана бул абал балким бир күнү азыр жашап жатабыз деп ойлогон дүйнөбүздөн түштөн ойгонгон сыяктуу ойготулушубуз мүмкүн экенин көрсөтөт.

Матрица аттуу тасмада да бул маанилүү жагдай айтылат. Тасманын башкы каарманы Нео көп жолу түш менен чыныгы жашоо арасында дилеммага түшөт. Тасманын бир сахнасында Нео күзгүнү караганда күзгүдөгү сыныктардан улам жүзүн үч бөлүк абалда көрөт. Андан соң күзгүдөгү сынык жоголуп, сүрөттөлүштүн оңолгонун көрөт. Буга таң калуу менен айланасындагыларды карап, алардан муну көрдүңөрбү деп сурайт. Чындык болуп болбогонун текшерүү үчүн күзгүгө тийгенде болсо күзгү жабышчаак болуп калат жана денесин металл бир каптамай сыяктуу ороп баштайт, ал тургай бул каптамайдын муздактыгын да сезе алат. Бул көргөн, сезген нерселеринин баарын чындык эмес деп ойлосо да, ал окуялар денесинин тең салмактуулугун буза турганчалык реалдуу болот. Акылман киши ролундагы Морфиус болсо Неого көргөн, башынан өткөргөндөрүнүн реалдуулугуна алданбашы үчүн чыныгы дүйнө менен элестүү дүйнө арасындагы айырманын эмне экенин сурайт:

Морфиус : Чындык экенине ишенген бир түш көргөн белең Нео? Ал түштөн ойгонбой калсаңчы?

**Элес дүйнөсү менен чыныгы дүйнөнүн арасындагы айырманы кантип түшүнмөк элең?**

Нео : Болушу мүмкүн эмес!

Морфиус : Эмне болушу мүмкүн эмес? Чындыкпы?

Төмөндө бул жөнүндө китептерибизде орун алган мисал жана түшүндүрмөлөр берилген:

Түшүндө бийик бир жерден төмөн кулаган бир адам муну бүт денеси менен сезет. Чынында болсо ал учурда керебетинде эч кыймылдабастан жаткан болот. Же түшүндө буту тайып, көлмөнүн ичине түшкөнүн көргөн бир адам кийимдеринин баарынын суу болгонун, соккон шамалдын себебинен үшүгөнүн сезиши мүмкүн. Бирок жаткан жеринде көлмө да, шамал да жок. Ал тургай, абдан ысык бир бөлмөдө уктап жатканына карабастан, суу болгонун жана үшүгөнүн ойгоо кезиндегидей сезет. (*Hayalin Diğer Adı: Madde (Элестин башка бир аты: зат),* s. 60)

Адам чындыгында үйүндө бейпил гана уктап жатканда, түшүндө лунапаркта ылдам айланган вагондорго түшкөнүн көрүшү мүмкүн. Вагондордун ылдамдыгын, кээ-кээде тескери бурулганын, соккон шамалды кадимкидей сезе алат. (*Hayalin Diğer Adı: Madde (Элестин башка бир аты: зат),* s. 61)

Түш менен чыныгы жашоо арасындагы окшоштукка көңүл бурулган, тасманын башка бир сахнасы төмөнкүдөй:

(Компьютер чипин сатып алуу үчүн эшигине келген кардарларга)

Нео : Түш көрүп жатканың же ойгонгонуң жөнүндө шектенгениң болду беле?

Көрсөтүлгөн кадрда Нео ойгонуп ойгонбогонун так биле албай жатат. Ойгонгондо сааттын коңгуроосун угуп, өзүн бөлмөсүндө жатканын, столун, компьютерин көрөт; бирок түшүндө көргөндөрү ушунчалык реалдуу болгондуктан, алардын элес экенине ишене албай калат. Ушуга таң калган көрүнүшүнөн улам компьютер чипин сатып алуу үчүн анын үйүнө келген кардарлар «көрүнүшүң жакшы эмес» дешет. Нео болсо жогорудагы сөзү менен дилемма абалын үйүнө келген адамдар менен бөлүшкүсү келет.

Нео башынан өткөргөн мындай дилемма негизи толук табигый көрүнүш. Негизи ойлонгон ар бир адам мындай парадокс ичинде экенин байкай алат. Китептерибизде бул темага көңүл бурган көп тексттерибиз бар. Булардын бири төмөнкүдөй:

Түшүңүздөн эч ойгонбостон, жашооңуз улана берсе, түшүңүздө көргөндөрүңүздүн эч бирөөсүнүн оригиналын көрүп, сезип жатпаганыңызды түшүнө аласызбы? Албетте, жок. **Ойгонуп, өзүңүздүн керебетте уктап жатканыңызды көрмөйүнчө, эч качан түш көрүп жатканыңызды түшүнө албайсыз жана чыныгы жашоодо жашап жатам деген ой менен өмүрүңүздүн баарын өткөрөсүз.** Демек, чыныгы жашоо деп атаган жашообуздун да бир түш эмес экенин кантип далилдей аласыз? Бир күнү бул көрүп жаткан жашообуздан чыгып, өзүбүздү такыр башка бир жерде, бул жашообузга тиешелүү сүрөттөлүштөрдү (кадрларды) көрүп жаткан абалда көрбөйбүз деген так бир маалыматыңыз барбы? (*Hayalin Diğer Adı: Madde (Элестин башка бир аты: зат),* s. 65)

Матрица тасмасында чындыктарды билген Морфиус Неого «көргөндөрүңө ишенбе», «чындыкты түшүнүү үчүн изилде» деген кеңештерин көп айтат. Тасмага тиешелүү төмөндөгү саптарда да Морфиус Неого көргөндөрүнө ишенүүдөн мурда ой жүгүртүшү керек экенине мындайча көңүл буруууда:

Морфиус : Көздөрүңөн билинип турат. Сенде көргөндөрүн кабыл алчу адамдын көздөрү бар. Ойгонууну күтүп жатканың үчүн. Кызыктай, бирок булар чындыгында көп алыс эмес.

Адамдар да жашап жаткан дүйнөбүздүн чыныгы жүзү жөнүндө ойлонушу зарыл. Адам «сыртымда бар» деп ишенген дүйнөнүн оригиналына эч качан жете албашын түшүнүшү зарыл жана бул чындыкка таянуу менен дүйнөдөгү максаты жөнүндөгү чындыктарга жетиши керек.

Кинотасмада да көп жолу басым жасалган, заттын өзүн көрүп, сезбегенибиз жөнүндө китептерибизде берилген мисалдардын кээ бирлери төмөнкүдөй:

... адамдар көбүнчө «сырткы дүйнө» түшүнүгүнүн ичине бүт нерсени кошушпайт же кошкулары келбейт. Бул темада бир аз чын пейилден жана эр жүрөктүк менен ойлонсоңуз, үйүңүздүн, ичиндеги буюмдарыңыздын же антикалык буюмдарыңыздын, дачаңыздын, жаңы алган унааңыздын, офисиңиздин, баалуу жасалгаларыңыздын, банктагы эсебиңиздин, гардеробуңуздун, түгөйүңүздүн, балдарыңыздын, кесиптештериңиздин жана карамагыңыздагы бүт нерселериңиздин да сизге көрсөтүлгөн бул «элестүү сырткы дүйнөгө» тиешелүү экенин байкайсыз. Айланаңызда көргөн, уккан, жыттаган, кыскача айтканда, беш сезимиңиз менен сезген нерселериңиздин баары ушул «элестүү дүйнөгө» тиешелүү; эң жактырган ырчыңыздын үнү, отурган отургучуңуздун катуулугу, жыты көңүлүңүзгө жаккан бир атыр, сизди жылыткан күн, түркүн түстүү бир гүл, терезеңиздин сыртынан учкан бир канаттуу, деңизде ылдам сүзүп бараткан бир катер, көп түшүм берген бакчаңыз, жумуштагы компьютериңиз же дүйнөдөгү эң сапаттуу музыкалык борборуңуз...

Чындык ушундай. Себеби бул дүйнө адамды сыноо үчүн гана жаратылган бир сүрөттөлүштөр жыйындысы. Адамдар бул кыска өмүрү боюнча чындыгында реалдуулугу жок сезимдер (элестер) менен сыналышат. (*Evrim Aldatmacası (Эволюция калпы),* s. 213-214)

Айланаңыздагы мал-мүлктү катуу эңсеген адамдардын эң көп эмнелерге баа бергенин бир ойлоп көрүңүз: жакшы бир үй, люкс буюмдар, кооз баалуу жасалгалар, жаңы модельдеги унаа, банктарда көп өлчөмдө акча, яхта... Мына ушул себептен мындай адамдар ээ болгон бүт байлыктарын (заттарды) мээлериндеги бир экрандан көрүп жатканы жана оригиналдарын (өзүн) эч көрө албашы жөнүндөгү чындыктан абдан коркушат.

Бирок кабыл алгылары келбесе да, мээлеринде пайда болгон бир копия дүйнө ичинде жашап жатышат. Сырттагы дүйнөнү көрүп, аны кармай алышпайт. Себеби үндү, жарыкты жана жытты эч өткөрбөгөн баш сөөктөрүнүн ичине бул заттардан келген электрдик маалыматтар гана кире алат. (*Hayalin Diğer Adı: Madde (Элестин башка бир аты: зат)*, s. 104)

Бир адам ээ чыккан бүлө, мүлктөрүнүн баары, үйү, унаасы, үй-бүлөсү, жумушу жана досторунун баары мээсинин ичинде пайда болгон сезим жана сүрөттөлүштөр гана. Бул чындыкты түшүнгөн адам бүт нерсенин жалгыз ээсинин бул сүрөттөлүштөрдү мээсинде жараткан Аллах экенин түшүнөт. Дүйнө жашоосуна ач көздүк менен жабышкан адамдар ушул себептен бул чындыктан абдан коркушат. (*Hayalin Diğer Adı: Madde (Элестин башка бир аты: зат)*, s. 103)

## Убакыттын жоктугу

Убакыт – биздин башыбыздан өткөн окуялар арасында жасаган салыштыруубуздан келип чыккан түшүнүк. Мисалы, бир адам автоунаага түшөт. Анан унаанын ачкычын бурайт жана газ баскычын басып, унаасын кыймылдатат. Бир саам жол жүргөн соң унаасын тротуардын четине токтотот. Ал адам бүт ушул кыймылдар арасында салыштыруу жасап, ар биринин арасында бир убакыт өттү деп ойлойт жана ушундайча убакыт сезимине ээ болот.

Бүт окуялар бизге белгилүү бир катар ыкмасы менен көрсөтүлгөндүктөн, убакыт дайыма алдын көздөй агат деп ойлойбуз. Мисалы, бир жалбырак дарактан дайыма төмөн көздөй түшөт, жогору көздөй чыкпайт же жамгыр тамчылары дайыма асмандан түшөт, жамгырдын тамчылар абалында асманга чыкканын эч көрбөйбүз. Бул учурда бир жалбырактын дарактагы абалы өтмүш болсо, жерге түшкөн абалы келечек. Бирок эгер эс тутумубуздагы маалыматтар бир тасманын артты көздөй түрдүрүлүшү сыяктуу тескери көздөй көрсөтүлүп баштаса, биз үчүн келечек, б.а. жалбырактын жерде жаткан абалы өтмүш, ал эми дарактагы абалы болсо келечек болмок.

Бул мисалдан да көрүнүп тургандай, убакыт кабылдаган адамга жараша өзгөрүүчү бир сезим. Убакыттын салыштырмалуулугу, б.а. өзгөрмөлүгү ушунчалык ар түрдүү болгондуктан, биз үчүн миңдеген жылга созулган бир убакыт аралыгы башка бир чен-өлчөмдө бир секундага созулушу да мүмкүн. Ал тургай, ааламдын башынан аягына чейин өткөн абдан чоң убакыт аралыгы башка бир чен-өлчөмдө бир секунда да эмес, бир «көз ирмемге» гана созулушу мүмкүн.

Матрица тасмасында да бүт сезимдер менен бирге, убакыттын да салыштырмалуу экендигине басым жасалат жана Неого убакыт жөнүндө да жаңылганы айтып берилет. Төмөнкү кадрларда тасманын

каарманы Нео 2060-жылы АКШда жасалган, аба жана жерде жүрүүчү унаа катары колдонулган бир кеменин ичинде. Андан мурда Матрицанын ичинде кийген жарашыктуу кийимдери же жашаган шаарынын заманбап көрүнүшү эми жок. Анын ордуна эскирген кийимдерди кийген жана адам жашабаган сыяктуу бир жерде турган болот.

Нео : Морфиус, мага эмне болду? Бул жер эмне?

Морфиус : Эмне эмес, качан?

Нео : «Качанбы»?

Морфиус : 1999-жылдабыз деп ойлоп жатасың, бирок 2199-жылга жакынбыз. Канчанчы жылда экенибизди так айта албайм, себеби биз да так билбейбиз. Азырынча бул жөнүндө эчтеке айта албайм.

Бир адамга бүт жашоосу сыяктуу убакыт сезими да жасалма сигналдар менен такыр башкача сезилиши мүмкүн. Убакыттын жоктугу жөнүндө китептерибизде орун алган түшүндүрмөлөрдүн кээ бирлери төмөнкүдөй:

Убакыт бир кабылдоо (элес) болгондуктан, толугу менен кабылдагандан көз-каранды, б.а. салыштырмалуу бир түшүнүк.

Убакыттын агуу ылдамдыгы аны өлчөп жатканда колдонгон булактарыбызга жараша өзгөрөт. Себеби адамдын денесинде убакыттын агуу ылдамдыгын туптуура ченей ала турган табигый бир саат жок...

Убакыттын салыштырмалуулугу түштө апачык көрүнөт. Түшүбүздө көргөндөрүбүз бир топ саатка созулгандай сезилсе да, чындыгында бүт баары бир канча мүнөт, ал тургай бир канча секундага гана созулган болот. (*Zamansızlık ve Kader Gerçeği (Убакыттын жоктугу жана тагдыр)*, s. 70-71)

... убакыттын салыштырмалуу бир түшүнүк экендиги, материалисттер кылымдар бою ойлоп келгендей, өзгөрбөс жана туруктуу эмес экени, өзгөрүүчү бир сезим экендиги да ушул кылымда аныкталды. Убакыттын жана мейкиндиктин салыштырмалуулугу Эйнштейндин «Салыштырмалуулук» теориясы менен далилденген жана бул чындык учурда заманбап физиканын негизин түзөт.

Жыйынтыктасак, убакыт жана мейкиндик – абсолюттук эмес, башталышы бар, Аллах жоктон жараткан түшүнүктөр. Убакытты жана мейкиндикти жараткан Аллах, албетте, булардан көз-каранды эмес. Аллах убакыттын ар бир көз ирмемин убакыт жок учурда аныктаган жана жараткан... (*Zamansızlık ve Kader Gerçeği (Убакыттын жоктугу жана тагдыр)*, s. 10)

Адамдар убакыттан көз-каранды болгондуктан, мындай нерсе аларга алыс сезилет, бирок Аллах Кабатында убакыт жок, мурда да айтылгандай, өтмүш менен келечек бир көз ирмем гана. Бир видео кассетадагы кадрлардын бир эле учурда бар болгону сыяктуу... Биз бир тасманы көргөн соң ал тасманы артка түрдүрүп, кайрадан көрө алган сыяктуу, биз үчүн өтмүш болгон (өтүп кеткен) окуяларды Аллахтын каалоосу менен кайрадан көрүшүбүз мүмкүн. Эң негизгиси – бул Аллахтын ошол учурда бизге ошол окуяларга тиешелүү элестерди (сезимдерди) кайрадан сездириши. (*Sonsuzluk Başlamış Durumda (Түбөлүк жашоо башталды)*, s. 90)

## Эсибиздеги окуялар да негизи элестер гана

Тасманын башкы каарманы Нео чындыктарды, б.а. ошол күнгө чейин чындык деп ойлогон жашоосунун бир элес экенин билген соң, кайрадан Матрица аттуу виртуалдык дүйнөгө барганда айланасын таң калуу менен карайт. Унаадагы сапары боюнча өтмүшүнө тиешелүү бир катар нерселерди эстейт; бирок булардын эч биринин чындыгында болбогонун ойлоп таң калат. Нео өтмүшүмө тиешелүү эскерүүлөрүм деп ойлогон окуялардын баары эс тутумуна жасалма жол менен берилген сүрөттөлүштөр гана.

Морфиус : Таң калыштуу ээ?

Нео : Аллахым.

Тринити : Эмне болду?

Нео : Тигил жерде тамак жечүмүн. Керемет макарон даярдашат. Жашоом менен байланыштуу эскерүүлөрүм бар. Эч бири болгон эмес.

Бул темада китептерибизде орун алган түшүндүрмөлөрүбүз төмөнкүдөй:

Биз, ар жактан уккан-көргөндөрүбүзгө таянып, өтмүш, учур чак жана келечек сыяктуу бөлүктөргө бөлүнгөн убакыт тилкелерин жашайбыз деп ойлойбуз. Чындыгында болсо, **«өтмүш» деген бир түшүнүккө ээ болушубуздун жалгыз себеби – бул, мурда да айтылгандай- эс тутумубузга кээ бир окуялардын берилиши гана.** Мисалы, биринчи класска кирген учуруңуз сиздин эс тутумуңузда бар болгон бир маалымат жана биз ушул себептен муну өтмүш бир окуя катары кабыл алабыз. Келечек менен байланыштуу окуялар болсо эс тутумубузда жок. Ушул себептен биз али кабардар боло элек бул окуяларды «келечекте боло турган» окуялар катары кабыл алабыз. Чындыгында болсо, өтмүш биз үчүн кандай жашалган, башыбыздан өткөн, көрүлгөн окуялар болсо, келечек да ошол сыяктуу эле жашалган. Бирок бул окуялар биздин эс тутумубузга берилбегендиктен, биз аларды биле албайбыз. (*Hayalin Diğer Adı: Madde (Элестин башка бир аты: зат),* s. 139)

5 жашыңызда дүкөндөн алган бир токочту жеп жатканыңызда сезген таттуу даамыңыз, 7 жашта биринчи сабагыңыз баштала турган күнү эрте менен толкунданып ойгонушуңуз, жогорку класста география сабагында сыгылганыңыз, математика мугалимиңиз доскага жазган узун теңдемелер, бир жакыныңыздан айрылган жол кырсыгындагы сезимдериңиз, жумушуңуздагы бир ийгиликтен улам пайда болгон мактануу сезими, көп жылдар бою күсөгөн бир буюмуңузду алууга бараткандагы кубанычыңыз, кыскача айтканда, башыңыздан өткөн жана сезген бул окуяларыңыздын баары негизи ошол бойдон турат, сиздиң мээңизде гана сакталуу эмес. Сакталгандар да сизге эскерүү сыяктуу, б.а. өтмүштө болгон сыяктуу сездирилүүдө. Ушул учурда бар, сакталуу турган ал окуяларды мээңиз кабылдабай, сезбей жатат... Адамдар агып турган бир убакыттан көз-карандыбыз деп ойлошот, өмүрүбүз өтмүш, учур чак жана келечек болуп бөлүктөргө бөлүнөт дешет... Бирок жаратылган ар бир жандыктын, ар бир окуянын жана бүт нерсенин дал бир кинотасма лентасынын кадрлары сыяктуу бир-бирден түбөлүктүү кылып жана бир учурда жаратылганын билүү муну түшүнүүгө жардам берет. (*Sonsuzluk Başlamış Durumda (Түбөлүк жашоо башталды)*, s. 74-75)

## Бул чындыктын кереметтүү жыйынтыгы

Адам мээсинин сыртында зат деп аталган, сүрөттөлүштөн турган жана бекемдик сезими берилген бир аалам бар. Бирок сиз бул ааламга эч качан сезүү органдарыңыз аркылуу жете албайсыз. Ар бир адам мээсинде пайда болгон ааламды көрөт, мээсинде пайда болгон ааламды кармайт, мээсиндеги ааламдын үнүн угат.

Аллах жараткан зат ааламын ар бир адамга мээсинде бир сүрөттөлүш абалында көрсөтүүдө жана бул сүрөттөлүшкө бекемдик, катуулук берип, сүрөттөлүштү чындыктай сездирүүдө. 20-кылымда илимий ачылыштар менен далилденген бул чындык кылымдар мурда жашаган улуу Ислам аалымы Имам Раббани тарабынан үстүртөн түшүндүрүлгөн. Имам Раббани эмгектеринин биринде мындай дейт:

Сыртта жана акыйкатта Аллах Тааладан башка мевжуд (бар нерсе) жок. Аллах Таала кудурети менен өз ысымдарынын жана сыпаттарынын кемалин (кемчиликсиздигин) мүмкинат сүрөттөрүнүн пардасында көрсөткөн, башкача айтканда, буюмду өз кемчиликсиздигине ылайыктуу абалда, сезим жана элес даражасында жараткан. Ушундайча буюм (зат) элесте көрүнүүдө, кыялда уланууда. Демек буюмдар (заттар) кыялда көрүнгөн үчүн бар. Бирок Аллах Таала бул көрүнүштү уланткан үчүн, жок болуудан сактаган үчүн, буюмдун түзүлүшүнө бекемдик берген үчүн жана түбөлүк мамилени да булардан көз-каранды кылган үчүн элестеги нерсе жана кыялдагы уланган нерсе чыныгы бар нерсе болгон. (*İmam-ı Rabbani*, İkinci Cilt, 44. Mektup)

Бул жерде айтылган нерсе – ар бир адам терең ойлонушу керек болгон абдан маанилүү бир акыйкат. Себеби бул чындыкты көрмөксөн болгон ар бир адам өмүр бою кичинекей бир чекитте пайда болгон сүрөттөлүштү чындык деп ойлоп жаңылат. Мисалы, мээсиндеги бир чекитте пайда болгон имараттардын ээсимин деп ойлогон бир адам бул сүрөттөлүштөн улам бой көтөрүп, көөп, бир күнү өлөөрүн унутуп өзүн чексиз күчтүү элестетет. Же мээсиндеги бир чекитте пайда болгон жакыр жашоо сүрөттөлүшү башка бир адамдын басынган, бактысыз же үмүтсүз жашашына себеп болот. Мээсинин ичиндеги кичинекей бир жерде пайда болгон акча сүрөттөлүшүн жоготкон адамдын маанайы аябай чөгөт. Мээсинин ичиндеги унаа сүрөттөлүшүнүн чийилгенин көргөн бир адам болсо ачууланып, ач көздүгүнөн улам катуу жинденет. Бирок бул адамдардын баарынын түшүндө бай же жакыр болгон, же түшүндө унаасы чийилген бир адамдан айырмасы жок. Чийилген унаа мээбиздин ичинде пайда болгон бир унаа сүрөтү. Бул унаанын өзүн, сырттагы чыныгы абалын эч ким, эч качан биле жана көрө албайт. Муну бир гана мээбиздеги жана сырттагы ааламды жараткан Улуу Аллах билет.

Мына ушул чындыкты билбеген же апачык болуп турса да, бул чындыкты кабыл алгысы келбеген адамдар өмүр бою дайыма жаңылыштыкта, чындыктарды билмексен болуп жашашат. Бул адамдардын абалы бир кинотасманы же театр оюнун чындык деп ойлоп бул тасманын же оюндун ичинде жашагысы келген бир адамдын абалына окшошот. Айланасындагы адамдар бул адамды канчалык ынандырганга, ага чындыктарды көрсөткөнгө аракет кылса да, бул адам муну түшүнмөксөн болот.

Бирок бир да адам калбастан, бүт адамдар бул чындыкты түшүнүп, кабыл ала турган бир күн бар. Мына ошол күн ар бир адамга өлүм менен бирге келет. Өлүм менен бирге адамдын мээсинде көргөн дүйнө жашоосуна тиешелүү сүрөттөлүш өзгөрүп, анын ордуна өлүм учурунун, сурак күнүнүн жана акыреттин сүрөттөлүшү пайда болот. Аллах Куранда билдиргендей, өлүм менен бирге адам уйкудан ойгонгондой болот, түшүнөн чыныгы дүйнөгө (бул дүйнөгө) өткөн сыяктуу, чыныгы жана түбөлүк жашоосуна өтөт. Ал жашоонун болсо сүрөттөлүшү тунугураак жана чыныгы болот. Түшүндөгү бозомук

сүрөттөлүштөн ойгонуп, тунугураак болгон бул дүйнө жашоосуна өткөн сыяктуу. Аяттарда бүт ааламдардын Рабби Аллах бул чындыкты мындайча билдирүүдө:

**Айтышкан эле: «Кыйроо болсун бизге, уктап жаткан жерибизден бизди ким тирилтип-тургузду? Бул Рахман (болгон Аллах)тын убадасы, (демек) жөнөтүлгөн (пайгамбар)лар туура айтышкан экен». (Йасин Сүрөсү, 52)**

**Ант болсун, сен мындан капылетте элең; мына Биз сенин үстүңдөгү тосукту ачып-алып салдык. Эми бүгүн көрүү-күчүң так, даана. (Каф Сүрөсү, 22)**

Ар бир сөзү ишенимдүү, илими жана хикматы менен өрнөк болгон Пайгамбар Мырзабыз (сав) да бир куттуу хадисинде **«адамдар уйкуда, өлгөндө ойгонушат»** (İmam Gazali, *İslam Klasikleri 2*, Bedir Yayınları, 18 s. 36152) деп бул чындыкка көңүл бурган.

Чыныгы жашоо – бул өлүмдөн кийинки жашоо. Дүйнө жашоосу болсо – түш сыяктуу, адамга мээсиндеги кичинекей бир чекитте көрсөтүлгөн бир сүрөттөлүш ааламы. Бир адамдын бул сүрөттөргө алданып, чыныгы жана түбөлүк жашоосун унутушу, ойлонбошу болсо чоң бир капылеттик жана жаңылуу. Бул чындыкты бул дүйнөдө көрбөгөндөр акыретте абдан бушайман болушат. Өмүр бою байланган, чындык деп ойлоп артынан кууган, Аллахты жана акыретти унутуу менен Ага шерик (ширк) кошкон адамдардын, мал-мүлктөрдүн, кызматтык орун-даражалардын чындыгында бир элес экенин, мээлериндеги бир сүрөттөлүш экенин түшүнгөндөр бул бушаймандыктарын айтышат. Эч жок болбойт деп ойлогон нерселеринин бир-бирден жок болгонун көрүшкөндө, абдан кайгырышат. Аллах мындай адамдардын акыреттеги моюнга алууларын Куранда мындайча кабар берет:

**Анан аларга: «Силер шерик кошкондоруңар кана? Аллахтан башка (сыйынгандарыңар)» деп айтылат. «Бизди таштап-жоголуп кетишти. Жок, биз мурдалары эч нерсеге сыйынган эмес экенбиз» дешти. Аллах каапырларды мына ушундайча адаштырып (жолдон) чыгарат. (Момун Сүрөсү, 73-74)**

**... Аягында элчилерибиз жанын алуу үчүн аларга келишкенде, аларга: «Аллахтан башка сыйынгандарыңар кайда?» дешет. «Алар бизди таштап-жоголушту» дешет. (Ушундайча) Булар чындап каапыр экенине өздөрүнүн зыянына күбөгө өтүштү. (Аьраф Сүрөсү, 37)**

Бул дүйнөдө бул чындыктарды байкамаксан болуп, ойлонбогон ар бир адам акыретте ушул сөздү айтышы мүмкүн, ушундай орду толгус бушаймандыкка кабылышы мүмкүн. Аллах бир түш сыяктуу көрсөткөн дүйнө жашоосуна алданып берилгендер, өлүмдү чыныгы жана жалгыз өмүрүбүздүн аягы деп ойлошкондор өлгөндө бул капылеттик уйкусунан ойгонуп, түштөрүнөн айрылышат жана мына ошондо чыныгы чындыкты көрүшөт. Акылын жана абийирин колдонгон, чын ыкластан жана көңүл коюп ойлонгон ар бир адам болсо бул дүйнөдө эле чындыктарды түшүнүп, акырет жашоосу үчүн көп аракет кылат.

# 13-КАБАТ (THE THIRTEENTH FLOOR)

«Он үчүнчү кабат» аттуу тасмада да Матрица тасмасына окшоп, чыныгы дүйнө жашоосу менен виртуалдык дүйнө арасындагы чоң окшоштук каралган. Тасманын мазмуну кыскача төмөнкүдөй: тасманын аты болгон 13-кабат Лос-Анджелесте бир фирма имаратынын 13-кабаты. Бул жерде тасманын эки башкы каарманы Хэннон Фуллер менен кесиптеши Дуглас Холл компьютер менен виртуалдык бир дүйнө жасашкан. Бул виртуалдык дүйнөдө Лос-Анджелестин 1937-жылдагы абалы жандандырылат. Системаны курган бул адамдар болсо 1999-жылы жашап жаткан болушат.

Сүрөттөрдө көрсөтүлгөндөй, бул компьютер программасына туташкысы келген адам бир жерге жатып, анын мээсине программадагы маалыматтар жиберилет. Ошентип системага кирген адам 1937-жылга тиешелүү виртуалдык бир адамга айланат. Мисалы, 1999-жылы жашаган Дуглас Холл аттуу бай жана ийгиликтүү бир компьютер фирмасынын башкаруучусу болгон бул адамдын эс тутумуна 1937-жылы жашаган Джон Фергюсон аттуу бир банк кассирине тиешелүү маалыматтар жүктөлөт.

Системага туташкан адам жүктөө бүткөн соң, өзүн бир заматта 1937-жылга барып калганын көрөт. Имаратта, унаалар, кийимдер толугу менен ошол жылга тиешелүү. Симуляция чөйрөсүнө кирген адамдарды эң таң калтырган нерсе болсо – бул эки жашоосунун тең реалдуулугунун бирдей болушу. Бул адамдар эки жашоосунда тең суунун салкындыгын, сырттагы шамалдын шуулдаганын сезишүүдө, башына келген окуяларда коркуу жана толкундануу сыяктуу сезимдерди толук сезишүүдө.

Тасманын кийинки мүнөттөрүндө болсо системага туташкан бул адамдар чыныгы жашоо деп ойлогон өмүрлөрүнүн (1999-жылдагы Лос-Анджелестеги жашоолорунун) да чындыгында атайын даярдалган бир компьютер программасы экенин, ошол күнгө чейин чындык деп ойлогон бүт нерселеринин –фирмалары, кызмат орундары, унаалары, компьютер системалары, үй-бүлөлөрү, достору...- бир элес экенин түшүнүшөт. Чындыгында 2024-жылга жакын бир жыл болгон болот, жана тасмада чыныгы бир жашоо катары чагылдырылган бүт окуялар симуляциянын бир бөлүгү болот. Тасманын эң кызыктуу тарабы болсо – бул тасмадагы каармандардын симулятордун ичинде симуляторго туташып, баскычтуу бир өмүр сүрүшү жана бул виртуалдык чөйрөлөрдөгү жашоолорунун чындыктарга абдан окшош болушу.

Кадрларда тасманын башкы каарманын ойногон Дуглас Холлдун симуляцияга туташышы жана 1937-жылы Джон Фергюсон аттуу бир банкирдин өздүк маалыматтарынын ага өткөрүлүшү көрсөтүлгөн.

Дуглас Холл – Джон Фергюсон аң-сезим көчүрүүсү

Колдонуучу: Дуглас Холл

Жүктөө үчүн колдонуучуну ылайыктоодо

Программа туташуусу: Джон Фергюсон

Колдонуучуну программага катарга коюуда

Жүктөө үчүн даяр

Катарга коюу аяктады

Гриерсон мырза, 117 Батыш Winston, Pasadena

Аң-сезимди көчүрүү

Жүктөө аяктады.

Тасманын каарманы Дуглас Холл симуляторго туташкан соң, денеси эч кыймылдабаса да, өзүн 1937-жылы Джон Фергюсон аттуу бир банк кассири катары сезип, кадимкидей жандуу бир жашоонун ичинде көрөт. Бул адамдын денеси 20-кылымда симулятор каражатына туташкан абалда жатканына карабастан, бүт нерсе абдан реалдуу көрүнүүдө. Бирок эски модельдеги унаалар, адамдар, өзүнүн кийими, тышкы көрүнүшү, кыскача айтканда, бүт детальдардын баары – ал адамдын мээсинде жасалма сигналдар менен көрсөтүлгөн сүрөттөлүштөр.

Дуглас Холл бул системаны өзү жасаса да, төмөндөгү тасма кадрынан да көрүнүп тургандай, көрүнүшүнүн жана турган чөйрөсүнүн реалдуулугуна таң калат. Ал тургай, күзгүгө көпкө каранып, чачын, мурутун, терисинин өңүн анализ кылат.

Дуглас Холлго (1937-жылдагы аты (өздүгү) боюнча Джон Фергюсонго) мындай таң калган кыймыл-аракеттеринен улам банктагы мүдүрү өзүңдү жаман сезип турасың, эс ал деп кеңеш берет. Бирок Дуглас Холл компьютер дүйнөсүндө чындыкка мынчалык жакын бир өмүр сүрүүдөн улам абдан таасирленет жана бул системаны кура алганынан улам кубанат:

Дуглас Холл : Менимче өзүмдү абдан жакшы сезип турам.

# Симуляция дүйнөсү жана жаңылтуучу реалдуулук

Биз «тышкы дүйнө» катары кабылдагандарыбыз (сезгендерибиз), мурдакы бөлүмдөрдө да терең каралгандай, электрдик сигналдардын мээдеги таасирлери гана. Терезеңизден көргөн асмандын көктүгү, отурган креслоңуздун жумшактыгы, ичкен кофеңиздин жыты, жеген тамагыңыздын даамы, кулагыңызга угулган телефон үнү, бүт жакындарыңыз, ал тургай, денеңиз да баары – электрдик сигналдардын мээңиздеги жоромолу.

Эгер бул тасмадагы сыяктуу, мээбизге өнүккөн бир компьютердин жардамы менен керектүү электрдик сигналдарды жөнөтүү мүмкүн болгондо, ушул эле сезимдерди толук реалдуу сезишибиз мүмкүн болмок. Байкалгандай, жасалма жол менен жасалган импульстар натыйжасында сыртта эч бир материалдык реалдуулук жок болсо да, мээбизде реалдуу жана жандуу бир дүйнө пайда кылуу мүмкүн. Учурда симуляторлордун жардамы менен жашообуздун белгилүү бөлүктөрүн абдан реалдуу сезимдер менен жандандырууга мүмкүн болууда. Мисалы, колго кийилген атайын бир мээлей менен бир адам жок эле бир мышыкты сылаганын, бир адам менен кол алышканын, сууга колун салып жууганын же катуу бир нерсеге тийгенин сезе алууда. Андан да өнүккөн системалар менен болсо өзүн гольф ойноп жаткандай, лыжа тээп жаткандай, унааны катуу айдап бараткандай же бир учактын пилотундай сезе алууда. Чындыгында болсо тийдим деп ойлогон бул нерселердин же ошол жерде турам деп ойлогон жерлердин эч бирөөсү чыныгы (реалдуу) эмес. Булардын баары адамдын жашоодогу бүт сезимдерди жана заттарды мээсинде кабылдаарын, алардын эч биринин оригиналын көрүп, оригиналына тийе албашын толук далилдейт.

13-кабат аттуу тасмада да компьютердин жардамы менен чыныгы жашоодон айырмалоого мүмкүн болбогон виртуалдык жашоолор жасалат. Тасманын каармандары симуляция машиналары жардамы менен ар түрдүү убакыт жана чөйрөлөргө туташып, ал жерде чыныгы жашоодо жашагандай жашашат.

Төмөндө системанын куруучуларынын бири Уитни детектив Мак Бэйнге жасаган симуляция системасын айтып берген сөздөрү берилген:

Детектив Мак Бейн : Бүт булар ири бир компьютер оюнубу?

Уитни : Жок, функциялары иштеши үчүн колдонуучу керек эмес. Бүт элементтери – ачык үйрөнүү жөндөмүнө ээ кибер-түзүлүштөр.

Детектив Мак Бейн : Элементтерби?

Уитни : Электрондук, окшошкон каармандар. Системаны ошолор түзөт. Ойлонушат, иштешет, тамак жешет... Кыскача айтканда, бизге окшоштурулган деп айтууга болот. Азыр иштеп жаткан бир өрнөгүбүз бар: Лос-Анджелес, 1937-жылдар.

Детектив Мак Бейн : Эмне үчүн 37?

Уитни : Фуллер өзүнүн жаш кезин жасоодон баштагысы келген. Кара, мээм ичине жайгаштырылганда, мен 1937-жылды башыман өткөрүп ошол жерлерде кыдырам. Денем бул жакта калат жана программа туташкан элементтин аң-сезимин башкарат.

Бул сөздөрдөн да көрүнүп тургандай, симуляция дүйнөсүндө эч бир реалдуулук жок; жасалма сигналдар гана бар. Көрүү үчүн көзгө, угуу үчүн кулакка, сезүү үчүн денеге муктаждык жок. Адамдын денеси бир креслодо жатканда, компьютер аркылуу мээсине жүктөлгөн маалыматтар аркылуу бул адам өзүн такыр башка бир жерде, такыр башка бир убакытта жашап жаткандай сезе алат.

Бул жөнүндө китептерибизде мындай түшүндүрмөлөрүбүз орун алган эле:

Көрүү, угуу, жыт сезүү, даам сезүү, тийүү сезимдерибиздин баары бир-бирине окшош иштейт. Биз сыртта бар деп ойлогон нерселерден (заттардан) келген таасирлер (үн, жыт, даам, сүрөттөлүш, катуулук ж.б.) нервдерибиз аркылуу мээдеги сезүү борборлоруна жеткирилишет. Мээге жеткен бул таасирлердин баары электрдик сигналдар гана. Мисалы, көрүү процесси учурунда сырттагы бир булактан келген жарык бөлүкчөлөрү (фотондор) көздүн арт жагындагы торчого жетет жана ал жерде бир катар процесстен соң электрдик сигналга айландырылышат. Бул сигналдар нервдер аркылуу мээнин көрүү борборуна жиберилет. Жана биз бир канча сантиметр кубдук көрүү борборунда түркүн түстүү, жаркыраган, узуну, туурасы, тереңдиги (алыс-жакыны) бар бир дүйнөнү көрөбүз.

Башка сезүү органдарыбызда да ушундай система бар. Даамдар тилибиздеги кээ бир клеткалар тарабынан, жыттар мурун эпителийиндеги клеткалар тарабынан, тийүүгө тиешелүү сезимдер (катуулук, жумшактык ж.б.) теринин астына жайгаштырылган атайын кабылдагычтар тарабынан жана үндөр болсо кулактагы атайын бир механизм тарабынан электрдик сигналдарга айландырылып, мээдеги тиешелүү борборлорго жөнөтүлөт жана ошол борборлордо кабылданышат.

... Азыр бир чыны чай ичип жатасыз дейли. Колуңуздагы чынынын катуулугу жана ысыктыгы теринин астындагы атайын кабылдагычтар тарабынан электрдик сигналдарга айлантылып, мээне жиберилет. Ошол эле учурда чайдын жыты, аны ичип жатканда сезген таттуу даамы жана сиз чыныны караганда көргөн кызыл өңү да тиешелүү сезүү органдарыңыз тарабынан бир электрдик заряд абалында мээге жеткирилет. Андан соң столго коюп жатканда, чынынын астындагы айнекке тийиши менен чыккан үн да кулагыңыз тарабынан кабылданып, мээге электрдик сигнал катары жөнөтүлөт. Жана бул кабылдоолордун баары мээдеги ар башка, бирок бир-бири менен ортоктошуп иштеген сезүү борборлору тарабынан жоромолдонот. Сиз болсо бул жоромолдун бир натыйжасы катары бир чыны чай ичтим деп ойлойсуз. Б.а. негизи бүт баары мээдеги сезүү борборлорунда болуп жатат, бирок сиз бүт бул

кабылдоолоруңуздун конкреттүү (заттык) бир реалдуулугу бар деп ойлойсуз. Бирок жаңылышасыз, анткени мээңизде кабылдаган сезимдериңиздин «баш сөөгүмдүн сыртында бир заты (материалдык абалы)» бар деп айтууга бир да далилиңиз жок. Эгер мээңизге баруучу көрүү нервдерин үзсөңүз, ошол замат сүрөттөлүш жоголот. Ошол сыяктуу угуу нервдеринде бир көйгөй болсо, сиз сыртта бар деп ойлогон үн да ошол замат токтойт. (*Makaleler-II, Maddenin Ardındaki Muhteşem İlim (Макалалар II, Заттын артындагы кереметтүү илим)*, s. 112-113)

## Сыртта жарык жок

Бүгүнкү күндө илимпоздор акыркы илимий ачылыштар натыйжасында жеткен бир кызыктуу чындык бар: дүйнөбүз чындыгында чымкый караңгы. Себеби учурда жарыктын субъективдүү бир түшүнүк экени белгилүү болду; б.а. адамдардын мээсинде бир сезим катары пайда болот.

Чындыгында сырткы дүйнөдө жарык жок. Чырактарыңыз да, унаа чырактары да, биз чоң жарык булагы деп атаган күн да чындыгында жарык чыгарбайт. Биз «жарык» деп атаган сезимдин булагы болгон фотондор көзүбүздүн артындагы торчо катмарына түшкөндө, ал жердеги клеткалар тарабынан электрдик сигналга айлантылат. Биз болсо чындыгында физикалык бөлүкчөлөр болгон фотондорду «жарык» катары кабылдайбыз. Эгер көзүбүздөгү клеткалар фотондорду «жылуулук бөлүкчөлөрү» катары кабылдаганда, анда биз үчүн жарык, түс жана караңгылык деп аталган түшүнүктөр эч болмок эмес, жана заттарды караганыбызда алардын «ысык» же «муздак» экенин гана сезмекпиз.

13-кабат тасмасында Дуглас Холл аттуу каарман симуляция менен 1937-жылга тиешелүү жасалма дүйнөгө туташып кайткан соң, ал дүйнөнүн реалдуулугун мындайча сөз кылат:

Уитни : Жарыктандыруу кандай? Нерселер...

Дулгас Холл : Түстөрдү жасоо үстүндө дагы бир аз иштөө керек, бирок элементтер байкабай жатышат.

Уитни : Алар кандай?

Дулгас Холл : Сен экөөбүз сыяктуу чыныгы (реалдуу).

Тасмада айтылган чындык негизи туура. Жарык жана түс сыяктуу өзгөчөлүктөр да жасалма сигналдар аркылуу абдан реалдуудай кабылданууда. Бул жөнүндө китептерибизде орун алган түшүндүрмө мисалдардын кээ бирлери төмөнкүдөй:

... баш сөөгү жарыкты ич тарапка өткөрбөйт, б.а. мээнин ичи капкараңгы. Ошондуктан, мээнин жарыктын өзү менен байланышта болушу эч мүмкүн эмес... Маңдайыбызда бир шам турат дейли. Бул шамдын алдына туруп, аны көпкө кароого болот. Бирок бул убакыт бою мээбиз шамга тиешелүү жарыктын өзү менен эч качан байланышта болбойт. Шамдын жарыгын көрүп турган учурубузда да башыбыздын жана мээбиздин ичи капкараңгы болот. **Капкараңгы мээбиздин ичинде жапжарык, жаркыраган жана түркүн түстүү бир дүйнөнү көрөбүз.** (*Evrim Aldatmacası (Эволюция калпы)*, II. baskı, s. 200)

Белгилүү болгондой, мээбиз башыбыздын ичинде корголот жана баш жарыкты ич тарапка өткөрбөйт. Б.а. башыбыздын ичи чымкый караңгы. Бирок биз бул чымкый караңгылыкта көпкөк деңиздерди, жапжашыл дарактарды, түркүн түстүү гүлдөрдү, күндүн жаркыраганын жана түстөрдүн

бардык тилкелерин көрө алабыз. Бул абдан кызык жана бул жөнүндө ойлонуу керек. Эгер биз нерселердин биздин сыртыбыздагы абалдарын көрүп жаткан болгонубузда, бул сырттагы сүрөттөлүштүн жаркыраганын, түстөрүн эч көрө алмак эмеспиз. Себеби бул жаркыраган көрүнүштөр жана жарыктарды башыбыз тосуп калмак жана мээбиздеги көрүү борборуна эч жетмек эмес. Анда биз бул жаркыраган нерселерди, айдын жана күндүн нурларын, бөлмөбүздөгү люстранын жаркыраганын кантип көрүп жатабыз? Жарык эч жете албаган мээде жарык сүрөттөр кантип пайда болууда? (*Makaleler-II, Maddenin Ardındaki Muhteşem İlim (Макалалар II, Заттын артындагы кереметтүү илим)*, s. 112-113)

Чындыгында мээбиздин сыртында биз билген мааниде жарык да жок. Биз билген, тааныган жарык кайра эле мээбизде пайда болот. Сырткы дүйнөдө, б.а. мээбиздин сыртында биз жарык деп атаган нерсе – бул электромагниттик толкундар жана фотондор (фотондор – бул бөлүкчөлөр абалындагы энергия). Бул электромагниттик толкундар же фотондор торчону стимулдаганда, биз билген «жарык» пайда болот. (*Hayalin Diğer Adı: Madde (Элестин башка бир аты: зат),* s. 25)

Жыйынтыктасак, жарык көзүбүзгө келген кээ бир электромагниттик толкундар жана бөлүкчөлөр бизде пайда кылган таасир натыйжасында жаралууда. Б.а. сыртта мээбиздеги сүрөттөлүштү түзө турган бир жарык да жок. Энергия гана бар. Жана бул энергия көзүбүзгө жеткенде, биз түркүн түстүү, жаркыраган, жапжарык бир дүйнөнү көрөбүз. (*Hayalin Diğer Adı: Madde (Элестин башка бир аты: зат),* s. 26)

Жарык сыяктуу, түстөр да мээбизде пайда болот. Күндөн келген фотондор (фотондор – бул бөлүкчөлөр абалындагы энергия) бир нерсеге тийгенде, ар бир нерсе бул фотондорду ар кандай толкун узундугунда чагылтат. Бул ар түрдүү толкун узундугундагы фотондор көзгө жеткенде, торчо аймагында электрдик сигналга айлантылат. Андан соң бул электрдик сигналдар мээнин сүрөттөлүш борборуна жеткирилет. Ал жердеги нерв клеткалары электрдик сигналдарды «түс» катары кабылдашат. Бирок чыныгы дүйнөдө жарык да, түс да жок. Бул мээбиздин субъективдүү, биз үчүн атайын бир жоромолу. Көздүн түзүлүшүндөгү бир ката же башка жандыктардагы сыяктуу көздүн түзүлүшүнүн башкача болушу келген фотондордун башкача электрдик сигналдарга айлантылышына жана бир эле нерсенин ар башка көрүнүштөрдө кабылданышына (көрүнүшүнө) себеп болот.

Бул жөнүндө китептерибиздеги түшүндүрмөлөрүбүздүн кээ бирлери төмөнкүчө:

Биз төрөлгөндөн бери чөйрөбүздө түркүн түстүү бир дүйнөнү, түркүн түстүү бир чөйрөнү көрөбүз. Чынында болсо, ааламда бир түс дагы жок. Түстөр мээбиздин ичинде жаралат. Сыртта ар кандай узундуктагы толкундарга ээ электромагниттик толкундар гана бар. Көзүбүзгө жеткен нерсе – бул ар кандай толкун узундугундагы энергия. Жогоруда да айтылгандай, биз муну жарык деп атайбыз, бирок бул биз билгендей жаркыраган, айдың бир жарык эмес, энергия гана. Мээбиз бул ар түрдүү толкун узундугуна ээ энергияны жоромолдогондо, биз буларды «түстөр» катары көрөбүз. Чындыгында болсо, деңиздер көк эмес, чөптөр жашыл эмес, топурак күрөң эмес, мөмөлөр да түстүү эмес. Алар мээбизде ошондой кабылдаганыбыз үчүн гана ошондой. (*Hayalin Diğer Adı: Madde (Элестин башка бир аты: зат)*, s. 26)

... Түстөр да, жарык да биздин мээбизде. Башкача айтканда, биз бир гүлдү кызыл болгону үчүн кызыл кылып көрбөйбүз. Биздин бир гүлдү кызыл көрүшүбүздүн себеби – торчого тийген энергиянын мээбиз тарабынан кызыл түс катары жоромолдонушу. (*Hayalin Diğer Adı: Madde (Элестин башка бир аты: зат)*, s. 31)

Түс сокурдугу – түстөрдүн мээбизде пайда болгондугунун маанилүү далилдеринен. Белгилүү болгондой, көздөгү торчодо пайда болгон кичинекей бир бузулуу түс сокурдугуна себеп болот. Натыйжада көп адамдар жашыл менен кызылды бири-биринен айырмалай албайт. Бул абалда сырттагы нерсенин «түстүү» болуп болбошу маанилүү эмес. Себеби биз нерселерди алар түстүү болгону үчүн түстүү кылып көрбөйбүз. Бул жерден чыга турган жыйынтык төмөнкүдөй: нерселерге, заттарга тиешелүү деп ойлогон бардык сыпаттар «сырткы дүйнөдө» эмес, мээбизде. Биз эч качан сезүү органдарыбыздын сыртына чыгып, сыртка жете албаганыбыз үчүн заттардын же түстөрдүн бар же жок экенин биле албайбыз. (*Hayalin Diğer Adı: Madde (Элестин башка бир аты: зат)*, s. 28-29)

## Сиз мээңизде жыттаган гүлдөр

Көп адамдар жыттоо үчүн гүлдөргө жакындаганда, гүлдөрдүн жытын мурдум менен сезем деп ойлойт. Бирок башка бардык кабылдоолорубуз сыяктуу жыт да мээбиздин бир жоромолу. Жыт кабылдообуздун иштеши да башка сезүү органдарыбыздын иштешине окшош. Мисалы, гүлгө тиешелүү жыт молекулалары мурун каналынан ич тарапка кирген соң, эпителий аймагындагы кабылдагычтар тарабынан электрдик сигналга айлантылат. Бир катар процесстен соң мээге жеткен бул сигналдар мээдеги жыт сезүү борборлорунда гвоздика, роза же башка бир гүлдүн жыты катары сезилет. Ошол сыяктуу жасалма жолдор менен мээбизге тиешелүү сигналдар жөнөтүлсө, бул гүлдөр жок болсо да, жыттарын сезе алмакпыз.

13-кабат тасмасында да симуляция дүйнөсүндөгү каармандар жыттарды да абдан даана сезе алышууда. 1937-жылы бир китеп сатуучу катары жашаган мистер Гриерсон – тасмадагы улгайган Ханнон Фуллерге окшоштурулуп жасалган жасалма бир каарман. Ханнон Фуллер симуляция системасына туташканда, бул адамдын виртуалдык дүйнөдөгү денесин колдонуп, ошол жылдар дүйнөсүндө убакыт өткөрөт. 1937-жылдын музыкаларын угат, ал доордун бийлерин көрөт жана ал доордон бир социалдык чөйрө (дос-курбу) күтөт. Бирок системадан чыкканда, колдонгон денеси программанын бир шарты катары мурдакы жашоосун улантат. Ошондуктан, 1937-жылга тиешелүү симуляция дүйнөсүндөгү китеп сатуучу мистер Гриерсон ал убакыт аралыгында эмнелерди башынан өткөргөнүн толук эстей албайт жана эстегендерин элес (түш) сыяктуу элестетет. Бир сөзүндө жыт жөнүндө мындай дейт:

Мистер Гриерсон : Ойгонгондо да дагы эле үстүмдөгү атыр жытын сезип жатам.

Дуглас Холл : Чыныгыбы же элеспи?

Тасманын бул сахнасынан да көрүнүп тургандай, чындыгында атыр жыты жок болсо да, компьютер аркылуу жүктөлгөн маалыматтар аркылуу каармандар жытты да чындап сезе алышууда. Бул жөнүндө китептерибиздеги түшүндүрмөлөр төмөнкүдөй:

Жыт алуу борборунда пайда болгон таасирлерди сырттагы заттардын жыты деп ойлойбуз. Бирок, бир гүлдүн сүрөттөлүшү көрүү борборуңуздун ичинде болгону сыяктуу эле, ал гүлдүн жыты да жыт сезүү борборуңуздун ичинде... (Evrim Aldatmacası (Эволюция калпы), II. baskı, s. 205)

Жыттын бир элес экенин түшүнүүгө түштөрдү эстөө жардам берет. Адамдар түшүндө бүт нерселерди (сүрөттөлүштөрдү) толук реалдуу көргөн сыяктуу эле, бүт жыттарды да түшүндө чындап

бардай сезишет. Мисалы, түшүндө ресторанга барган бир адам тамагын менюдагы тамактардын жытын сезүү менен жейт, деңиз жээгине сейилге чыккан адам деңиздин жытын сезет, гүл бакчага кирген адам сонун гүл жыттарынан ырахат алат. Же дагы бирөө атыр (парфюм) саткан дүкөнгө кирип, өзүнө атыр тандайт жана ал тургай атырлардын жыттарын бир-биринен бүт айырмалайт. Бүт баары ушунчалык реалдуу болгондуктан, ал адам уйкусунан ойгонгон соң буга таң калат. (*Hayalin Diğer Adı: Madde (Элестин башка бир аты: зат)*, s. 36)

## Көргөн, сезгендериңиз чыныгыдай сезилиши үчүн «сырткы дүйнөнүн» болушу шарт эмес

Алгачкы жолу кино экранын көргөн адамдар жогорку технология урматында көргөн нерселерин «чындык» деп ойлошуп, аларды көздөй келе жаткан поезд сүрөттөлүшүнөн паника болушкан. Учурда мындай таасир голограмма (үч өлчөмдүү сүрөттөлүш) пайда кылган атайын көз айнектер аркылуу алынууда. Бул көз айнекти таккан адамдар көргөн элестүү сүрөттөлүштү чындыктай көрүшүп, коркуу, толкундануу сыяктуу сезимдерге кабылышууда. Бул адамдар виртуалдык бир сүрөттөлүштү көрүп жатканын билишсе да, ошондо деле атайын жасалган бул чындыктай болгон дүйнөгө өздөрүн алдырышууда.

Мындай көрүнүш техникалык сапаттын кемчиликсиздигинен улам «чыныгы дүйнө» катары кабыл алган жашообузга да тиешелүү. 13-кабат тасмасында да техникалык кемчиликсиздиктин жаңылтышы мүмкүн экенине көңүл бурулган.

Тасмада 1937-жылы Эштон аттуу каарман симуляция системасынын куруучуларынын бири Ханнон Фуллер жазган жана окулбашы керек болгон бир катты окуу менен чындыгында виртуалдык бир дүйнөдө жашап жатканын билип калат. Ошол кезге чейин башынан өткөргөндөрүнүн эч чыныгы эмес экенин билгенде, алгач муну бир тамаша деп ойлойт, бирок кийинчерээк алар үчүн жасалган бул атайын дүйнөнүн аягы бар экенин түшүнгөндө ачууланат. Бирок анын реакцияларынын эч бири виртуалдык бир дүйнөдө жашап жатканы жөнүндөгү чындыкты өзгөртө албайт. Бир тараптан, системанын куруучуларынын бири Дуглас Холлдон чындыктарды айтып беришин талап кылса, экинчи тараптан ачуулуу мамилесин улантат. Алардын сүйлөшүүсү мындайча жүрөт:

Эштон : Мен окуганымда, тамаша деп ойлогом. Дүйнө бир калп. Бул чындыкка окшошпойт! Бирок мен келесоо эмесмин, Холл мырза... «Дүйнөнүн аягына барба» жөнүндө жазылгандарды окудум.

Дуглас Холл : Эмне деп жазылыптыр?

Эштон : Катта жазылганды дал өзүндөй аткардым. Эч барбай турган бир жерди тандадым. Тюсконго барууга аракет кылдым. Эмнегедир ошол жакты тандадым. Эч элетке барган эмес элем. Унаамды алып, шаардын сыртына чыктым. Чөлдө 80 километрден ылдам бараткам. Белгилүү убакыттан соң жолдо бир гана мен калдым. Менден башка ысыктык жана чаң бар эле. Катта эмне деп турса жасадым: «жол белгилерине караба жана эч токтобо. Баррикадаларда да.» Бирок шаарга жакындап калышым керек болгон кезде бир туура эмес нерсени сездим. Эч бир кыймыл да, жандык да жок эле.

Жымжырттык гана бар эле. Жана унаадан түштүм. Жана көргөн нерсем коркуудан жүрөгүмдү титиретти. Туура чыкты. Баары жалган эле. Чындык эмес эле.

Дуглас Холл : Фуллер мага эмне үчүн симуляциянын чектерин жазмак эле? Мен аларды билем.

Эштон : Суроолорду мен берем! Себебин билгим келет... Эми мага эмненин чындык экенин көрсөт. Бул чындыкпы? (атат) Бул чыныгы канбы?

Эштон жашап жаткан жеринин чындыгында виртуалдык бир дүйнө экенин билгенде, бул чындыкты кабыл алгысы келбейт. Ал тургай, муну далилдөө үчүн Дуглас Холлду атып, бутунан аккан кандын чыныгы болуп болбогонун сурайт. Бирок чынында болсо бир адам жаралангандa да абал өзгөрбөйт. Себеби ал адамдын бутунан аккан кан, сезген оорусу же коркуу сезимдеринин баары элестер (кабылдоолор) гана. Ошондуктан бир адамдын коркуу, оору сыяктуу сезимдерди сезишин да сыртта материалдык (заттык) дүйнөнүн бар экенине далил катары көрсөтүүгө болбойт.

Бул бизге да тиешелүү. Биз мээбизде көргөн кабылдоолорубуздун заттык оригиналдары бар экенин эч качан далилдей албайбыз. Бул кабылдоолордун «жасалма» бир булактан келип келбегенин, же сырткы дүйнөдө заттык бир оригиналынын болуп болбогонун эч биле албайбыз. Себеби эмнени гана көрүп сезбейли, биз мээбиздин сыртына эч чыга албайбыз.

Бул темада ойлонбостон каршы чыккан кээ бир адамдар «бир жүк ташуучу унаанын алдына чыккан адам унаа сүзгөндө, зат элес же элес эмес экенин түшүнөт» деген сыяктуу сөздөрдү айтышат. Чынында болсо унаа сүзгөндө да баарын мээбизде сезебиз. Себеби унаанын көрүнүшү да, сүзүү сезими да, коркуп унаадан качуу да мээде ишке ашкан кабылдоолор. Ошол сыяктуу, бирөө сизди урса, колунун күчүн, жүзүңүздөгү оору сезимин, кызарып калганын да мээңизде сезип-көрөсүз.

Бул жөнүндө китептерибизде мындай түшүндүрмөлөрдү айтканбыз:

Каршы пикир: «Зат мээмдин сыртында бар. Бычакты бираз кыймылдатканда, колумда сезген оору, колумдун ачышышы, колумдан аккан кан – бир сүрөттөлүш эмес. Муну жанымдагы досум да көрдү.»

Жооп: Чынында бул теманы мындан мурунку каршы пикирлердин жоопторунда детальдуу караган элек. Бирок тема маанилүү болгондуктан, бул жерде дагы бир жолу жооп берүү пайдалуу.

Бул каршы пикирди айткандардын эң маанилүү жаңылыштыгы – бул алардын сүрөттөлүштөн башка, үн, жыт, тийүү сыяктуу сезимдердин да мээде пайда болгонун ойлонбошу. Ошондуктан «бычакты мээмде көрүп жаткан болушум мүмкүн, бирок бычактын курчтугу чындык, кара, колумду кести» деп айтышууда. Чынында болсо бул адамдын колундагы оору, аккан кандын ысыктык жана суюктук сезими жана башка бардык сезимдер мээсинде пайда болот. Жанындагы досунун бул окуяга күбө болушу бул чындыкты өзгөртпөйт, себеби досу да бычак менен бир эле жерде, тагыраак айтканда, мээсинин көрүү борборунда пайда болууда. Бул адам ушул эле сезимдерди, бычак менен колун кескенин, колундагы ооруну, кандын көрүнүшүн жана жылуулугун дал ушундай абалда түшүндө да жашашы мүмкүн. Колун кескенин көргөн досун да түшүндө көрүшү мүмкүн. Бирок досунун бар болушу бул көргөндөрүнүн түш эмес экендигинин бир далили болбойт.

Ал тургай, түшүндө колун кескен убакта бирөө келип, «бул көргөндөрүң бир элес, бул бычак чындык эмес, колуңдан аккан кан, сезген ооруларың да чындык эмес, булардын баарын азыр мээңде сезип жатасың» десе, бул адам ага ишенбейт жана каршы чыгат. Ал тургай, балким «Мен материалистмин. Мындай сөздөргө ишенбейм. Азыр көрүп жаткандарымдын баарын сезип жатам, кара, канды көрбөй жатасыңбы?» дейт. (*Hayalin Diğer Adı: Madde (Элестин башка бир аты: зат)*, s.181-182)

... заттык дүйнөгө эч жете албайбыз. Биз тийген-көргөн нерселердин баары чындыгында көрүү, угуу, тийүү сыяктуу кабылдоолордун жыйындысы гана. Сезүү (кабылдоо) борборлорундагы маалыматтарды анализ кылган мээбиз өмүр бою заттын биздин сыртыбыздагы «өзүн (оригиналын)» эмес, мээбиздеги копияларын көрүп-сезет. (*Zamansızlık ve Kader Gerçeği (Убакыттын жоктугу жана тагдыр)*, s. 49)

... компьютерден мээңизге өзүңүздүн көрүнүшүңүзгө тиешелүү электрдик сигналдарды да жөнөтүүгө болот. Мисалы, бир столдо отурганда сиз сезген бардык көрүү, угуу, тийүү сыяктуу сезимдериңиздин электрдик абалдарын (сигналдарын) мээңизге жөнөтсөк, мээңиз өзүн кабинетинде отурган бир ишкер элестетет. Компьютерден келген сигналдар токтотулмайынча, бул элестүү дүйнө улана берет. Бир мээден гана турганын болсо эч качан түшүнбөйт. Себеби мээнин ичинде бир дүйнө пайда болушу үчүн мээдеги тиешелүү борборлорго керектүү маалыматтардын келиши гана жетиштүү. Бул сигналдар жасалма бир булактан, мисалы бир маалымат сакталган каражаттан же башкача бир булактан келип жаткан болушу мүмкүн. (*Zamansızlık ve Kader Gerçeği (Убакыттын жоктугу жана тагдыр)*, s. 28)

Төмөнкү диалогдо болсо Дуглас Холлдун симуляция туташуусу токтотулуп, чыныгы жашоосуна кайтышы берилген. Досу Уитни виртуалдык дүйнөдө Эштон деген адам катары аны өлтүрүүгө аракет кылат. Дуглас Холл виртуалдык дүйнөдө ушунчалык чындап корккондуктан, чыныгы жашоосуна кайтканда да, дагы эле өзүн коргоого аракет кылып жаткан болот. Ал тургай, өзүн коргоо үчүн досу Уитниге муштум урат.

Дуглас Холл : Мени өлтүрүүгө аракет кылды.

Уитни : Ким?

Дуглас Холл : Эштон. Бул дүйнөнүн чындык эмес экенин билип калды. Бул долбоор, бул эксперимент. Адамдардын жашоосу менен ойноп жатабыз!

Уитни : Тантып жатасың. Жаман бир сапар кылганыңды билем бирок...

Дуглас Холл : «Жаман бир сапарбы»? **Бул адамдар чындык. Сен экөөбүз сыяктуу чындык**.

Уитни : **Ооба, аларды ушундай долбоорлогонубуз үчүн. Алардын баары бир ууч электрондук тармак гана.**

Бул маек менен сахналардан да көрүнүп тургандай, бир адам өзүн реалдуу болбогон бир дүйнөдө чыныгы жашоодо жашап жаткандай сезиши мүмкүн. Дуглас Холл системаны долбоорлогон адамдардын бири болгонуна жана досу Уитни да көргөн адамдарынын электрондук тармак гана экенин эскертишине карабастан, буга ишене албай жатат. Бул адамдар өздөрү жасаган системасынын чындыкка окшоштугун талашып жатканда, чындыгында өздөрү да жасалма бир системанын ичинде жашап жатышкан болот. Бирок ал кезде муну билишпегендиктен, өздөрү турган дүйнөнү чындык деп ойлошот.

Китептерибизде да жасалма сигналдар менен адам өзүн чыныгы бир дүйнөдө жашап жаткандай сезиши мүмкүн экени жөнүндө көп айтылган. Булардын кээ бирлери мындай:

... заманбап технология менен жасалма сигналдар аркылуу жасалма сүрөттөлүштөрдү, башкача айтканда, жасалма бир дүйнөнү жасоого болот. Бул жасалма сүрөттөлүштөрдүн чындыктан эч айырмасы жок экендигин башынан өткөргөн адамдар айтышууда. Андай болсо биз да дайыма «жашоо сүрөттөлүшүндө» көрүп, сезип жаткандарыбыздын сөзсүз нерселердин «оригиналдары» экенин эч айта

албайбыз. Себеби бул кабылдоолорубуздун булагы такыр башка бир булак болушу мүмкүн. (*Hayalin Diğer Adı: Madde (Элестин башка бир аты: зат)*, s.72)

Мээге баруучу нервдер үзүлгөндө, мээде эч бир сүрөттөлүш пайда болбойт. Мындай учурда адам «сыртта көргөн сүрөттөлүштөрүмдүн оригиналдары бар» деп айтышынын эч бир мааниси калбайт, себеби мындай оригиналдары «бар болсо да» эч качан көрө албайт. (*Hayalin Diğer Adı: Madde (Элестин башка бир аты: зат)*, s.180)

## Элестин ичинде элести көрүү

Тасманын аягына жакын көрүүчүлөр дагы бир таң калыштуу чындыкка кезигишет. Системаны долбоорлогон жана симуляцияга туташып, виртуалдык дүйнөлөрдө өмүр сүргөн каармандардын чыныгы денелери 2024-жылда болот. Дуглас Холлдун 1999-жылы Лос-Анджелесте өтүп жатат деп ойлогон жашоосу да чындыгында бир элес. Б.а. элестин ичинде бир элести жашап жаткан болот.

Муну түштүн ичинде түш көрүүгө да окшотууга болот. Түштө да эч бир материалдык реалдуулук болбогонуна карабастан, абдан реалдуу сезимдерди сезип, ал тургай, күнүмдүк жашообуздун бир бөлүгү катары уктап ойгондук деп ойлошубуз мүмкүн. Ал тургай, түшүбүздүн ичинде көргөн түшүбүздүн канчалык реалдуу экенин түшүбүздөгү досторубузга айтып беришибиз мүмкүн.

Натыйжада бизге жасалма сигналдар менен элестерди көрүп, кийин муну байкадык деген сезим келиши ыктымал. Тасмада ушул сыяктуу бир чындыкка туш болгон Дуглас Холл буга абдан таң калат.

Дуглас Холл : Ушул сыяктуу канча симуляция дүйнөсү бар?

Джейн Фуллер : Миңдеген... Бирок сеники симуляция ичиндеги симуляция болгон жалгыз дүйнө. Эч биз күтпөгөн нерсе.

## Денеңиз да мээңизде пайда болгон бир сүрөттөлүш

Кээ бир адамдардын өз денесине тийе алышы, манжасын кесип алганда оору сезиши, денесинин кээ бир муктаждыктарын камсыздап жатышы бул адамдарга «денемдин материалдык (заттык) абалын көрүп-сезип жатам» деген сезимди бериши мүмкүн. Чынында болсо, башка нерселер сыяктуу адамдын өз денеси да бир элес жана адамдын өзү өз денесинин заттык реалдуулугуна эч качан жете албайт. Мисалы, бир адам манжасын кесип алганда колунун ачышышы да бир элес. Же курсагы ачып тамак жегенде сезген тойуу сезими да бир элес. Адамдын мээсине сырттан берилген жасалма сигналдар мындай тойуу сезимин тамак жебестен да пайда кылышы мүмкүн. Ушул себептен адам эч качан денесинин материалдык (заттык) абалда чындап бар экенин так биле албайт. Ооруларды сезген, бир нерсеге тийген, бул жазууну окуп түшүнгөн – бул адамдын руху.

Муну мындайча да ойлонууга болот: азыр сиз окуп жаткан китеп сизден болжол менен 30 сантиметрдей алыста көрүнөт. Айланаңызда дубал, терезе жана эшиктин болушу, жерден белгилүү бир бийикте отургучта отурушуңуз, алдыңызда стол турушу сизге бөлмөнүн ичинде бир жерде отургандай

сезим бериши мүмкүн. Чындыгында болсо, өзүңүздү кабылдаган дүйнөңүздүн ортосуна коюшуңуз – кайра эле сизге мээңиз түзүп берген бир иллюзия (элес). Ушундай иллюзиянын натыйжасында сиз дүйнөнүн ичиндемин деген сезимге ээ болосуз. Бирок чындык толугу менен тескерисинче; бүт нерсе сиздин ичиңизде.

Берилген кадрларда симуляциянын ичинде бир симуляция каарманы болгон Эштон чындыктарды билген соң Дуглас Холл менен сүйлөшүүдө. Эштон жылдар бою чындык деп ойлоп бир элести жашаганына таң калып жаткан болот. Бирок бул виртуалдык дүйнөнү курган Дуглас Холл да ушундай сезимдерди сезет; себеби ал да башка бир виртуалдык ааламдын бөлүгү.

Дуглас Холл : Жок Эштон... Мен да дал сен сыяктуумун. Бир ууч электрдик тармак.

Эштон : Эмне дегиң келип жатат?

Дуглас Холл : Баары туман менен күзгү. Сенин дүйнөңдөгү сыяктуу Эштон. Компьютер симуляциясынан башка эч нерсе эмеспиз.

Эштон : Бирок катта – Баары жасалма бекен?

Дуглас Холл : Кат мага жазылган. Фуллер менин дүйнөм жөнүндө айткан.

Эштон : Ошондо сен эмне деп жатасың? Бул дүйнөнүн үстүндө башка бир дүйнө бар дейсиңби?

Дуглас Холл : Ооба.

Эштон : Түшүнбөй жатам.

Дуглас Холл : Фуллер түшүнгөн.

Заттык реалдуулугу жок бир дүйнөдө, элестүү бир дене менен жашап жатканын түшүнгөн каармандар көргөн, башынан өткөргөндөрүнүн баарынын өздөрүнүн эркинде эмес экенин түшүнүшөт. Тасманын башка бир сахнасында бул жөнүндө мындай дешет:

Дуглас Холл : ... Булардын бирөөсү да чыныгы эмес. Токту үзгөнүндө мен жоголом. Айткан нерселеримдин, кылган нерселеримдин эч мааниси калбайт.

Тасмада симуляциянын бир бөлүгү экенин түшүнгөн каармандар бүт башынан өткөргөндөрүнүн алардын эркинен тышкары болуп жатканын, бүт нерсенин виртуалдык дүйнөнү жасаган адамдын башкаруусунда экенин түшүнүшөт.

Биздин абалыбыз да тасмадагы каармандардын абалына окшоп кетет. Биз жашап жаткан дүйнөдө бүт нерсе Аллахтын башкаруусунда, жана бүт детальдардын баары бул дүйнө сыноосунун бир бөлүгү катары жаратылган. Өмүр бою көргөн бүт окуяларын, уккан бардык үндөрүн Аллах анын мээсинде бир сүрөттөлүш катары жаратканын билген бир адам коркуп, жөн эле сыгылып кайгырып, паника болуунун ордуна, баарыбыздын Жаратуучубуз болгон чексиз мээримдүү жана боорукер Аллахка тобокел кылат (өзүн жана иштерин тапшырат).

Бул жөнүндө китептерибизде орун алган төмөнкү жоромолдорду эске салуу максатка ылайык:

Адамдар өмүр бою туш болгон бардык кыйынчылык жана азапка себеп болгон окуялар да чындыгында мээлеринин ичинде болууда. Бул чындыкты билген бир адам алдынан чыккан ар бир окуяга сонун сабыр кылат. Аллахтын бүт нерсени артын кайырлуу (аягын жакшы) кылып жаратканын билет жана тобокелдүү болот. (*Hayalin Diğer Adı: Madde (Элестин башка бир аты: зат)*, s. 117)

... Аллах ар бир адамга окуяларды өзгөртүү, өз чечими жана тандоосу менен кыймыл-аракет кылуу мүмкүнчүлүгү бардай бир сезим берет. Мисалы, адам суу ичкиси келгенде бул үчүн «тагдырымда бар

болсо ичем» деп отуруп күтпөйт. Ал үчүн ордунан туруп, чыныны алат жана суусун ичет. Чындап эле тагдырында аныкталган чыны менен, тагдырда аныкталган көлөмдө суу ичет. Бирок буларды жасап жатканда өз эрки жана каалоосу менен жасап жаткандай бир сезимде болот. Жана өмүр бою ар бир кылган ишинде ушундай сезимде болот. Аллахка жана Аллах жараткан тагдырга моюн сунган бир адам менен бул чындыкты түшүнө албаган бир адам арасында мындай айырма бар: өзүн тапшырган адам өзүм жасап жатам деген сезимде болсо да, булардын баарынын Аллахтын каалоосу менен кылганын билет. Берки адам болсо ар бир кылганын өз акылым жана күчүм менен кылып жатам деп ойлоп жаңылат. (*Hayalin Diğer Adı: Madde (Элестин башка бир аты: зат)*, s. 144-145)

... Асмандардагы жана жердегилердин баары Аллахтыкы жана Анын көрүнүшү. Жалгыз абсолюттук Зат – бул Аллах, жана Аллах жараткан башка жандыктар, нерселер абсолюттук эмес, сүрөттөлүштөр гана. Аллах жараткан сүрөттөлүштөрдү көргөн «мен»дер, б.а. адамдар – Аллахтан бир рухтар.

Бул илим жана чоң сырды түшүнгөндө, адамдардын аң-сезими туптунук абалга келип, алардын үстүндөгү руханий туман жоголот. Муну түшүнгөндүн баары Аллахка чын көңүлдөн моюн сунуп, Аллахты абдан сүйөт жана Андан абдан коркот... Бул улуу чындыкты түшүнгөндөр жаңы көз-карашка ээ болуп, жапжаңы бир жашоону башташат. (*Hayalin Diğer Adı: Madde (Элестин башка бир аты: зат)*, s. 101)

# ЗААЛЫМ ХАНДЫК (HARSH REALM)

Заалым хандык (Harsh Realm) деген ат менен жарык көргөн бир сериалда Пентагон (Америка коргонуу министрлиги) иштеп чыккан бир согуш оюндары симуляциясы тартылган. Аскердик согуш даярдыгындагы жаңылыктарды сынап көрүү максатында жасалган бул виртуалдык реалдуулук оюну жашыруун бир долбоор. Системага кирүүчү адамдар аскердик ордонун көзөмөлүндө жана бул адамдардын денелери баштарына кабельдер туташкан абалда атайын бир жерде кармалышат.

Заалым хандык деп аталган бул оюндун эң маанилүү өзгөчөлүгү – бул виртуалдык бир шартта абдан реалдуу бир жашоонун жасалгандыгында. Виртуалдык дүйнөдө да аскерлер, душмандар, курал-жарактар жана адамдардын коомдук жашоосу сыяктуу бүт детальдар чындыктан эч айырмасыз көрүнүштө. Долбоорлонуп жасалган бул оюнда эки түрдүү адамдар бар. Булардын биринчиси виртуалдык каарман деп аталган жасалма адамдар; экинчиси болсо оюнга кире алчу чыныгы адамдар, б.а. оюнчулар. Жасалган дүйнө абдан чындыкка окшош. Ошондой эле, виртуалдык каармандар да чыныгы адамдарга айырмалоого мүмкүн болбогончолук окшош.

Бирок тасманын сценарийинде Омар Сантиаго аттуу качкын бир аскер системага жашыруун кирип, виртуалдык дүйнөнү башкарып алган. Эч ким анын оюнга каяктан кирип чыкканын биле албагандыктан, бул адамдын виртуалдык дүйнөнү башкарышына да кийлигише албайт. Сантиагону колго түшүрүү жана анын дүйнөдөгү жаман ниеттүү пландарына тоскоол болуу үчүн тасманын башкы каармандарынын бири Том Хоббс милдеттендирилген.

Бир полковник тасманын каарманы Том Хоббске Harsh Realm жөнүндө маалымат берип, ал жердин согуш стратегиясын үйрөтүү үчүн долбоорлонгон «виртуалдык реалдуу согуш оюну» экенин жана анын милдетинин Омар Сантиагону жеңүү экенин айтат. Буга көңүлдөнбөгөн Том Хоббсту көндүрүү үчүн башына наушникке окшогон бир каражат тагылып, Заалым хандык симуляциясынын максатын түшүндүргөн бир видео кассета көрсөтүлөт. Бул видеодо Заалым хандык долбоорунда колдонулган жер көрүнүштөрүндө адамдардын чыныгы жашоосун тууроо үчүн 1990-жылкы эл каттоодон, спутник тарткан карталардан жана башка жашыруун маалыматтардан пайдаланылганы айтылат. Андан соң таанытуу тасмасы кокустан токтотулат жана Хоббс бул кассетаны көрүп жаткан кезде эле оюнга кошулуп калганын түшүнөт.

Том Хоббс эми виртуалдык бир дүйнөдө. Заалым хандык деп аталган бул жерде өзү сыяктуу аскердик күч мурдараак милдеттендирген Пиноккио аттуу бир аскер менен таанышат.

Бул виртуалдык дүйнөдөгү кабылдоолор (элестер) ушунчалык реалдуу болгондуктан, тасма бою Том Хоббс бул реалдуулукка алданып, компьютер оюнунун бир бөлүгү гана болгон виртуалдык каармандарга жардам берет, ал тургай, аларды коргоо үчүн өз жашоосун аябайт. Эмки бөлүмдөрдө тереңирээк каралгандай, адамдар көргөн сүрөттөлүштүн сапатына жана детальдарына алдануу менен кыялдарында (элес катары) жашаган окуяларын чындыктай кабыл алышы толук мүмкүн.

## Ар бир адам өз экранын, б.а. рухуна көрсөтүлгөн сүрөттөлүштөрдү көрөт

Үч өлчөмдүү тасма тартылып жатканда, эки башка бурчтан тартылган сүрөттөлүш бир эле экранга чагылтылат. Көрүүчүлөр түс фильтри же полярдаштырылган фильтрдик атайын көз айнектерди кийишет. Көз айнектин айнегиндеги фильтрлер эки сүрөттөлүштүн бирин кармайт, мээ буларды бириктирип үч өлчөмдүү сүрөттөлүшкө айлантат. Чынында болсо көрүүчүлөрдүн алдында 3 өлчөмдүү бир сүрөттөлүш жок, бул атайын бир ыкма менен алынат.

Ошол сыяктуу адамдардын дүйнө жашоосу жөнүндө көргөн сүрөттөлүштөрү да эки өлчөмдүү гана. Б.а. узуну жана туурасы бар. Бирок үч өлчөмдүү тасманы көрүп жатканда колдонулган ыкмага окшоп, адам көргөн сүрөттөлүштөр да ага 3 өлчөмдүүдөй сездирилет. Мына ушул нерсе – адамдар мээлеринде көргөн сүрөттөлүштөрдү чындык деп ойлоп жаңылышынын эң негизги себептеринин бири. Биз көргөн сүрөттөлүштө алыстык, терендик, түс, көлөкө, жарык сыяктуу элементтер ушунчалык кемчиликсиз колдонулгандыктан, мээбизде пайда болгон үч өлчөмдүү, түстүү жана жандуу сүрөттөлүш бизге абдан реалдуу сезилет. Детальдардын көптүгү, сүрөттөлүштөгү үзгүлтүксүз сапат бизге өмүр бою реалдуу бир жашоону жашап жатабыз деген сезимди берет. Бирок үч өлчөмдүү, терендиги бар бир перспективаны көрүп жатышыбыз булардын сырткы дүйнөдө заттык оригиналы бар экенин эч качан далилдебейт.

Заалым хандык аттуу бул сериалда да иштеп чыгылган жасалма дүйнө чындыктарга канчалык окшош болсо да, оюнга туташкан адамдардын денелери бир керебетте кабельдерге туташкан абалда жатат. Көрүп жаткандары канчалык реалдуу болсо да, бүт болуп жаткандар мээге келген жасалма электрдик сигналдардын жоромолу гана. Берилген кадрларда тасманын рекламасына тиешелүү сүрөттөлүш жана жазуулар көрсөтүлгөн:

Женерик : Чыныгы дүйнөбүз сыяктуу дагы бир дүйнө бар. Сиз ушул дүйнөдө жашайсыз. Үй-бүлөңүз жана досторуңуз менен. Али силер муну биле элек болсоңор да, мен силерди куткаруу үчүн жөнөтүлдүм. Бул бир оюн.

Төмөндөгү саптарда болсо тасманын каарманы Том Хоббстун виртуалдык дүйнөдө өткөргөн алгачкы күндөрүндөгү сөздөрү орун алган. Сөздөрүнөн да байкалгандай, Том Хоббс турган дүйнөсүнүн реалдуу эмес экенин билсе да, ушундай ойлонуудан өзүн ала албай жатат.

Том Хоббс : ... Булардын баарынын чындык эмес экенин, ичинде жашап жаткан бул дүйнөнүн виртуалдык бир реалдуулук экенин билсем да... күндөлүк тутуп жатам, башыман өткөргөндөрдү анализ кылууга жана күчүмдү сактоого аракет кылып жатам. Өлбөш үчүн бүт чараларды көрүп жатам.

Тасманын каарманы төмөндөгү саптарда болсо өзү кошулган элестүү дүйнөнүн чындыкка окшоштугун кайра кайра айтууда. Ал тургай турган чөйрөсү ушунчалык чындыктай сезилгендиктен, башыма келгендер бир оюндун бөлүгү болуп калсын деп дуба кылууда.

Том Хоббс : Омар Сантиагодон качып жүрөбүз. Бул дүйнөнү башкарган компьютер программасын басып алган качкын бир аскер. Аскер күчү мени өлтүр деп жөнөткөн киши Сантиаго эле. Эгер булардын баары чындык эмес болсо, али себебин түшүнбөсөм да, андан чындап жана абдан коркушууда... Бул жер чыныгы дүйнөнүн бир копиясы деп айтышууда. Бүт адамдар менен бирге баарыбыздын Заалым хандыктын виртуалдык реалдуулугунда жашай турган жана өлө турган бир

копиясы бар... Бирок программага туташкан биздер гана чындыкты билебиз: бул бир оюн. Мунун бир оюн экендигинин чын болушу үчүн дуба кылам...

Жогоруда тасмадан берилген мисалдар азыр бир жашап жаткан жашообузга да тиешелүү. Себеби баарыбыз биздин рухубузга көрсөтүлгөн сүрөттөлүштөрдү көрүп, ошолорду сезебиз. Сыртыбызда чыныгы бир дүйнө бар болсо да, ага жетишибиз, анын оригиналына жолугушубуз эч мүмкүн эмес. Муну *Эволюция калпы* аттуу китебибизде орун алган төмөнкү сүйлөмдөр менен кыскача баяндоого болот:

Зат – бир элес, демек «жасалма» бир нерсе. Б.а. бул элес башка бир күч тарабынан жасалышы, тагыраак айтканда, жаратылышы керек. Болгондо да үзгүлтүксүз. Эгер тынымсыз бир жаратуу болбосо, биз зат деп атаган элестер да жок болуп кетет. Бул бир телевизор экранындагы сүрөттөлүш уланышы үчүн телеберүүнүн да тынымсыз уланышына окшош.

Андай болсо, ким биздин рухубузга жылдыздарды, дүйнөнү, өсүмдүктөрдү, адамдарды, денебизди жана көзүбүзгө көрүнгөн бардык нерселерди тынымсыз көрсөтүүдө?

Биз жашап жаткан бүт заттык ааламды, б.а. элестер жыйындысын жараткан жана тынымсыз жаратууну уланткан жогорку бир Жаратуучунун бар экени айдан ачык. Бул Жаратуучу ушунчалык көркөмдүү жаратканына караганда чексиз кудуреттүү жана илимдүү.

Ал Жаратуучу бизге Өзүн тааныштырат. Жол көрсөтүүчү катары жөнөткөн Курани Керим аркылуу бизге Өзүн, ааламды жана биздин эмне үчүн жаратылганыбызды кабар берген. (*Evrim Aldatmacası (Эволюция калпы)*, II. baskı, s. 210)

## Адамдын денеси да кабылдоолордун бир жоромолу

Адамдардын заттын чыныгы жүзүн түшүнүшүнө жолтоол болгон бир фактор – бул алардын өз денеси жөнүндө жаңылышуусу. Төмөн көздөй караганда көздөрүнө көрүнгөн дене жана бул дененин бүт тарабынан аларга жеткен тийүү сезимдери алардын дүйнөнү жаңылыштык менен кабылдашына себеп болот. Бул дене жаңылткандыктан улам, бир «сырткы дүйнөнүн» ичинде жашагандай сезимге кабылышат.

Чынында болсо денебиз да сырткы дүйнөгө тиешелүү бүт кабылдоолорубуз сыяктуу биз үчүн копия бир сүрөттөлүш. Ошондуктан биз көрүп-сезген дене сырттагы оригиналы эмес, мээбиздин ичинде пайда болгон жана кабылдоолорубуздун бир жоромолу болгон бир элес.

Ушуга байланыштуу Заалым хандык аттуу сериалдагы маектердин кээ бирлери төмөнкүчө:

Том Хоббс : Оюнду жеңүү үчүн буйрук алдым.

Миңбашы Уоттерс : Бул бир оюн эмес. Чыгуу жок. Үйгө кайтуу жок. Менин да милдетим ошондой болчу.

Том Хоббс : Анда эмне үчүн чыныгы дүйнөдө Сантиагону жок кылышпайт?

Миңбашы Уоттерс : Каерде экенин билишпейт. Каерден чыгып киргенин. Бүт программаны уурдады.

Пиноккио : Эгер бул жерде өлсөң, алар виртуалдык бир каарманды жок кылган болбойт, сени жок кылган болот. **Чыныгы дүйнөдө бир жерде бир ташыгычтын үстүндө жаткан сенин мээң, аң-сезимиң, башың.**

Бул сөздөрдөн да көрүнүп тургандай, Заалым хандык оюнуна катышкан адамдар бир компьютер оюнундагы сыяктуу виртуалдык көрүнүштөрү менен жүрүшөт. Чыныгы денелери болсо оюнга тиешелүү сүрөттөлүш компьютерлер аркылуу мээлерине берилген такыр башка жерлерде турат.

Мисалы, кийинки бетте ордо кызматкери Инга Фосса аттуу бир аялдын бул виртуалдык дүйнөгө өтүшү берилген. Фосса электрондук бир бөлмөдө креслого жатып, башына атайын бир каражатты тагат жана денеси сканерленген соң симуляцияга өтөт. Кийинки кадрларда болсо өзүнүн Заалым хандык оюнунун ичинде Сантиаго шаарынын өкмөт имаратында турганын көрөт.

Төмөнкү сүрөттөрдө болсо тасманын башкы каармандарынын бири Пиноккионун жүзү жаракат алган абалда кабельдерге туташкан денеси берилген. Бирок Заалым хандык оюнунун ичинде жүзүндө мындай жаракат жок. Бул мисалдан да көрүнүп тургандай, жасалма сигналдар аркылуу бир адам сырткы көрүнүшүн чыныгы абалынан такыр башкача кабылдашы мүмкүн.

Бул жөнүндө китептерибизде мындай түшүндүрмөлөрдү жасаганбыз:

Адамдардын бүт нерсени мээсинде көрүп жаткандыгын түшүнүшүнө тоскоол болгон себептердин бири – денелерин да бул сүрөттөлүштүн ичинде көрүшү. «Мен бул бөлмөнүн ичиндемин, демек бул бөлмө менин мээмде пайда болгон жок» сыяктуу туура эмес бир жыйынтыкка барышууда. Аларды мындай туура эмес жыйынтыкка алып барган жаңылыштыгы болсо – бул денелеринин да сүрөттөлүшүн көрүп жаткандыгын унутушунун натыйжасы. Чөйрөбүздө көргөн нерселерибиздин баары копия сүрөттөлүштөр гана болгон сыяктуу эле, денебиз да мээбизде пайда болгон бир копия сүрөттөлүш. Мисалы, азыр отурган креслодо денеңиздин мойнуңуздан ылдый тарабын көрүп жатасыз. Бул сүрөттөлүш да башка сүрөттөлүштөр сыяктуу системада пайда болууда. Колуңузду бутуңузга койгондо бул тийүү сезими да мээңизде жаралууда. Башкача айтканда, сиз азыр мээңизде пайда болгон денеңизди көрүп жатасыз жана денеңизге тийгениңизди да мээңизде сезип жатасыз.

Денеңиз да мээңиздеги бир сүрөттөлүш болгондуктан, бөлмө сиздин ичиңиздеби, же сиз бөлмөнүн ичиндесизби? Бул суроонун туура жообунун «бөлмө сиздин ичиңизде» экендиги айдан ачык. (*Hayalin Diğer Adı: Madde (Элестин башка бир аты: зат),* s. 56)

Бир адам чынында үйүндөгү диванында бейпил гана уктап жатканда, түшүндө өзүн бир согуштун ичинде көрүшү мүмкүн. Ал тургай, согуштун бүт ызы-чуусун, коркуу жана паникасын абдан реалдуу жашашы мүмкүн. Бирок ошол учурда жалгыз, тымтырс бир жерде жаткан болот. Түшүндө көргөн абдан реалдуу сүрөттөлүш жана үндөр болсо мээсинде пайда болууда. (*Hayalin Diğer Adı: Madde (Элестин башка бир аты: зат),* s. 60)

Бул саптарды окуп жатканда, ичинде отурам деп ойлогон бөлмөңүздүн негизи ичинде эмессиз; тескерисинче бөлмө сиздин ичиңизде. Денеңизди көрүшүңүз сизди бөлмөнүн ичинде экениңизге ынандырат. Бирок бир нерсени унутпаңыз; денеңиз да мээңизде пайда болгон бир сүрөттөлүш. (*Evrim Aldatmacası (Эволюция калпы),* II. baskı, s. 205)

# Мээбиздеги сүрөттөлүштөрдүн сырткы дүйнөнүн оригиналы экенине ишенген адам жаңылган болот

Бир адам бир даракты көргөндө, ал дарактын өзү деп ойлосо, өзүн алдаган болот. Себеби мээбиздин сыртына чыгып дарактын өзүнө жетишибиз эч мүмкүн болбойт. Китеп бою көп жолу айтып кеткендей, адам көрүп-тийген дарак мээсиндеги электрдик сигналдардын жоромолу гана. Муну башка тараптан мындай бир мисал менен да түшүндүрүүгө болот:

Физикалык реалдуулуктун (заттын) өзүн көрүп, өзүн кармайбыз деген гипотезабыз бир компьютер экранындагы сүрөткө болгон мамилебизге окшошот. Компьютердин баскычтарын кыймылдатканда, экрандагы курсордун кыймылдаганын көрөбүз. Чындыгында компьютер негизги (эне) процессорго бир маалымат толкунун жөнөтөт. Бул маалымат толкуну курсордун жаңы ордун ченейт жана экрандагы сүрөттөлүштү жаңылайт. Эски компьютерлерде бир буйруктун берилиши менен экрандагы таасиринин көрүнүшү арасында көзгө байкалаарлык бир кечирүү бар эле. Бирок учурда компьютерлер абдан ылдам болуп калгандыктан, секунданын кичинекей бир бөлүгүндө өзгөргөн сүрөттөлүштү да кайрадан эсептей алууда. Ошондуктан, компьютер баскычтарын кыймылдатышыбыз менен экрандагы курсордун кыймылынын бирдей болушу бизге курсорду кыймылдатып жатам деген сезимди берет.

Күнүмдүк жашоодогу тажрыйбаларыбыз да жогорудагы мисалга окшош. Бир ташты тепкибиз келгенде, бутубузду кыймылдатуу каалоосу денебиздин тиешелүү аймактарына жиберилет жана бутубуз ташка тийүүнү багыттап кыймылдайт. Мээ дененин кайра жөнөткөн маалыматтарын –мисалы, таштын катуулук сезими, бутубузду пайда болгон ооруну- алат жана реалдуу бир сүрөттөлүштү сунуу үчүн жаңылайт. Негизи компьютердеги сыяктуу биздин кыймылдарыбызда да бир кечигүү бар. Бирок мээбиздин сезимдерибиз менен байланыштуу маалыматтарды жоромолдошу секунданын бештен бириндей кыска убакытта ишке ашат. Ушул себептен, бул кечигүүнү байкабайбыз жана заттык дүйнө менен түз байланышта болуп жаткандай сезимге кабылабыз.

Эгер биле алгандарыбыздын баары мээбизде түзүлгөн сүрөттөлүштөр гана болсо, анда кабылдоолорубуздун артында бир реалдуулук (бир зат) бар деп кантип кесе айта алабыз? Бул болгону бир гипотеза эмеспи? Ооба, бул болгону бир гипотеза. Бирок далилдөө эч мүмкүн эмес. Себеби физикалык (заттык) бир дүйнөнүн бар экенине ишенгендердин колдорундагы жалгыз далили – бул кайра эле мээлеринде пайда болгон элестер.

«Биз заттын оригиналын көрүп-сезип (тийип, даамдап, жыттап) жатабыз» деп ишенген адамдардын абалы виртуалдык бир дүйнөдөгүлөрдү чындык (реалдуу) деп талашкан сыяктуу эле логикасыз. Сериал бою Пиноккио аттуу бир каарман Том Хоббстун айланадагы сүрөттөлүштөрдү чындыктай кабыл алып мамиле кылганынын туура эмес экенин айтат.

Сериалдын бир бөлүгүндө Том Хоббс чыныгы жашоодогу сөйкөлүүсүнүн виртуалдык каарман абалындагы копиясын көрөт жана эч бир реалдуулугу жок бул виртуалдык копияны коргоо үчүн өз жанын аябай аракет кылат. Ошол сыяктуу жакшы көргөн ити чыныгы жашоодогусунун бир копиясы катары оюнда бар, жана аны коргоо үчүн да көп жолу рисктерге кирет.

Тасманын башка бир сахнасында Том Хоббс оюндун согушка үйрөтүү үчүн атайын жасалган бир аймагында кичинекей бир баланы көрөт. Балага боору ооруп, ага артка кайт, бул жер коoптуу дейт. Бирок

жанындагы аскер Том Хоббско ал жаш баланын компьютер оюнунун бир бөлүгү гана экенин эстетет жана алардын арасында мындай маек жүрөт:

Том Хоббс : Сен бул жерде эмне издеп жүрөсүң. Үйүңө кайт. (жаш баланы эскертет)

Эрик Соммерс : Ал балага көп жакын болбо.

Том Хоббс : Эмнеге жакын болбойун?

Эрик Соммерс : Мунун ойнолгонун 100 жолу көрдүм. Бул жаш бала бир жолу да 28-күндөн кийинин көргөн жок.

Том Хоббс : Бирок дагы эле бул жерде.

Эрик Соммерс : Ал болгону бир оюн фигурасы. Сени менен мен сыяктуу эмес ал. Кайра келип, бул жерде өлүшсүн деп симуляция аларды кайрадан программага жүктөйт.

Том Хоббс виртуалдык бир дүйнөдө жүргөнүн билсе да жана ага көргөн виртуалдык каармандарынын симуляциянын бир бөлүгү экени кайра кайра эскертилсе да, сүрөттөлүштүн реалдуулугуна алданып, мамиле кылат. Мисалы, согуш кызыган бир маалда душмандардан коргонууга аракет кылып жатышканда, душмандар тарапты көздөй баскан жаш баланы көргөндө, өзүн кармана албастан аны куткаруу үчүн өз жанын коркунучка салат.

Пиноккио : Сен эмне кылып жатасың?

Том Хоббс : Ал болгону бир жаш бала.

Пиноккио : Соммерстин бул жер жөнүндө айткандарын уктуң. Эч нерсени өзгөртө албайсың.

Том Хоббс : Мен буга ишене албайм.

Башка бир сахнада болсо кайра эле душмандардан качып бараткан бир кезде жаш баланын атылганын көрөт. Жардам берүү үчүн колуна алганда болсо денеси жоголуп кетет. Ага мурда да эскертилгендей, жаш бала оюндун бир бөлүгү катары атылган жана оюн кайра башынан башталганга чейин оюнга кошула албайт.

Жогоруда тасмадан берилген мисалдар мээсиндеги копия дүйнөнү көрүп-сезип жатканын кабыл ала албаган адамдардын абалына окшош. Албетте, биз жашап жаткан дүйнөнү бир кинотасма менен салыштырууга болбойт. Себеби биз жашап жаткан дүйнөнү бир компьютер оюну же технологиялык бир өнүгүү менен түшүндүрүүгө болбойт. Бул дүйнөнү ичиндеги жандуу-жансыз бүт нерселери менен бирге Улуу Аллах жараткан. Жана жашообуздун жаратылуу максатын бизге Куранда мындайча билдирген:

**Мен жиндерди жана адамдарды бир гана Мага ибадат кылышсын деп жараттым. (Зарият Сүрөсү, 56)**

Мына ушул себептен биз өмүр бою Аллах бизге буйрук кылгандарды аткарууга жана Ага ибидат кылууга милдеттүүбүз.

Бул тасмаларга болгон окшоштук болсо жашообуздун илимий реалдуулугу менен байланыштуу: «көзүм менен көрүп жатам, кулагым менен угуп жатам, демек мен жашап жаткан дүйнө чындык» деп өзүн алдаган көп адамдар чындыгында бул сөздөрүн да мээлеринин ичиндеги жымжырттыкта айтышат. Бул илимий чындыктар – учурда бүт физиология китептеринде же орто мектептин жогорку

класстарынын биология китептеринде орун алган апачык чындыктар. Сүрөттөлүштүн жана сезимдердин мээде кандайча пайда болоору учурда медицина факультеттеринде детальдуу окутулууда.

Өнүккөн илим менен бирге физика, квантум физикасы, психология, неврология, биология, медицина сыяктуу илим тармактары бул чындыктын илимий тараптарын апачык ортого койду. Ошондуктан, учурда заттын оригиналына эч качан жете албашыбыз илимий бир чындык жана сырткы дүйнөнүн оригиналын көрүп, кармап жатам деген бир адам бул илимий чындыктан жүз бурган болот. Адамдын милдети болсо – ушул илимий чындыктарды кабыл алуу жана мээбизде жашап жаткан дүйнөбүздүн ичинде Улуу Аллахка болгон жоопкерчилигибизди билип жашоо. Китептерибизде бул жөнүндө айткандарыбыздын кээ бирлери төмөнкүлөр:

... заттык дүйнөнүн оригиналын көрбөшүбүз сыноо сырын жокко чыгарбайт. Заттын маңызын эч качан билбесек да, Аллах арам кылган нерселер арам, адал кылгандары болсо адал. Мисалы, Аллах чочконун этин арам кылган. «Чочконун кандай болсо да элесин көрүп жатам» деп бул жаныбардын этин жештин өзүн-өзү алдоочулук жана акылсыздык экени ачык. Же «маңдайымдагы адамдардын баарынын мээмде пайда болгон сүрөттөлүштөрүн гана билем, буларга калп айтсам эч нерсе болбойт» деп айтуу да – Аллахтан корккон жана бул чындыкты терең түшүнгөн бир адам кыла турган нерсе эмес. Бул абал Аллах койгон бардык чектерге, буйрук жана тыйууларга тиешелүү... Аллах бүт дүйнөнү элестер жыйындысы катары жараткан, бирок бизди бул элестер ичинде Куранда билдиргендеринен милдеттүү кылган. (*Hayalin Diğer Adı: Madde (Элестин башка бир аты: зат),* s. 207-208)

... чын көңүлдөн ойлонгон бир адам сыноо үчүн заттын оригиналын көрүүнүн шарт эмес экенин абдан ачык түшүнөт. Аллах сыноо чөйрөсүн сүрөттөлүштөр ааламында жараткан. Бир адамдын намаз кылышы, адал жана арамга көңүл бурушу үчүн заттын оригиналын билүүсү керек деп айткандардын эч кандай аргументтери жок. Мындан тышкары, эң маанилүү нерсе – бул рух. Акыретте жазаландырылган же бейиш нематтары менен ырыскы тартууланган да – рух. Аллах сынаган нерсе да – адамдын руху. Ошондуктан, заттын мээбиздеги бир элесин көрөөрүбүз жөнүндөгү чындык адал жана арамдарга карап жашоого жана ибадаттарды аткарууга эч кандай тоскоол болбойт. (*Hayalin Diğer Adı: Madde (Элестин башка бир аты: зат),* s. 208)

Кээ бир адамдар тарыхта заттын маңызын түшүнүшкөн, бирок Аллахка болгон ыймандары алсыз болгондуктан жана Куранды жакшы аңдап-түшүнө албагандыктан, туура эмес ишенимдер чыгарышкан. «Бүт нерсе кандай болсо да элес, анда ибадат кылуунун кажети эмне» дегендер болгон. Булар абдан туура эмес жана сабатсыз пикирлер. Бүт нерсенин Аллах бизге көрсөткөн бир сүрөттөлүш экендиги чындык. Бирок Аллахтын бизди Курандан милдеттүү кылганы да анык чындык. Демек биздин милдет – Аллахтын буйрук жана тыйууларына абдан маани берип, аларга ылайык жашоо. (*Hayalin Diğer Adı: Madde (Элестин башка бир аты: зат),* s. 215)

Аллах бизди бир элестер дүйнөсүндө жашатып жаткан болсо да, бизге бул дүйнөнү белгилүү себептерге көз-каранды кылып көрсөтүүдө. Мисалы, биз курсагыбыз ачканда, «кандай болсо да элес, эчтеке болбойт» дебейбиз, тамак жейбиз. Тамак жебесек арыктап, бир мөөнөттөн кийин жашообуздан айрылышыбыз мүмкүн. Аллах каалаганда, каалаган адамы үчүн, каалаган нерсесин себепчи кылып бул себептерди жок кылышы мүмкүн. Биз муну биле албайбыз. Бирок төмөнкү нерсе маанилүү бир чындык: Аллах бизди Курандан толук милдеттүү кылган жана биз Курандагы ибадаттарды жана ыкластуу

амалдарды аткаруу үчүн бул себептер чөйрөсүндө жашоого мажбурбуз. (*Hayalin Diğer Adı: Madde (Элестин башка бир аты: зат),* s. 221)

Жыйынтыктасак, бир адам эң алгач Аллах Куранда ага жүктөгөн милдеттерди көңүлү (абийири) тынчтанганга чейин жасашы, аткарышы керек. Заттын маңызын билүү жана дүйнөгө бул акыйкатка жараша бир көз-караш менен кароо болсо адамдын Аллах ыраазылыгы үчүн жасаган аракеттерин мындан да күчтөндүрөт, чечкиндүүлүгүн эсе эсе жогорулатат. (*Hayalin Diğer Adı: Madde (Элестин башка бир аты: зат),* s. 222)

## Башы жана аягы белгилүү болгон бир тасманы көрүү

Жогоруда бир бөлүмдө убакыттын салыштырмалуу, кабылдоочуга жараша өзгөргөн, туруктуу эмес бир түшүнүк экенин айткан элек. Бул чындыкты билүү тагдырды түшүнүү үчүн да абдан маанилүү. Себеби тагдыр – бул Аллахтын өтмүш жана келечектеги бардык окуяларды «бир көз ирмемде» жаратканы. Бул болсо Аллах Кабатында ааламдын жаратылышынан кыяматка чейинки бүт окуялар жашалып бүткөн дегенди билдирет.

Адамдардын көпчүлүгү Аллахтын али боло элек окуяларды кантип билээрин, Аллах Кабатында өтмүш жана келечектеги бардык окуялардын кантип жашалып бүткөнүн жана тагдырдын чындык экенин эч түшүнө алышпайт. Чынында болсо «боло элек окуялар» - биз үчүн боло элек окуялар. Себеби биз Аллах жараткан убакыттан көз-каранды абалда өмүрүбүздү улантабыз жана эс тутумубузга маалымат берилмейинче эч нерсени биле албайбыз. Аллах болсо убакыт жана мейкиндиктен көз-каранды эмес, ансыз да булардын баарын Өзү жоктон жараткан. Ошондуктан Аллах үчүн өтмүш, келечек жана учур чактын баары бирдей, жана баары болуп бүткөн.

Өтмүш жана келечектин чындыгында Аллах Кабатында жаратылган жана болуп бүткөн, сакталуу, даяр турган окуялар болушу бизге абдан маанилүү бир чындыкты көрсөтөт: бүт адамдардын баары сөзсүз тагдырына баш ийген. Адам өтмүшүн өзгөртө албаган сыяктуу эле, келечегин да өзгөртө албайт. Себеби өтмүшү сыяктуу, келечеги да болуп бүткөн; келечегиндеги бардык окуялар, качан, каерде, эмне тамак жей турганы, ким менен эмнени сүйлөшөөрү, канча акча табаары, кайсы ооруларга чалдыгаары, аягында качан, кантип, каерде өлөөрү, баары белгилүү, жана буларды өзгөртө албайт. Себеби булар ансыз деле Аллах Кабатында, Аллахтын илиминде болуп бүткөн абалда турат. Болгону булар жөнүндөгү маалыматтар али адамдын эс тутумуна бериле элек.

Ошондуктан, башына келген окуяларга кайгырган, ачууланган, кыйкырып өкүргөндөр, келечеги үчүн тынчсыздангандар, ач көздүк кылгандар чындыгында өздөрүн керексиз эле кыйнашууда. Себеби кандай болот деп кайгырып, корккон келечеги ансыз деле болуп бүткөн. Жана эмне гана кылбасын аларды өзгөртүү мүмкүнчүлүгү жок.

Заалым хандык сериалынын бир бөлүгүндөгү Экинчи дүйнөлүк согуш менен байланыштуу сахналар да бул теманы түшүнүүгө жардамчы боло алат. Сериалдын бул бөлүгүндө тасманын башкы каармандары токойлуу бир жерде баратышканда, компьютер оюнундагы бир катадан улам бир заматта тынымсыз кайталана берген бир согуш симуляциясында болуп калышат.

Том Хоббс : Бул эмне болуп кетти эми? Программа катасыбы?

Оюндун бул бөлүгүндө Экинчи дүйнөлүк согуштагы Арденнадагы кармашуу жандандырылган. Бир көпүрөнүн эки башында турган немец жана америкалык аскер ордолорунун кичинекей алдыңкы топтору арасындагы согуш 1 айдан ашуун убакытка созулган бир курчоо күрөшүн чагылдырат.

Том Хоббс : Ал жактагы көпүрө. Мен офицерлердин мектебинде окуп жүргөндө Экинчи дүйнөлүк согуштагы Арденна майдан согушун изилдегенбиз. Немец жана американын аскердик күчтөрүнүн эки кичинекей алдыңкы тобу арасында, Бельгиядагы Хоттенде курчоо бар эле. 1 айдан ашыкка созулган. Бул көпүрөнүн дал ошол экенине ант иче алам.

Пиноккио : Бул бир согуш симуляциясы.

Том Хоббс : Бир эмне?

Пиноккио : Виртуалдык согушуу симуляциясы. Заалым хандык программасынын бета тестин кылып жатышканда, илгерки согуш сценарийин жүктөшкөн: Pork Chop Hill, Picket's Charge сыяктуу.

Том Хоббс : Анда бул дагы бир оюн.

Пиноккио : Бул бир согуш аянты үйрөтүү программасы. Заалым хандыктын иштеп чыгылышынын негизги себеби.

Том Хоббс : Бул бул жерде эмнесин жоготкон?

Пиноккио : Ким билет? Унутулуп байкалбай калса керек. Чыныгы дүйнөдө бирөө «өчүр» баскычын басканды унутуп койгондур.

Башка бир убакытка барып калган тасманын каармандары бир немец аскер тарабынан өлтүрүлөөрдө, америкалык бир аскер тобу аларды куткарат. Бирок убакыттагы айырмадан улам башка нерселерди айтышкандыктан, америкалык аскерлер тарабынан колго түшүрүлүшөт.

Сериалдын алгачкы сахналарында Эрик Соммерс деген ат менен жүргөн жана чыныгы дүйнөдө бар болгон бир аскердин жарылууларды тоготпой жүрүшү көңүл бурат. Бул жер тынымсыз кайталануучу бир согуш үйрөтүү симуляциясы болгондуктан, бүт нерсе программалангандай болот. Муну билген бул аскер жерге жатып, үчкө чейин санаганда жанына бир граната түшөт, ал болсо гранатаны алып жашынган жеринин сыртына ыргытат. Андан соң чайын ичүүнү улантат. Кыскача айтканда, бүт нерсе программанын бир бөлүгү катары ишке ашкандыктан жана оюн кайра кайра башына кайтып бир эле окуялар кайталана бергендиктен, бул аскер согуш учурунда да бейпил гана жүрүүдө.

Эрик Соммерс : Үч... эки... бир.

(Гранатаны алып, сыртка ыргытат. Анан чайын алып ичүүнү улантат.)

Эрик Соммерс : Граната.

Эрик Соммерс аттуу бул аскер да тасманын каармандары Том Хоббс жана Пиноккио сыяктуу чыныгы дүйнөдө компьютерлерге туташып, оюнга кошулган бир адам. Ошондуктан ал да жашап жаткан убакыт жана мейкиндиктин реалдуу эмес экенин билет. Бирок оюндун бул бөлүгүнөн чыгуу жолун таба алган эмес. Жана бул жерге алгачкы жолу келген Том Хоббс менен Пиноккиого 4 км квадраттык бул согуш майданындагы окуялардын дайыма программалангандай ишке ашаарын айтат. Мисалы, курчоонун ар жолкусунда 34 күнгө, каршы кол салуунун 28 күнгө созулаары, аскер батальонундагылардын кайсы күнү, кандай окуя менен өлөөрүнүн белгилүү болушу сыяктуу.

Сериалдын бул бөлүктөрү тагдыр темасын түшүнүүгө бир мисал боло алат. Бир адам бүт өмүрүн бир кинолента сыяктуу элестетсе, биз бул лентаны видео кассетадан көргөндөй көрөбүз жана кассетаны

алдыга түрдүрүү мүмкүнчүлүгүбүз жок. Кассетаны кайра кайра көрсөк да, мурдатан даяр болгон бир кинонун эч бир нерсесин өзгөртө албайбыз. Бизге өзүбүз өзгөртүп жаткан сыяктуу сезилген кездер да чындыгында тасмада алдын ала аныкталып коюлган.

Бирок бул тасманы (тагдырды) бүт детальдары менен бирге аныктаган, жараткан жана реалдуулук сезими менен жашаткан – бул Аллах. Жана бул кинолентанын баарын бир эле учурда көрүп, билип турат. Биз бир сызгычтын башын, ортосун жана аягын бир караганда эле көрө алган сыяктуу, Аллах биз көз-каранды болгон убакытты башынан аягына чейин жалгыз бир көз ирмем катары ороп курчаган. Адамдар болсо убактысы келгенде гана бул окуяларды башынан өткөрүп, Аллах алар үчүн жараткан тагдырга күбө болушат. Бул чындык дүйнөдөгү бүт адамдардын тагдырларына тиешелүү.

... Аллах бизге окуяларды белгилүү бир ирээт менен, кичинеден чоңду көздөй ага турган абалда, өтмүштөн келечекти карай аккан бир убакыт бар болгон сыяктуу кабылдаткан үчүн, бизге келечегибиз менен байланыштуу окуяларды билдирбейт, булардын маалыматын эс тутумубузга бербейт. Келечек биздин эс тутумубузда жок, бирок Аллахтын чексиз хыфзында бүт адамдардын өтмүшү жана келечеги бар. Бул, мурда да айтылгандай, бир адамдын жашоосун буга чейин эле бар болгон бир тасмадан көрүшү сыяктуу. Тасма мурда эле тартылган жана бүткөн. Бирок бул тасманы алдыга түрүү мүмкүнчүлүгү болбогон адам кадрларды бир бирден көргөн сайын жашоосун көрөт. Али көрө элек кадрларды болсо «келечегим» деп ойлоп жаңылат. (*Hayalin Diğer Adı: Madde (Элестин башка бир аты: зат),* s. 142)

... тагдырга ыйман келтирген бир адам башына келген эч бир окуяга капаланбайт, үмүтсүздүккө түшпөйт. Тескерисинче, абдан тобокелдүү, баш ийген абалда жана дайыма бейпил, бактылуу болот... Адам жолуккан кыйынчылыктар да, жетишкен ийгилик жана байлыктары да Аллахтын буйругу менен. Булардын баары – Раббибиз адамдарды сыноо үчүн тагдырында мурдатан белгилеген окуялар... Бир гана адамдардын эмес, бүт жандуулардын, буюмдардын, Күндүн, Айдын, тоолордун, дарактардын, бүт нерсенин Аллах Кабатында белгиленген бир тагдыры бар. (*Hayalin Diğer Adı: Madde (Элестин башка бир аты: зат),* s. 148)

... ар бир көз ирмеми Аллах Кабатында жашалган, көрүлгөн жана ушул учурда Аллахтын хафызасында («эс тутумунда») даяр турган бир жашоо үчүн тынчсыздануу, коркуу, кайгыруу – чоң бир капылеттик... Чындыгында ар бир адам ансыз деле Аллахка өзүн тапшырган жана моюн сунган абалда жаратылган. Себеби, каалаcа да каалабаса да Аллах ал үчүн жараткан тагдырга моюн сунуп жашайт... Аллахка өзүн тапшырган, Аллах жараткан тагдырдын ал үчүн эң жакшысы (кайырдуусу) экенин билген бир адамды кайгыга сала турган, коркута турган, тынчсыздандыра турган эч нерсе жок. Бул адам колунан келген бардык аракетин жасайт, бирок бул аракеттин да тагдырында экенин, эмне гана кылбасын тагдырында жазылганды өзгөртүүгө күчү жетпешин билет.

Момун (ыймандуу) Аллах жараткан тагдырга өзүн тапшырат, муну менен бирге туш болгон ар бир окуяда колунан келишинче себептерди жасайт, чара кабыл алат, окуяларды жакшы, кайырдуу тарапка багыттоо үчүн аракет кылат, бирок бул нерселердин баарынын тагдыры ичинде ишке ашканын жана Аллахтын эң жакшысын башынан аныктап, белгилеп койгондугун билүү менен бейпилдик ичинде болот. (*Hayalin Diğer Adı: Madde (Элестин башка бир аты: зат),* s. 150-151)

## Ачышуу, оору сыяктуу сезимдер да кабылдоолордун мээдеги жоромолу гана

Тасманын каармандарынан Том Хоббс бир лагерьдин жоопттуулары тарабынан колго түшүрүлөт жана жыгач иштеринде иштетүү максатында лагерьге камалат. Ал жерде апасынын виртуалдык дүйнөдөгү копиясына кезигет. Апасынын өлүмгө себеп болчу бир рак оорусуна чалдыкканын билгенде, көргөн сүрөттөлүштөрүнүн виртуалдык реалдуулук экенин унутуп, ага жардам берүүгө аракет кылат. Досу Пиноккио болсо лагерьдеги кароолдор тарабынан жараланган. Том Хоббс ага пландары жөнүндө айтканда, алардын арасында мындай сүйлөшүү жүрөт:

Том Хоббс : Өзүңдү кандай сезип жатасың?

Пиноккио : Эгер булар чындык эмес болсо, кантип мынча ооруп жатат?...

Том Хоббс : Бул жерден чыгышыбыз керек... Абал мындан да татаал.

Пиноккио : Кандайча?

Том Хоббс : Апамды таптым. Ал ушул жерде.

Пиноккио : Апаңбы?

Пиноккио : Хоббс. Бул жерде көп адамга жолуктум. Чыныгы дүйнөдөгү тааныштарыма.

Том Хоббс : Ал менин апам.

Пиноккио : Жок. **Болгону ага окшош көрүнүүдө. Дүйнөдөгүлөрдүн баарынын бул жерде бир копиясы бар. Бүт нерсе ушундай жасалган. Бирок алар болгону виртуалдык каарман папкалары, чыныгы адамдар эмес.**

Том Хоббс : **Мени тааныды. Менин ким экенимди билет экен.**

Пиноккио : **Билбейт, ал оюндун бир бөлүгү гана. Сага эмне болгонун билбейт. Булардын баарын чындык деп ойлойт.**

Том Хоббс : Оору сезип жатат. Бул сен сезгенден башкачабы?

Тасманын бул бөлүгүнөн көрүнүп тургандай, тасманын каармандары чындыгында бир креслодо жатышканына карабастан, өздөрүн жараланган, денеси ооруп жаткан абалда көрүшүүдө. Бул оору чыныгы менен бирдей деп ойлошууда. Бирок чындыгында бул сезимдер аларга жасалма берилүүдө.

Эмгектерибизде да адамдар сезген сезимдер себебинен, -мисалы күчтүү оору сезүү, коркуу ж.б.- заттын оригиналын көрүп-кармап жатам деп ойлоору айтылган. Бирок чындыгында бул бир жаңылыштык. Адам эч качан заттын оригиналын көрүп кармай албайт. Бул жөнүндө китептерибиздеги сүйлөмдөрдүн кээ бирлери төмөнкүчө:

Бир адам колун кесип алганда сезген оорусу, аккан кандын ысыктык жана суюктук сезими да мээсинде пайда болот. Бул адам түшүндө да колун кескенин көрүп, ушул эле сезимдерди сезиши мүмкүн. Бирок түшүндө бир элести гана көрөт, бычак да, канаган жара да жок болгон болот. Демек оору сезими бүт жашообузду мээбиздин ичинде бир сүрөттөлүш катары көрүп жаткандыгыбызды өзгөртпөйт. (*Hayalin Diğer Adı: Madde (Элестин башка бир аты: зат)*, s. 182)

... бир гана көрүү эмес, тийүү, сүзүү, сокку, катуулук, оору сезүү, ысыктык, сууктук, нымды сезүү сыяктуу бардык сезимдер - көрүү сезими сыяктуу эле адамдын мээсинде пайда болгон кабылдоолор. Мисалы, автобуска отуруу үчүн автобустун эшигинин муздак темирин колунда сезген адам чынында бул «муздак темир сезимин» мээсинде кабылдайт. Бул абдан ачык жана белгилүү бир чындык. Тийүү сезими, мурда да айтылгандай, бир адамдын, мисалы манжаларынан келген нерв сигналдарынын, мээсинин белгилүү бир чекитинде пайда кылган бир сезим. Сезген – манжаларыбыз эмес. Адамдар муну илимий

түшүндүрмөсү да ушундай болгондуктан, кабыл алышууда. Бирок автобустун эшигин кармоо эмес, автобустун адамды сүзүшү жөнүндө сөз болгондо болсо, башкача айтканда, бул тийүү сезими күчтүү жана оору берүүчү болгондо, бул чындык жараксыз деп ойлошууда. Чынында болсо, оору сезүү жана сокку да мээде кабылданат. Бир автобус сүзгөн бир адам соккунун күчүн жана оорунун баарын мээсинде сезет.

**... Адам түшүндө да аны автобус сүзгөнүн, кырсыктан кийин көзүн ооруканада ачканын, операция жасалганын, докторлордун сөздөрүн, үй-бүлөсүнүн шашып-бушуп ооруканага келишин, майып болуп калганын же жанынын аябай ооруганын көрүшү мүмкүн. Түшүндө көргөн бардык бул окуялардын сүрөттөлүштөрүн, үндөрүн, катуулук сезимин, ооруну, жарыкты, ооруканадагы түстөрдү, ар түрдүү сезимди абдан даана сезип, башынан өткөрүүдө. Жана булардын баары чыныгы жашоодогу сыяктуу табигый жана ишенимдүү. Ошол учурда түшүндөгү бир адам ага «түш көрүп жатасың, көргөндөрүң бир элес» деп айтса, ага ишенбейт. Чынында болсо көргөндөрүнүн баары бир элес жана автобус да, оорукана да, түшүндө көргөн денеси да сырткы дүйнөдө материалдык бир зат катары бар эмес. Түшүндө көргөн денеси жана автобус материалдык зат катары жок болгонуна карабастан, «чыныгы бир денеге» «чыныгы бир автобус» сүзгөндөй сезимге кабылууда.**

... Катуу бир сокку, жаныңды ооруткан иттин тиштери – заттын оригиналын көрүп жатканыңыздын далили эмес. Себеби жогоруда айтылгандай ушул сыяктуу нерселерди түшүңүздө да, зат катары жок болсо да, сезип жашашыңыз мүмкүн. Ошондой эле, бул сезимдин күчтүү болушу ал сезимдин мээде пайда болгондугу чындыгын өзгөртпөйт. Бул – илимий тараптан далилденген абдан так бир чындык. (*Hayalin Diğer Adı: Madde (Элестин башка бир аты: зат)*, s.176-178)

... кыйынчылыктар, азаптар, коркуу пайда кылган окуялар да – адамдын мээсинде пайда болгон элестер. Көргөн сүрөттөлүштөрүнүн чыныгы маңызын билген бир адам кабылган кыйынчылыктан улам кыйналбайт, арызданбайт. Же абдан ачуулуу жана коркунучтуу душманынын алдында да, мээсиндеги элестерди көрүп жатканын билүү менен коркуу жана үмүтсүздүккө кабылбайт. Баарынын Аллах пайда кылган сүрөттөлүштөр экенин жана Аллахтын буларды терең максаттуу жаратканын билет. Кандай нерсеге жолукпасын, Раббибизге болгон өзүн тапшыруусу жана ишениминин бейпилдигинде болот. (*Hayalin Diğer Adı: Madde (Элестин башка бир аты: зат)*, s. 117-118)

# ВАНИЛЛА АСМАН (VANILLA SKY)

Ванилла асман аттуу тасмада адам өз жашоосундагы окуялардан кайсысынын түш, кайсысынын чыныгы жашоо экенин ажырата албай адашышы мүмкүн экенине көңүл бурулат. Тасманын каарманы да, көрармандар да тасма бүткөнчө бул багытта күмөндө болушат. Тасманын башкы каарманы Дэвид Аамез айланасындагы адамдар идеалдуу деп ойлогон мактанаарлык бир өмүр сүрөт. Атасы дүйнөдөн кайткан соң ага мураска калган ири бир басмакана фирмасынын башчысы. Сырткы көрүнүшү, материалдык абалы, социалдык чөйрөсү жагынан айланасындагылардын баары көз артып суктанган бир жашоодо жашайт.

Бирок бир күнү бир жол кырсыгына кабылып, өңү жаман болуп калат жана кыймылдуу жашоосу токтойт. Бир заматта мурдакы досторунун баары таштап кетет. Өзүн жалгыз жана бактысыз сезген ушундай бир учурда өтмүш жашоосун «ойгоо түш» (lucid dream) деп аталган сонун кыялдар менен жашатышы үчүн бир фирма менен келишимге кол койот. Ошентип бул адамдын мээсинде каалаган куракта, каалаган сырткы көрүнүштө, каалаган адамдар менен жасалма бир жашоо жашатылат. Бирок бир түштөгү сыяктуу адам ага көрсөтүлгөндөрдүн бир элес экенин сезбестен, чыныгы бир жашоодо жашап жаткандай сезимде болот.

## Түшпү чыныгы жашообу?

Түшүңүздө окуялар толугу менен сиздин башкарууңуздан тышкары болот. Ордун да, убактысын да, сценарийин да сиз чечпейсиз. Уйкуңуздун бир жерлеринде өзүңүздү кокустан бир катар окуялардын арасынан табасыз. Башкача логикалык тизмектер, түшүнүксүз табият мыйзамдарына жолуксак да, булардын көпчүлүгү сизге кызыктай сезилбейт. Чындыгында колуңуз да, көзүңүз да, көрүп-кармай турган бир нерселер да жок болгонуна карабастан, айланадагы бүт нерселер сиз үчүн чыныгы, кол менен кармоого, көз менен көрүүгө мүмкүн болгон нерселер болот.

Андай болсо, биз чыныгы деп кабыл алган азыркы жашообуздун түштөн айырмасы кандай? Чыныгы жашоонун үзгүлтүксүз болуп, «түштүн үзүк-үзүк болушу» же «түштө башкача себеп-натыйжа байланыштарынын болушу» десеңиз, анда булар түпкүрүндө маанилүү айырмалар эмес. Себеби эки жашоо тең мээде пайда болот. Түш учурунда чыныгы болбогон бир дүйнөдө чыныгыдай жашап жатсак, ушундай эле абал бул дүйнөгө да тиешелүү болушу толук ыктымал. «Түштөн ойгонгонубузда чыныгы жашоо деп аталган узунураак бир түштү көрүп баштадык» деп айтууга тоскоол боло турган эч бир логикага сыярлык себеп жок.

Ванилла асман аттуу тасмада да ар бир адам күмөнгө түшүшү мүмкүн болгон ушул парадокс сценарийдин негизин түзгөн. Мисалы, тасманын алгачкы сахналарында башкы каарман Дэвид электрондук саатынын «көздөрүңдү ач, көздөрүңдү ач» деген коңгуроосу менен ойгонот. Саатынын 9:05 болгонун көргөн соң, жүзүн чайкайт жана күзгүдөн өзүн каранып, чачынан бир тал жулат. Андан соң жумушуна баруу үчүн унаасы менен жолго чыгат. Бирок күн сайын өтүп жүргөн Нью-Йорк жолдорунун ал күнү бош экенин көрөт. Имараттар, унаалар, баары өз ордунда турат, бирок айланада эч адам жок.

Мындан коркуп жатканда, саатынын «көздөрүңдү ач, көздөрүңдү ач» деген коңгуроосу менен кайрадан ойгонот. Түшүндө көргөндөрүн эми чыныгы жашоосунда жасайт. Саатын карап, 9:05 болгонун көрөт, жүзүн чайкап, күзгүдөн өзүн каранат да, түшүндө кылганындай чачынан бир тал жулат. Анан унаасына түшүп, жумушуна баруу үчүн жолго чыгат. Түшүнөн бир гана айырма катары шаардын көчөлөрүндө болушу керек болгон адамдар жүргөн болот.

Тасманын кадрларынан көрүнүп тургандай, түшүндө да адам чыныгы жашоодо кылып жаткандарын көрүшү, ал тургай, булардын чыныгы экенинен эч күмөн санабашы толук мүмкүн.

Бул жөнүндө китептерибизде төмөнкүдөй түшүндүрмөлөрдү жолуктура аласыз:

Адам түшүндө чындыкка абдан окшош окуяларды көрүшү мүмкүн. Тепкичтен кулап, бутун сындырып алганын, олуттуу бир жол кырсыгына кабылганын, бир автобустун астында калганын, курсагы ачканда бир торт жеп тойгонун көрүшү мүмкүн. Күнүмдүк жашоодо кездешкен окуяларга окшош окуялар түштө да ошондой реалдуулукта, ошондой сезимдер менен болууда. Түшүндө аны автобус сүзүп кеткенин көргөн бир адам кайра эле түшүндө кырсыктан соң көзүн ооруканада ачышы мүмкүн; жаракат алганын түшүнөт, бирок чындыгында бул бир түш... Түшүндө көргөн бүт окуялардын сүрөттөлүштөрүн, үндөрүн, катуулук сезимин, ооруну, жарыкты, түстөрдү, ар түрдүү сезимди бир топ тунук көрүп, сезет. Түшүндөгү сезимдеринин баары чыныгы жашоодогудай кадыресе реалдуу. Түшүндө жеген бир торту болгону бир элес болсо да, курсакты тойгузат. Себеби тойуу – бул бир сезим (кабылдоо). Чындыгында болсо ал адам төшөгүндө жаткан болот. Ал жерде эч тепкич да, жол да, автобус да, торт да жок. Түш көрүп жаткан адам сырткы дүйнөдө эч бир материалдык оригиналы (заты) болбогон кабылдоо жана сезимдерди жашап, көрүп жатат. Түштө «сырткы дүйнөдө» эч бир материалдык оригиналы (заты) болбогон окуялардын жашалып, көрүлүп, сезилип жатышы «сырткы дүйнөнүн» толугу менен элестерден турганын апачык көрсөтөт. (*Evrim Aldatmacası (Эволюция калпы),* II. Baskı, s. 218; *Zamansızlık ve Kader Gerçeği (Убакыттын жоктугу жана тагдыр),* s. 39)

Адамга бир ит кол салса да, булардын баарын мээсинде көрүп жаткан болот. Себеби адам ушундай эле окуяны түшүндө бул жашоодогунун өзүндөй көрүшү мүмкүн, түшүндө да коркуп, качышы мүмкүн. (*Hayalin diğer Adı: Madde (Элестин башка бир аты: зат),* s. 178)

Тасманын башка бир сахнасында Дэвид курдашы Софиага көргөн түштөрүнөн кандай таасирленгенин мындайча айтып берет:

Дэвид : Кандай десем, абдан коркунучтуу бир түш көрдүм... Ылдый машинама бараткам, досум бар болчу... ал жакта, анан жаныма келди... Машинаны абдан коркунучтуу айдап бараткан. Ал капалуу эле, кандай десем... машинаны көпүрөнү көздөй айдады...

Софиа : Жумушка бараткан белең?

Дэвид : Болушу мүмкүн. Анан колум менен жүзүм бырчаланды. Бирок андан да жаманы... ойгоно албай жатам...

Дэвид : Түштөрүм мага заалым тамашаларды кылып жатты. Мени кыйнашты. Кээде түшүмдөн чындыкка ойгонгум келген учурлар да болду. Бирок кайра түшүмө кайта албай жаттым. Колуман келбейт. Түштөрүм дайыма жакшы болчу эмес...

Эмненин чыныгы, эмненин түш экени жөнүндө кайчы пикирге түшүүнүн себеби – экөөсүндө тең көрүлгөн жашоонун мээде болушунда. Чыныгы деп атаган жашообуз да китеп бою айтып келе жаткандай, мээге жеткен электрдик сигналдар пайда кылган таасирлер гана. Жана көргөн-

сезгендерибиздин бизге реалдуудай сездирилиши да эч качан бир көрсөткүч боло албайт. Биз кабылдоолорубуздун мээбиздеги жоромолдорун гана көрүп-сезебиз жана сыртта бул кабылдоолорубуздун заттык (материалдык) оригиналынын бар же жок экенин так биле албайбыз. Түшүбүздөгү сыяктуу...

Түш жөнүндө бир мисал муну түшүнүүгө жардам берет: ушуга чейин айтылгандарга ылайык мээбиздин ичинде бир түш көрүп жатабыз дейли. Түшүбүздө элестүү бир денебиз болот. Элестүү бир колубуз, элестүү бир тулку-бойубуз, элестүү бир көзүбүз жана элестүү бир мээбиз. Түшүбүздө бизге «каерде көрүп жатасың?» деген суроо узатылса, «мээмде көрүп жатам» деп жооп беребиз. Бирок ал жерде чыныгы бир мээ жок. Элестүү бир дене, элестүү бир баш жана элестүү бир мээ гана бар. Түшүңүздөгү сүрөттөлүштү көргөн эрк болсо - түштөгү элестүү мээ эмес, андан «жогору» турган бир нерсе.

Түштөгү дүйнө менен биз чыныгы жашоо деп атаган дүйнө арасында кандайдыр бир физикалык айырма жок экенин билебиз. Анда, бизге чыныгы жашоо деп аталган бул дүйнөдө «каерде көрүп жатасың?» деген суроо узатылганда да, жогорудагы мисалда айтылгандай, «мээмде» деген жоопту берүүнүн эч бир мааниси жок. Эки учурда тең көргөн жана кабылдаган эрк – бул бир кесим эт болгон мээ эмес.

Мээни анализ кылганда, башка жандуу органдарда да болгон протеин жана май молекулалары сыяктуу молекулалардан башка бир нерсе көрбөйбүз. Б.а. мээ деп аталган бир бөлүк этте сүрөттөлүштөрдү көрүп, жоромолдой турган, аң-сезимди түзө турган, кыскача айтканда, «мен» деп атаган нерсени түзө турган эч нерсе жок. (*Evrim Aldatmacası (Эволюция калпы),* II. baskı, s. 208-209)

Кийинки беттеги сахнада болсо тасманын башкы каарманы Дэвид доктору менен сүйлөшүп жатканда, доктору андан элес менен чындыкты айырмалай аласыңбы деп сурайт. Дэвид алгач ишенимдүүлүк менен айырмалай алам дейт. Бирок өтмүшүнө тиешелүү эс тутумундагы эскерүүлөрүн эстегенге аракет кылган сайын, эң аягында күмөнгө түшүп, чындыкты айырмалай албаганын айтат. Болгондо да тасманын каарманы бул сөздөрдүн баарын айтып жатканда да, ага көрсөтүлгөн элестүү бир дүйнөнүн ичинде жашап жаткан болот.

Доктор : Ким эле ал ресторандагы адам? Ким эле?

Дэвид : Билбейм.

Доктор : **Элес менен чындыкты айырмалай аласыңбы?**

Дэвид : Албетте? Сенчи?

Доктор : Муну ойлончу, эмне келишимге кол койгонуңду жакшылап эсте. Кол койдуң беле?

Дэвид : Бир кол койгонум эсимде.

Доктор : Ресторандагы адам да ошол жерде беле? Бир каршылык сезишиң мүмкүн, бирок жооп башыңда.

Дэвид : Ооба бар. (Ошол кезде кол койгон кагазы жана техникалык кызматкер бир саамга эсине келе түшөт.)

Доктор : Жакшы. Аллей ким?

Дэвид : **Мен эмненин чындык экенин билбейм.**

Тасманын бул бөлүмдөрү да ойго салгандай, адам көргөн сүрөттөлүштөрүнүн реалдуулугуна алданып, элестүү бир дүйнөнү чындык деп ойлоп жашашы мүмкүн. Тасмада ага көрсөтүлгөн жасалма

түштөр ичинде жашаган Дэвид көргөндөрүнүн реалдуулугуна чындап ишенүүдө. Бул көп адамдардын азыр жашап жаткан жашоосуна да тиешелүү. Себеби адамдар сүрөттөлүш, үн же сезимдердин оригиналдарын көрүп, угуп, сезип жатам дешет. Чынында болсо булардын баары мээлериндеги копиялар, б.а. оригиналдарына эч жетүүгө мүмкүн болбогон элестер.

Китеп бою айтылып келе жаткан бул логика жөнүндө мурдакы китептерибизде айтылгандардын кээ бирлери төмөнкүдөй:

... заттык оригиналдары болбогон элестерди реалдуу (чыныгы) деп ойлоп алданышыбыз абдан оңой. Бул чындыкты түшүбүздө көп сезебиз. Түшүбүздө толугу менен чындыктай сезилген окуяларды, адамдарды, буюмдарды, жерлерди көрөбүз. Бирок баары элестер гана. Түш менен «чыныгы жашоонун» арасында болсо түпкүрүндө бир айырма жок; экөөсү тең мээде жашалат. (*Evrim Aldatmacası (Эволюция калпы)*, II. baskı, s. 208)

Жасалма жол менен алынган сигналдар натыйжасында сыртта кандайдыр бир заттык реалдуулук жок болсо да, мээбизде оригиналындай реалдуу жана жандуу бир заттык дүйнө пайда болушу мүмкүн. Берилген жасалма сигналдар натыйжасында бир адам чындыгында үйүндө отурса да, өзүн учак айдап бараткандай сезиши мүмкүн. (*Evrim Aldatmacası (Эволюция калпы)*, II. baskı, s. 207)

## Оригиналына жете албаган бир дүйнөнүн көрүүчүсү экениңизди унутпаңыз

Башыңызды көтөрүп, турган бөлмөңүзгө көз жүгүртсөңүз, «сыртымда бир бөлмө бар, мен ошол бөлмөнүн ичинде бир жерде отурам» деген ойго келесиз. Бутуңуз турган жердин бутуңуздун астында экенинен, айланаңызда болсо аба менен курчалган бир боштуктун бар экенинен эч күмөн санабайсыз. Бирок бул сезимдер көрсөтүлгөн сүрөттөлүштөрдүн реалдуулугу, кемчиликсиз гармониясы, үч өлчөмдүү болушу сыяктуу себептерден улам сизди жана миллиарддаган адамды жаңылтууда.

Чынында болсо үй-бүлөңүз, университетиңиз, фирмаңыз, баары сиз үчүн мээңизде жаратылат. Күн, ай жана жылдыздар да сиздин ичиңизде айланууда. Кыскача айтканда, сиз дүйнөнүн ичинде эмес, дүйнө сиздин ичиңизде.

Тасмадагы «ойгоо түш» (lucid dream) деп аталган элестүү дүйнө да бул теманы түшүнүүгө жардам берүүчү бир мисал боло алат. Төмөндөгү саптар адамдарга бир түш сыяктуу элестүү бир дүйнө сунган бир фирманын рекламалык сөздөрү. Булар бир тасмада орун алган сөздөр бирок учурда өнүккөн илим урматында бул нерселер толугу менен реалдуу. Учурдагы техникалык мүмкүнчүлүктөр менен каалаган адамга жасалма бир дүйнөнү жасап, чыныгы бир жашоо сезимин берүүгө болот.

Реклама : Программадагы модель эркек, америкалык... Төрөлүү жана өлүм... Өзүңүз каалаган жашыңызда өмүрүңүздү каалагандай уланта аласыз... Өмүрүңүздү каалаган жаштан уланта аласыз. Ушул заманда же келечектеги каалаган бир заманда жашай аласыз. Эсиңиздегилер менен. Жашооңуз реалдуудай бир дүйнөдө уланат. Мүнөт мүнөт. Оюңузга келген бүт нерсе. Эгер кааласаңыз бир жайкы каникулда... Кереметтүү бир кинодо, же жактырган поп ырыңыздын клибинде. Кайсынысын тандасаңыз да, баары абдан таасирдүү. Көйгөйлөр болгондо техникалык колдоо көрсөтөбүз. Уктайсыз, анан өмүрүңүздүн калган бөлүгү чыныгы бир түштө уланат.

Айым : Ойгоо бир түш. Жана кандай гана болбосун бул бир түш. Бейпилдиктин түшү, ийгиликтин түшү, дүйнө менен байланыштуу жактыргандарыңыз бар бир түш. Муну чыныгы мааниде айтып жатам. Ойлон Дэвид. Толук бир өмүр. Эмне кааласаң баары... Бул мээнин төңкөрүшү.

Жогоруда көрүнүп тургандай, тасманын каарманы Дэвид ага чыныгы жашоо сезимин берүүчү, бактылуу боло турган бир түш көрсөтүлүшү үчүн келишимге кол койгон. Бирок бул элестүү дүйнөнүн бир талабы катары түзгөн келишимин эстей албайт жана жашап жаткан бактылуу көз ирмемдерин чындык деп ойлойт. Чынында болсо ал кезде денеси атайын бир жерде сакталып турат жана ага атайын, ал каалагандай сүрөттөлүштөр чыныгыдай көрсөтүлөт.

Тасманын бир сахнасында бир катар техникалык кемчиликтерден улам, келишим түзгөн фирманын бир кызматкери Дэвидге абалды түшүндүрүүгө мажбур болот. Бир элес дүйнөсүндө жашап жатканын кабыл алгысы келбеген Дэвид катуу каршылык көрсөтөт. Бирок фирманын кызматкери алар турган жердеги сүрөттөлүштү катырып коюу менен көрсөтүлгөн сүрөттөлүштөрдүн алардын башкаруусунда экенин далилдейт.

Кызматкер : Проблемаларың барбы?

Дэвид : Эч кимдин жакшылыгына муктаж эмесмин.

Кызматкер : Булардын баарынын бир түшүндүрмөсү бар, Дэвид. Бир-бирибизди тааныйбыз. Мени интернеттен тапкансың. Сага жардам берүү үчүн бул жердемин, Дэвид.

Дэвид : Кимсиң сен? Эмне үчүн мени ээрчип жатасың?

Кызматкер : Эң биринчиден жана эң негизгиси өзүңдү карма.

Дэвид : Өзүңдү карма. Өзүмдү кармашым керек экен.

**Кызматкер : Сезимдериңе алдырба... Мага ишен.**

Дэвид : Мен жакшымын. Уктуңбу?

Кызматкер : Дэвид, мобул адамдардын баарын бир кара. Баары кайдандыр бул жерге келген туурабы?

Дэвид : Албетте.

Кызматкер : Башкача айтканда, сени менен байланышы жок.

Дэвид : Жок.

Кызматкер : Ошондойбу? Балким алар сен бул жерде болуусун каалаганың үчүн ушул жердедир. Сен күчтүүсүң. Баарын жакшы же жаман кылышың мүмкүн.

Дэвид : Баарынын оозун, өзгөчө сеникин жапкым келсечи?

Кызматкер : Көрдүңбү? Мени менен бир келишим түзгөнсүң, Дэвид.

Дэвид : Андай болсо менин чыныгы жашоомдо эмне болгон? Кантип силерге келгенмин?

Кызматкер : Чындап билгиң келеби?

Дэвид : Мага баарын көрсөт.

Дэвид : Булардын баары элеспи ошондо? Мисалы Мак Кабенин (докторунун аты) бул жерге келишин кааласам?

Көрүнүп тургандай, адам жасалма жолдор менен чындык деп ойлошу мүмкүн болгон, айланасындагы нерселерге тийип, жегендеринин даамын сезе алган, күлүп көңүлүн көтөрө турган абдан жандуу бир дүйнөнүн ичинде жашашы мүмкүн, жана тасманын негизги темасы да ушул чындык.

Бул чындыкты түшүнүү абдан маанилүү. Себеби заттын артындагы бул сырды түшүнгөн адамдар такыр башка бир руханий абалда болушат. Баарынан мурда, заттын чыныгы жүзүн түшүнүү менен адамдар Аллахтын каерде экендиги, бейиш жана тозоктун бар экендиги, рухтун маңызы, өлүмдөн кийинки жашоо, түбөлүктүүлүк сыяктуу темаларды оңой гана түшүнө алышат. Мисалы, мурдалары материалисттик бир дүйнө көз-карашына ээ болгон же бул көз-караш менен тарбияланып чоңойгон адамдар бул темаларды түшүнө албай келишсе, заттын бир элес катары кабылданышын түшүнгөн соң, Аллахтын жалгыз абсолюттук Зат экенин апачык түшүнө алышууда.

Мунун натыйжасында дүйнө жашоосунда байланган бүт нерселеринин, ач көздүктөрдүн маанисиз экени көрүлүп; бой көтөрүү жана текебердиктин ордун жөнөкөйлүк менен жумшак пейилдүүлүк, сараңдык жана өзүмчүлдүктүн ордун берешендик менен жардамдашуу, ишенбөөчүлүк жана тынчсыздануунун ордун бейпилдик менен тобокелдүүлүк (моюн сунуучулук) алат. Себеби заттын бир элес экенин, Аллах «сезим жана элес даражасында жараткан» бир дүйнөдө жашап жатканын түшүнгөн бир адам Аллах жараткан окуялар менен жандыктар арасында күрөшүүдөн кутулат. Бүт жакшылык жана жамандыктын Аллахтан экенин билет жана ар бир ишинде Аллахка дуба кылып, Андан жардам сурайт. Адамдар абдан маани берген кызматтык даражалардын, акчалардын, мүлктөрдүн –сарайдай үйлөрдүн, люкс машиналардын, кымбат баалуу кийимдердин- болгону элестер гана экенин жана Аллах буларды сыноо үчүн жаратканын билгендиктен, буларга маани бербейт.

Ошондой эле, заттын жана мейкиндиктин бир элес экенин түшүнгөн адам Аллахтан башка кандайдыр бир жандыктан коркуудан да кутулат. Көргөн бүт нерселеринин Аллах жараткан элестер экенин жана Аллахтын каалоосу болмоюнча эч кимдин ага эч нерсе кыла албашын билет. Адамдар өздөрүнүн жана абдан маани берген адамдарынын бир көлөкө жандыктар экенин түшүнгөндө, Аллахка шерик кошпостон ыйман келтирет жана дүйнө жашоосунун алдамчы кооздуктарына алдырбастан, бир гана Аллахтын ыраазылыгына жетүү үчүн жашайт.

Заттын элес экенин түшүнүүнүн адамдардын руханий абалында кандай оң өзгөрүүгө себеп болооруна китептерибизде көп орун бергенбиз. Булардын кээ бирлери төмөнкүдөй:

Жалгыз абсолюттук Зат болгон Аллах, албетте, жараткан адамын толугу менен билет. Бул Аллахка абдан оңой. Бирок кээ бир адамдар сабатсыздыгынан улам муну түшүнүүдө кыйналышат. Чынында болсо биз «сырткы дүйнө» деп ойлогон элестерди көрүп жатканыбызда, б.а. өмүр сүрүп жатканыбызда, бизге эң жакын болгон нерсенин, кандайдыр бир элес эмес, Аллахтын Өзү экени апачык чындык. Курандын «**Ант болсун, адамды Биз жараттык жана напсисинин ага кандай азгырыктарды берип жатканын билебиз. Биз ага күрөө тамырынан жакынырaакпыз» (Каф Сүрөсү, 16)** аятынын сыры да ушул чындыкта жашырылган. Бирок бир адам менин денем «заттан» турат деп ойлогондо, бул маанилүү чындыкты түшүнө албайт. Себеби «мага эң жакын нерсе – бул менин денем» деп ойлойт. Мисалы, бир адам өзүн «мээм» деп ойлосо, ага күрөө тамырынан да жакыныраак бир Зат болушу мүмкүн экенин элестете албайт.

... бүт нерсенин мээсинде көрүп-сезген копиялар экенин түшүнгөндө, сырт тарап, ич тарап, алыс, жакын сыяктуу түшүнүктөрдүн эч мааниси калбайт. Күрөө тамыры да, мээси, колу, буту да, менин сыртымда деп ойлогон үйү, машинасы жана ал тургай абдан алыста деп ойлогон күн, ай, жылдыздар да бир эле экранда. Аллах аны толук ороп-курчаган жана ага «чексиз жакын». (*Hayalin Diğer Adı: Madde (Элестин башка бир аты: зат),* s. 95)

... бүт нерсенин бир сүрөттөлүш экени жөнүндөгү чындык болсо мындай ач көздүк, берилүүлөрдү маанисиз кылганы үчүн абдан маанилүү. Себеби бул чындыкты түшүнүү адамдар ээ болгон жана ээ болууга аракет кылган бүт нерсенин, ач көздүк менен чогулткан мүлктөрүнүн, мактанган балдарынын, мага эң жакын деп ойлогон жубайларынын, досторунун, эң жакшы көргөн денелеринин, эң жогору деп ойлогон кызматтык орундарынын, окуган университетинин, өткөргөн эс алууларынын элестер гана экенин көрсөтөт. Демек, булар үчүн ач көздүк кылуу, убакыт коротуу, эмгек коротуу текке кеткен болот.

Натыйжада кээ бир адамдар колундагы мал-мүлктөрү менен, «яхталары менен, вертолеттору менен, заводдору менен, холдингдери менен, сарайлары менен, жерлери менен» булар чындап эле бар сыяктуу мактанганда, уят болушкан болот.

... Ушуларга окшошторду түштөрүндө да көп жолу көрүшөт. Түштөрүндөр да үйлөрү, абдан ылдам машиналары, абдан баалуу кооздук буюмдары, ууч ууч долларлары, топ топ алтын жана күмүштрү болот. Түшүндө да чоң бийликтүү болушат, миңдеген адамдар иштеген бир заводдору болот, көп адамдарга буйрук бере турган күчтөрү болот, бүт адамдарды таң калтырган кийимдерди кийишет... Бирок түшүндөгү байлык-бийлиги менен мактануу аларды күлкүмүштүү абалга салган сыяктуу эле, бул дүйнөдөгү аларга көрсөтүлгөн сүрөттөлүш менен мактануу да ошондой күлкүмүштүү. Түпкүрүндө, түшүндө көргөндөрү да, бул дүйнөдө көргөндөрү да мээлериндеги сүрөттөлүштөр гана. (*Evrim Aldatmacası (Эволюция калпы)*, II. baskı, s. 215-216)

Ири бир холдингдин ээси, үйлөрү, эң кымбат машиналары, алдында ийилген, ага урмат көрсөткөн кызматкерлери бар бир адам чындыгында кожоюндук кылган бүт нерселеринин баарын мээсинин ичинде бир сүрөттөлүш катары көрөт. Анын аброй, даңкы да кайра эле анын мээсинде пайда болууда. Абдан олуттуу жана маанилүү деп ойлогон, убактысынын көп бөлүгүн короткон жумушу, кесиптештери менен жасаган чогулуштары, алган чечимдери да мээсинде пайда болгон сүрөттөлүштөр. Ушул эле адам акчасын ач көздүк менен санап жатканда, чынында мээсиндеги акчаларды санайт. Бой көтөрүп, өзүн көрсөтүү менен яхтасында бараткнда, мактанып жаткан адамдардын, яхтасынын жана көргөн пейзажынын да мээсинде пайда болгон сүрөттөлүштөр экенин байкабайт. Ага бул чындык түшүндүрүлгөндө болсо, колундагы бүт байлык жана абройун жоготпош үчүн бул чындыкка катуу каршы чыгат. Бирок бул адам түшүндө да булардын баарына ээ болушу мүмкүн жана түшүндө булардын реалдуу экени жөнүндө эч күмөн санабайт. Түшүндө да ага булардын чыныгы ээси эмессиң деп айтылса, буга каршы чыгат. Бирок ойгонгондо баарынын бир элес экенин түшүнөт. (*Hayalin Diğer Adı: Madde (Элестин башка бир аты: зат),* s. 108-109)

# ЧЫНДЫККА ЧАКЫРЫК (TOTAL RECALL)

Чындыкка чакырык (Total Recall) аттуу тасмада да Ванилла асман (Vanilla Sky) тасмасындагы сыяктуу, башкы каарман да, көрүүчүлөр да болуп жаткан окуялардын кайсысынын чындык, кайсысынын элес экенин айырмалай алышпайт. Тасманын каарманы биз чындык деп кабыл алган жашоосунда Дуглас Куэйд аттуу бир куруучу жумушчу жана эң чоң кыялы – бул Марска баруу.

Марста жашоо мүмкүн болгон фантастикалуу бир доор жандандырылган тасмада ал жерде террористтик акттар болот жана Марстын башкаруучусу (Вилос Кохаген) бул көтөрүлүштү басуу үчүн ар кандай кызматташтыкка даяр экенин билдирет. Тасманын каарманы Дуглас Куэйд болсо Марска барып, ал жердеги бул окуяларды токтотууну кыялданат. Бирок жубайы бул пикирге каршы чыккандыктан, эң акыркы чара катары реалдуудай ынандыруучу элестерди жашаткан, башкача айтканда, виртуалдык эс алууну саткан "Recall" аттуу бир фирмага кайрылууну чечет. Ал жерде бүт детальдары адамдын тандоосуна жараша алдын-ала пландалган, чындыктан айырмасыз жана чыныгысынан бир топ арзан эс алуу мүмкүнчүлүктөрү сунулат. Ал тургай, адам кааласа, башка бир адам катары, башка бир адамдын аты менен бул саякатка чыга алат.

Тасманын башкы каарманы Дуглас Куэйд да акча берип, Марска барган сыяктуу 15 күндүк сезимдерди эс тутумуна жүктөшү үчүн бир келишим түзөт. Денеси бир столдо отурганда, эс тутумуна берилген маалыматтар менен өзүн Марста бир жашыруун агент катары көрөт. Бирок бул маалыматтар мээсине жүктөлүп жатканда, бир ката чыгат жана эс тутумундагы маалыматтар менен мурда ойнолгондугу аныкталат. Жана тасманын каарманы биз чыныгы деп кабыл алган жашоосунда да өзүн Марстагы окуялар боюнча жооптуу бир агент катары сезип баштайт.

Тасма боюнча Дуглас Куэйддин жашоосунун канчалык реалдуу экени, эсиндеги эскерүүлөрүнүн кайсысынын чындап башынан өткөнү, кайсысынын болсо жасалма жасалганы даана байкалбайт. Төмөндө тасмадан алынган бөлүмдөрдөн көрүнүп тургандай, бул кинотасмада да элестер менен чындыктарды айырмалоонун татаалдыгына көп басым жасалган.

## Саякат кылган адам чындыгында киллометрлеген жолду мээсинде басып өтөт

Китептин башынан бери ар түрдүү мисалдар келтирилип сөз кылынгандай, зат деген нерсе (өз денебиз, айланабыздагы буюмдар, бутубуз турган жер, күн, планеталар, жылдыздар ж.б.) чындыгында элестер гана. Мисалы, асманды караганыңызда күн абдан алыста көрүнөт. Чынында болсо күн сиз үчүн капкараңгы башыңыздын ичинде пайда болгон бир сүрөттөлүш гана. Ошол сыяктуу бизден миллиондогон киллометр алыста деп ойлогон планетелар да мээбиздеги сүрөттөлүш борборунда орун алган, б.а. бизден «алыста» эмес, тескерисинче «ичибизде» болгон элестер.

Чындыкка чакырык (*Total Recall*) аттуу бул тасмада да бир эс алуу уюштуруучу фирма жасалма жол менен берилген сигналдар менен адамдарга чыныгыдан айырмасыз окуяларды жашатат. Адамдар

мээлерине жүктөлгөн маалыматтар менен абдан алыс жерлерди ал жерде жүргөн сыяктуу көрүп, өздөрүн ал жерлерде эс алып жүргөндөй сезе алышууда.

Төмөнкү саптарда жана сүрөттө Реколл (Recall) аттуу бул эс алуу (туристтик) фирмасынын телевизордогу рекламасы орун алган:

Реклама : Айсбергдей жумушуңуз болсо да, Антарктикада лыжа тепкиңиз келеби? Акчаңыз жок болсо да, суунун астында эс алгыңыз келген жокпу? Тепкичтерден чыга албасаңыз да, Марстын тоолоруна дайыма чыккыңыз келди беле? Анда РЕКОЛЛго келиңиз, бизде кыялданган эс алууңузду сатып ала аласыз, чындап абдан арзан жана абдан жакшы. Өмүрүңүздү текке кетирбеңиз, РЕКОЛЛго чалыңыз жана сизге өмүр бою эсиңизден кетпей турган көз ирмемдерди тартуулайлы.

Дуглас Куэйд бул рекламаны көргөн соң, эң чоң кыялы болгон Марска кантип барууга болоорун суроо үчүн «Реколл» фирмасынан Боб МакКлейн аттуу бир кызматкер менен сүйлөшөт. Тасмадан алынган төмөнкү кесиндиде болсо бул виртуалдык эс алуунун кандай болоору жөнүндө детальдар сүйлөшүлүүдө:

Мр. МакКлейн : Анда Марста болсун. Бир мүнөт, сураныч... Марсты кыдыруунун баасы, кошумчалар эске алынбаганда, 899 болот. Бул детальдары менен бирге, эки жумалык бир көз ирмемдерди камтыйт...

Дуглас Куэйд : Эки жумалык эс алуу эмнелерди камтыйт?

Мр. МакКлейн : Биринчиден муну билишиңиз керек: РЕКОЛЛдо эң жакшы көз ирмемдерди гана ала аласыз. Космос кемесинде жалгыз кабина, Хилтондо люкс бөлмө, бүт көрүүгө татыктуу жерлер, Моунт Пирамида, чоң каналдар...

Дуглас Куэйд : Канчалык реалдуу болот?

Мр. МакКлейн : Акылыңыздагы бардык эскерүүлөр сыяктуу.

Дуглас Куэйд : Тамашалабаңыз.

Мр. МакКлейн : Жок чындап! **Мээңиз эч айырмалай албайт.** Эч!

Дуглас Куэйд Марстагы чөйрөгө тиешелүү детальдар менен бирге өзүнүн кишилиги (өздүгү) жөнүндө маалыматтарды да тандай алууда. Мындай мүмкүнчүлүгү бар экенин уккан тасманын каарманы Марста өткөрө турган убакыт бою жашыруун бир агент болууну каалайт.

Др. Люлл : Космостук нерселерди да каалайсызбы?

Дуглас Куэйд : Албетте, жакшы болот... Марс мени дайыма таасирленткен.

Ассистент : Биз даярбыз.

Др Люлл : Анда түш өлкөсүнө баралы.

Дуглас Куэйддин машинага туташуусуна байланыштуу сүрөттөлүштөр.

Тасмада да бир мисалы көрүлгөндөй, түш же жасалма сигналдар менен жасалган дүйнө менен чыныгы жашоодогу дүйнө арасында илимий жактан эч бир айырма жок. Экөөндө тең көргөндөрүбүздүн баарын мээбизде көрөбүз. Биз абдан алыста деп ойлогон планеталар, абдан чоң деп ойлогон жер – чындыгында мээбиздин ичине батырылган бир элестер жыйындысы. Ушуга параллельдүү китептерибиздеги кээ бир мисалдар төмөнкүдөй:

Алыстык сезими жөнүндө да ойлонуу керек. Алыстык, мисалы, бул китеп менен сиздин араңыздагы аралык мээңизде пайда болгон бир боштук сезими гана. Бир адам менден абдан алыста деп ойлогон заттар да чындыгында мээсинин ичинде. Мисалы, адам асманды карап жылдыздарды көрөт

жана булар миллиондогон жарык жылы алыста деп ойлойт. Чынында болсо жылдыздар анын ичинде, мээсиндеги көрүү борборунда. (*Evrim Aldatmacası (Эволюция калпы)*, II. Baskı, s. 204-205)

... биз өмүр бою көргөн, сезген нерселерибиздин баары мээбизде пайда болууда. Мисалы, креслосунда отуруп терезеден сыртты караган бир адам креслонун катуулугун, төшөгүнүн жылмалыгын мээсинде сезет. Ашканадан келген кофенин жыты чынында ашканада, б.а. алыста эмес, мээсинин ичинде. Терезеден көргөн деңиз пейзажы, канаттуулар, дарактар да мээсинде пайда болгон сүрөттөлүштөр. Ага кофе сунган досу жана кофенин сонун даамы да мээсинде пайда болот. Кыскача айтканда, үйүмдүн бөлмөсүндө отурам, терезеден сыртты карап жатам деп ойлогон бир адам чынында мээсинин ичиндеги экрандан бөлмөсүн, терезеден көрүнгөн пейзажды көрүп жаткан болот. Адамдар мээсиндеги экранда көргөн, түшүнүктүү бир абалда бириктирилген кабылдоолорунун баарын «жашоом» деп атайт жана эч качан мээсинин сыртына чыга албайт. (*Hayalin Diğer Adı: Madde (Элестин башка бир аты: зат),* s. 43)

## Мээбиздеги виртуалдык дүйнө

Компьютерлер менен, симуляторлор менен үч өлчөмдүү жана реалдуу сүрөттөлүштөрдү жасап, эч жок бир дүйнөнү адамдарга жашатуу учурда кадыресе көрүнүш болуп калды. Технология абдан өнүккөн өлкөлөрдө көңүл ачуу жана билим берүүгө багытталган көптөгөн каражаттар жасалууда. Булардын көпчүлүгүндө адам мээсинде үч өлчөмдүү сүрөттөлүш пайда кылган компьютер программалары колдонулууда. Бул ыкманы колдонуунун негизги максаты болсо – беш сезимге таасир берүү менен ойногондорго элестүү бир чөйрөдө чыныгы жашоо жашап жаткандай сезимдерди берүү.

НАСАдагы астронавттардан архитекторлорго, учкучтардан инженерлерге чейин көптөгөн адистерди даярдоо симуляция деп аталган үч өлчөмдүү сүрөттөлүштөр менен жүргүзүлүүдө. Мисалы, ушундай симуляциялар менен жүргүзүлгөн учуу даярдыгындагы бир учкуч чыныгы аба шарттары менен компьютер ага сунган элестүү аба шарттарын айырмалай албоодо. Чет элдик илимий фантастикалык кинолордун көпчүлүгүндө да адам жашоосунун сүрөттөлүштөн тураары жана мээде пайда кылынган виртуалдык дүйнөлөргө болгон окшоштугу тема болууда. Бул тасмада да көңүл ачуу максатында бул ыкманын өнүктүрүлгөн формасы колдонулууда. Виртуалдык эс алууга баргысы келгендер каалаган жеринде, каалаган адамдары менен, каалаганча эс алган сыяктуу сезимди жашоо мүмкүндүгүнө ээ болушат.

Бирок тасманын агымында Марска тиешелүү 15 күндүк көз ирмемдерди жана башка адамдын жеке маалыматтарын жүктөө учурунда күтүлбөгөн бир окуя болот жана жүктөө бүтө электе эле Дуглас Куэйд Марс жөнүндө сүйлөп баштайт. Эми өзүн чыныгы жашоосунда да башка бирөө элестетип баштайт. Тасманын бул бөлүгүндө башкы каарман чынында Дуглас Куэйд аты менен бир эс алуу фирмасында турса да, өзүн бирөөлөр өлтүргүсү келген бир агентмин деп ойлойт.

Др. Люлл : Бул бир эс тутумдун катып калышы!

Дуглас Куэйд : Өлтүрүшөт.

Мр. МакКлейн : Эмне деп жатат бул? Билбейм!

Дуглас Куэйд : Менин атым Куэйд эмес.

Др. Люлл : ... Эртеден бери Марс жөнүндө сүйлөп жатат. Чындап эле ошол жакта!

Мр. МакКлейн : ... Эго турундагы агенттин ролун жашап жатат!

Мээсине жүктөлгөн маалыматтар менен башынан өткөргөндөрүн чындык деп ойлогон Дуглас Куэйддин абалы абдан ойго салат. Эч бир реалдуулугу жок виртуалдык бир дүйнөнү чыныгы деп ойлоп жашашы учурда да заттын оригиналын көрүп-сезип жатам деп ойлоп бул материалдык дүйнөгө ач көздүк менен байлангандардын абалына окшошот. Чынында болсо эч ким мээсиндеги копия сүрөттөлүштөргө, копия кабылдоолорго таянып, сыртта заттык (материалдык) бир дүйнөнүн бар экенин жана жашаган окуяларынын чыныгы экенин далилдей албайт. Бул жөнүндө китептерибизде орун алган кээ бир сүйлөмдөрүбүз төмөнкүдөй:

... азыр башыңызды көтөрүп, ичинде отурган бөлмөнү караганыңызда көргөнүңүз – сиздин сыртыңыздагы бөлмө эмес. Сиз бөлмөнүн мээңиздин ичинде пайда болгон копия сүрөттөлүшүн көрөсүз. Жана эч качан бул бөлмөнүн оригиналын сезүү органдарыңыз аркылуу көрө албайсыз. (*Hayalin Diğer Adı: Madde (Элестин башка бир аты: зат),* s. 22)

... бул чындык – бир философия де кандайдыр бир көз-караш эмес. Тескерисинче, учурда заманбап илим толук далилдеген жана жокко чыгаруу эч мүмкүн болбогон илимий бир чындык. Учурда медицина, биология, физика, неврология, мээ жана булар менен байланыштуу бүт тармактарда адис болгон кайсы илимпозго «биз дүйнөнү кантип жана каерде көрүп жатабыз?» деген суроо узатылбасын, берчү жообу жалгыз гана: бүт дүйнөнү мээбиздеги көрүү борборунда көрөбүз. (*Hayalin Diğer Adı: Madde (Элестин башка бир аты: зат),* s. 8)

## Эсибиздеги маалыматтар да элестерибизден калган эскерүүлөр

Бир адамдын өтмүшү – чындыгында ал адамдын эсиндеги маалыматтар гана. Эгер бул адамдын эс тутуму өчүрүлсө, өтмүшү жок болуп калат. Келечек болсо адамдардын ойлору гана. Адам келечеги жөнүндө пландарды жасайт, келечегин ойлонот. Бирок адамдын ойлору алынып салынса, эми келечек деген түшүнүк да жок болот. Эс тутуму жана ойлору алынып салынган бир адам үчүн жашап жаткан «бир көз ирмем», б.а. «ушул учур» гана калат.

Чындыкка чакырык (*Total Recall*) аттуу бул тасмада да тасманын каарманынын эс тутумунда бир катар өзгөртүүлөр жасалып, мунун натыйжасында убакытка жана айланасындагы окуяларга башкача баа бергени байкалат. Тасмада Дуглас Куэйддин мурда эсинен өчүрүлгөн бир катар маалыматтардын жандандырылышы натыйжасында жашоосунда өзгөрүүлөр болот. Душмандары аны кубалап, ал тургай өлтүрүүгө аракет кылышат, бирок бул кол салуулардын чындап болуп жатканы же эс тутумуна коюлган элес дүйнөсүнө тиешелүү экени так белгисиз болот.

Тасманын кийинки сахналарында Дуглас Куэйд аны кубалаган адамдардан качып, үйүнө келет. Окуяларды жубайына айтып бергенде, жубайы аны бул окуялардын чындык эмес экенине ишендирүүгө аракеттенет.

Лори : ... Баарын кезек менен. Эмне үчүн шпиондор сени өлтүрүшсүн?

Дуглас Куэйд : Билбейм, бирок Марс менен байланыштуу.

Лори : Сен ал жакка эч барган жоксуң го.

Дуглас Куэйд : Ооба баары кызык, бирок мен Реколлго бардым.

Лори : Ошол мээ касаптарынабы? Эмне кылышты?

Дуглас Куэйд : Мен Марс үчүн бир тур буйуртма кылдым, анан ... Реколлду унут! Алар мени өлтүргүлөрү келди!

Лори : Эч ким сени өлтүргүсү келген жок.

Дуглас Куэйд : Келди! Бирок мен аларды өлтүрдүм.

Лори : Реколлдогу адамдар сенин мээңди айландырышыптыр. Сен параноид элестерди көрүп жатасың.

Дуглас Куэйд : Бул дагы параноид элеспи? (колундагы кандарды көрсөтөт)

Жубайынын да бир оюн ичинде болушунан шектенген Дуглас Куэйд аны чындыктарды айтып бер кыстайт. Тасманын төмөндөгү сахналарынан да көрүнүп тургандай, Дуглас Куэйддин биз чындык деп кабыл алган жашоосунда да чындыгында элестүү бир өздүктү чыныгы деп ойлоп жашап жүргөнү аныкталат. Дуглас чындыгында такыр башка адам болот, бирок эс тутумуна жүктөлгөн маалыматтар менен сегиз жыл бою өзүн үй-бүлөлүү бир курулуш компаниясынын жумушчусумун деп ойлоп жүрөт. Жубайы, кесиптеши, кыскача айтканда, бүт жашоосу – эс тутумуна жүктөлгөн жасалма маалыматтар, жана Дуглас Куэйд ошол күнгө чейин булардын баарын чындык деп ойлоп келген.

Дуглас Куэйд : Айтып бер!

Лори : Мен сенин жубайың эмесмин.

Дуглас Куэйд : Ошондойбу!

Лори : Сени 6 жумадан бери тааныймын. Үйлөнгөнүбүз – бул эс тутумга жүктөлгөн маалымат.

Дуглас Куэйд : А?

Лори : Тойубуз эсиңдеби? Жашыруун иликтөө кызматы жүктөдү.

Дуглас Куэйд : Биздин досторубуз, менин жумушум, 8 жылдык чогуу жашообуз жалганбы?

Лори : Жумушуң чындык. Жашыруун иликтөө кызматы тапты.

Дуглас Куэйд : Калп!

Лори : **Сенин өздүк маалыматтарыңды кайрадан жазышты.** Сени көзөмөлдөп туруу үчүн мени жубайың кылып милдеттендиришти. **Жаман көрбө, бирок бүт жашооң бир түш.**

Дуглас Куэйд : Мен мен эмес болсом, анда мен киммин?

Лори : Билбейм. Мен бул жерде өз милдетимди гана аткарып жүрөм.

Тасмадагы бул нерсе бизди мындай ойго салууда: биз эсибиздеги маалыматтар чындык деген ой менен жашап жүрөбүз. Чынында болсо эсибизге берилген маалыматтар болмоюнча, эч нерсени биле албайбыз. Бул теманы түшүндүргөн китептерибизден бир канча мисалдар мындайча:

Бир адамдын өтмүшү эс тутумуна берилген маалыматтардан турат. Эс тутум өчүрүлгөндө, адамдын өтмүшү да өчүрүлөт. Келечеги болсо ойлорунан турат. Бул ойлору жок болгондо болсо адамдын жашап жаткан «көз ирмеми» гана калат. (*Hayalin Diğer Adı: Madde (Элестин башка бир аты: зат)*, s. 130)

Убакыт мээде сакталган бир катар элестер арасында салыштыруу жасоо менен пайда болот. Эгер бир адамдын эске тутуусу болбосо, мээси мындай жоромолдорду жасай албайт жана ошондуктан убакыт элеси да пайда болбойт. Бир адамдын «мен отуз жаштамын» дешинин себеби – мээсинде ошол отуз жылга тиешелүү кээ бир маалыматтардын чогулгандыгында. Эгер эс тутуусу болбосо, артында мынчалык убакыт өткөнүн ойлонбойт, жашап жаткан бир «көз ирмем» менен гана жашай берет. (*Zamansızlık ve Kader Gerçeği (Убакыттын жоктугу жана тагдыр)*, s. 53)

## Тийүү сезими заттын оригиналына тийгениңизге бир далил боло албайт

Түндө түшүбүздө көргөн сүрөттөлүштөр менен ойгонгондо көрүүнү уланткан сүрөттөлүштөр арасында илимий жактан да, логикалык жактан да эч бир айырма жок. Түштү көрүп жатканыбызда бирөө түшүбүзгө кирип, бизге «коркпо, бир түш көрүп жатасың, булардын эч бири чыныгы эмес, азыр төшөгүңдө жатасың, мээңдин ичиндеги нерселерди көрүп жатасың» десе, көргөн-сезгендерибиздин реалдуудай сезилишинен улам ага эч ишенгибиз келбейт.

Тасмада да ушуга окшош бир мисал бар. «Реколл» (Recall) аттуу виртуалдык эс алуу фирмасында кеңешчимин деп өзүн тааныштырган бир адам Марста отел бөлмөсүндөгү Дуглас Куэйдге зыяратка келет жана ага башынан өткөргөндөрүнүн эч биринин реалдуу эмес экенин айтып берет. Куэйдге «сен дагы эле Реколл фирмасындасың», «мен болсо программанын бир бөлүгүмүн, чындыгында ал жерде жокмун» дейт. Бирок Дуглас Куэйд жашап жаткандарынын реалдуу экенине ушунчалык ишенгендиктен, булардын элес болушу мүмкүн экенине эч ишене албайт. Ортолорунда мындай маек жүрөт:

Дуглас Куэйд : Эмне жумушуңуз бар?

Кызматкер : Сиздин түшүнүшүңүз оор болот. Тилекке каршы, **сизге айтышым керек болгон бир нерсе бар, сиз чындыгында бул жерде эмессиз.**

Дуглас Куэйд : Бир аз болсо ишенмекмин.

Кызматкер : Чындап айтып жатам. **Сиз бул жерде эмессиз жана мен дагы.**

Дуглас Куэйд : Ишенүү кыйын... (адамдын далысын кысып, жымыйып күлөт) Каердебиз биз?

Кызматкер : Реколлдо. Имплантация отургучуна байлануусуз. Жана мен сизди кайтарып жүрөм.

Дуглас Куэйд : Ошондо бул түшпү. Бул да мага силер саткан ошол кереметтүү эс алуу.

Кызматкер : Баары эмес. **Биз көрүп-жашап жаткан бүт нерсе эс тутум кассеталарына таянган бир элес.** Бирок сиз улам жаңы нерселерди таап жатасыз.

Дуглас Куэйд : Анда менин элестеримде сиздин эмне жумушуңуз бар?

Кызматкер : Мен кооптуу учурлар үчүн кошулдум... Сизди түшүңүздөн чыгаруу оор. Мен сүйлөшүп аракет кылып көрөйүн дедим.

Дуглас Куэйд : Кохаген бул жөнүндө сизге эмне дейт?

Кызматкер : Бир ойлоп көрсөңүз: түшүңүз жүктөө учурунда башталды. Марска саякат, Хилтондогу люкс бөлмө. Булардын баары Реколл-Эго турунун элементтери. Сиз өзүңүз агенттин ролун тандадыңыз.

Дуглас Куэйд : Калп. Баары кокустук.

Кызматкер : ... (Марста досу болушун каалаган адамдын кандай болоорун өзү тандаган эле. Техникалык кызматкер бул тандоосун ага эстетет.)

Дуглас Куэйд : Ал чыныгы. Реколлго баруудан мурда аны түшүмдө көргөм.

Кызматкер : Куэйд мырза, эмне деп жатасыз? Аны түшүңүздө көргөнүңүз үчүн чыныгыбы?

Дуглас Куэйд : Ооба.

Мурдакы беттеги саптардан да көрүнүп тургандай, Дуглас Куэйд көргөндөрүнүн реалдуу экенин фирма кызматкеринин далысына колун тийгизүү менен далилдейм деп ойлоодо. Бирок башка бардык кабылдоолорубуз сыяктуу, тийүү сезими да мээбизде көргөн жашообуздун бир бөлүгү. Дуглас Куэйд да маңдайындагы адамдын далысына тийгенин көргөндө, колун ал адамдын далысына созушу, катуулугун сезиши, кийимине тийиши, булардын баары мээсиндеги жоромолдор гана. Мунун бир адамдын түшүндө маңдайындагы адамдын далысына тийгенинен эч айырмасы жок. Ошондуктан, тийүү (кармоо) сезими заттын оригиналына тийгенибизди (кармаганыбызды) эч далилдебейт. Муну далилдөөнү каалаган бир адамдын колунда элестерден башка эч бир далили жок. Бул жөнүндө түшүндүрмөлөрүбүздүн кээ бирлери төмөнкүдөй:

... түшүндө заттын оригиналын көрүп-сезип жатам деген бир адам өзүнө абдан ишениши мүмкүн. Ага **«зат бир элес», «сырткы дүйнөнүн оригиналын көрүп-кармоо мүмкүн эмес» экенин** айтып берген досунун далысына колуп коюп, **«ошондо мен бир элесминби? Сен колумду далыңда сезип жаткан жоксуңбу? Анда кантип элес болосуң?** Мындай сөздөрдү каяктан алдың? Кел сени менен бир Босфорду айланып келели, бул тема жөнүндө да сүйлөшөбүз, анан мындай бир нерсеге эмнеге ишенип жатканыңды да айтып бересиң» деши мүмкүн. Терең уйкуда көргөн бул түшү ушунчалык тунук болгондуктан, ырахаттануу менен унаасынын ачкычын бурап, моторго акырындап газ берет жана анан газды катуу басып машинасын секиртет. Жолдо зуулдап баратканда дарактар менен жол сызыктары ылдамдыктан бир бүтүн сыяктуу сүрөттөлүштү пайда кылышат. Бир тараптан таза Босфор абасы менен дем алат.

Досуна каршы чыгууга, ошол учурда көргөндөрүнүн элес экенин айтып берүүгө даярданып жатканда, саатынын коңгуроосу менен ойгонот. Бирок эң кызыктуусу, түшүндө көргөндөрүнүн элес экенине каршы чыккан бул адам ойгоо кезинде да көргөндөрүнүн мээсинде пайда болгон копия сүрөттөлүштөр экенин айтып берген бир досу жанында болсо, ага да ошол сыяктуу каршы чыгат. (*Hayalin Diğer Adı: Madde (Элестин башка бир аты: зат)*, s. 61)

Кээ бир адамдар болсо сүрөттөлүштүн мээлеринде пайда болгонун кабыл алышат, бирок көргөн сүрөттөлүштүн оригиналы сыртта бар дешет. Чынында болсо, муну эч качан далилдей алышпайт. Себеби бүгүнкү күнгө чейин эч бир адам мээсинин сыртындагы кабылдоолорунун сыртына чыга алган эмес.

Ар бир адам мээсиндеги клеткасынын ичинде жашайт жана кабылдоолору ага көрсөткөндөн башка эч нерсени көрүп-сезе алышпайт. Ошондуктан кабылдоолорунун сыртындагы дүйнөдө эмнелер бар экенин эч качан биле албайт...

Адам дайыма мээсинде пайда болгон элести көрүп-сезет. Ошондуктан адамдар «заттык оригиналдарга» эч качан жете алышпайт.

... технологиянын же илимдин өнүгүшү да бул темада эч өзгөрүүгө себеп боло албайт. Себеби ар бир илимий ачылыш же технологиялык жаңылык да кайра эле адамдардын мээлеринде пайда болот, ошондуктан бул ыкма менен да сырткы дүйнөгө жетүү мүмкүн болбойт. (*Hayalin Diğer Adı: Madde (Элестин башка бир аты: зат)*, s. 46)

## Чыныгысынан айырмасы жок голограммалык сүрөттөлүштөр

Илимпоздор сырткы дүйнөсүз эле мээде виртуалдык бир дүйнөнү пайда кылуу мүмкүн экенин көп жолу далилдешти. Жана күн өткөн сайын дүйнөнү компьютерде электрдик сигнал катары жасап, адамдарга бул сигналдар аркылуу каалаган сүрөттөлүштү көрсөтүп-жашатуу оңойлошуп баратат. Мисалы, жасалган үч өлчөмдүү жана реалдуудай компьютер симуляциялары аркылуу чыныгысынын дал өзүндөй өзгөчөлүктөрдөгү сүрөттөлүштөрдү алуу мүмкүн болууда. Ошондой эле, бул сүрөттөлүштөрдү көргөн адамдар чыныгы жашоодогу сыяктуу жооп беришүүдө.

Тасманын бир сахнасында голограмма ыкмасын колдонуу менен чыныгы менен копия сүрөттөлүш арасындагы окшоштукка басым жасалган. Тасмада Дуглас Куэйд колуна таккан саат сыяктуу бир каражаттын жардамы менен өз денесинин голограмма сүрөттөлүштөрүн ала алат. Натыйжада аны өлтүргүсү келген душмандары копия сүрөттөлүштөрдү кармоого аракет кылып, максаттарына жете алышпайт.

Киши : Анын голограммасы бар.

Дуглас Куэйд : Мени чыныгы Куэйд деп ойлоп жатасыңарбы? Туура таптыңар!

## Бир күнү түштөн ойгонгон сыяктуу бул жашоодон да ойгонушуңуз мүмкүн экени ойуңузга келди беле?

Түш көрүү – башка бардык мээ процесстери сыяктуу, мээнин бир түшүмү. Бир адам ойгоо болсо да, уктап жатса да, мээ дайыма электрдик толкундарды берет. Бирок уйку учурунда мээден булчуңдарга сигнал жөнөткөн нерв жолдору тосулат. Ошондуктан, түш көрүү учурунда дене кыймылдабайт. Бирок түпкүрүндө адамдын ойгоо кездеги абалы менен түш көрүп жаткандагысы бирдей. Мисалы, түшүңүздө да, ойгоо учурдагы сыяктуу, төмөн жакты караганыңызда, колу-буту бар, баскан, дем алган, тийүү сезимдери бар бир денени көрөсүз жана чыныгы жашоону жашап жатам деп толук ишенесиз.

Чынында болсо сиз түшүңүздө көргөн дене – бул сиздин мээңизде бар болгон, бирок сиз сыртыңызда бар сыяктуу сезген элестер гана. Б.а. түш – бул, ойгоо кездеги сыяктуу, мээбиздин тиешелүү борборлоруна келген сигналдардын жоромолдонушу менен пайда болгон кабылдоолордун (элестердин) жыйындысы.

Китептин башынан бери көптөгөн мисалдар менен айтылып келаткандай, түштөгү окуялар кээде ушунчалык таасирдүү болгондуктан, адамдар кээде ойгонгондо көргөндөрүм чындык беле же түш беле деп ойлонушат. Негизи ойгоо кезде жашаган жашообуз менен көргөн түштөрүбүз арасында илимий жактан эч айырма жок. Бир адам түшүндө ойгоо кезде кылгандарынын баарын кылышы мүмкүн; сүйлөйт, тамак жейт, дем алат, чуркайт, күлөт, ыйлайт, жаракат алат, машина айдайт. Көбүнчө күнүмдүк жашоосунун копиясы болгон түш дүйнөсүндө бүт нерсе ал билген жана көнгөн абалда болот. Ошондуктан түшүндөгү окуяларга чындап болуп жаткандай жооп берет. Кээде түшүнөн абдан коркуп кыйкырып ойгонот, кээде сонун түш көрүп, эч ойгонгусу келбейт.

Төмөндөгү маекте тасманын каарманы да кылгандарымдын баары бир түш болушу мүмкүн деп ойлонууда.

Мелина : Ишене албай жатам. Бир түш сыяктуу. Эмне болду?

Дуглас Куэйд : Ойума коркунучтуу бир нерсе келди: бул чындап эле бир түш болсочу?

**Адам сырткы дүйнө жок болсо да бүт кабылдоолорду толук реалдуу сезип-жашай алат жана мунун эң ачык мисалы... түштөр.** Бир адам түш көрүп жатканда көздөрү жумук абалда төшөгүндө жатат. Бирок ошого карабастан, окуяларды, сезимдерди, сигналдардын баарын түшүндө чыныгыдан эч айырмасы жок, реалдуудай көрөт. Бул чындыкка бул китепти окуган адамдардын баары өз уйкуларында түздөн-түз күбө болушат. Мисалы, түнкүсүн төшөгүндө тыптынч, бейпил бир жерде, жанында экинчи бир адам да жок, жалгыз жаткан бир адам түшүндө өзүн абдан көп адамдардын арасында, бир коркунуч ичинде көрүшү мүмкүн. Жан алакети менен бул коркунучтан качканын, бир дубалдын артына жашынганын чыныгыдай башынан өткөрүшү мүмкүн. Ал тургай, түшүндө көргөндөрү ушунчалык реалдуудай болгондуктан, чындап эле коркунучтуу бир чөйрө бар сыяктуу коркуп, паникага түшөт. Ар бир үн чыкканда жүрөгү оозуна тыгылып, коркуудан титиреп, жүрөгү бат бат согуп, тердейт; адам денеси коркунучтуу учурда эмнелерди сезип, кандай реакцияларды берсе, баарын дал ошондой сезет. Чынында болсо, мээсинин сыртында көргөндөрүнүн эч биринин заттык оригиналы жок. (*Hayalin Diğer Adı: Madde (Элестин башка бир аты: зат)*, s. 59)

## Жашооңузду түшүңүз сыяктуу такыр башка бир жерде көрүп жаткан болушуңуз мүмкүн

Түшүндө кофе ичкен бир адам кофенин шекерин, курамын, ичиндеги сүттүн даамын чындап кофе ичип жаткансып сезет. Бирок кофе да, иче турган бир нерсе да жок болгон болот. Бирок түшүндө кофе ичип жаткан бир адамга бирөө келип, «азыр түш көрүп жатасың жана бул кофе негизи бир сүрөттөлүш» десе, ошол замат каршы чыгат. «Сүрөттөлүш болушу мүмкүнбү? Ысыктыгын сезип жатам. Бат ичсем оозум күйөт. Ал тургай, кофени ичкенде суусунум канды. Сүрөттөлүш болсо суусунум канмак беле?» дейт. Ичип жатам деп ойлогон кофенин чындыгында мээсинде пайда болгон бир сүрөттөлүш экенин, ичип жатканда сезген ысыктык, суусоо сыяктуу сезимдердин да кайра эле мээсинде пайда болгон кабылдоолор экенин уйкусунан ойгонгон соң гана түшүнөт.

Түшүбүздө көргөндөрүбүз менен чыныгы жашоодо көргөндөрүбүз бирдей пайда болот. Түшүбүздөгүлөр мээбизде болгон сыяктуу, чыныгы жашообуз да мээбизде жашалат. Түшүбүздү «элес»

дешибиздин жалгыз себеби – бул эрте менен ойгонгонубузда денебизди төшөгүбүздө көрүшүбүз жана «демек, мен жатканмын жана буларды түшүмдө көрдүм» деген жыйынтыкка келишибиз. (*Hayalin Diğer Adı: Madde (Элестин башка бир аты: зат)*, 63)

## Чыныгы жашообуз менен түшүбүз арасындагы окшоштук музыка дүйнөсүндө

Атактуу америкалык поп-ырчы Бритни Спирс 2001-жылы Лас Вегаста уюштурган концерти үчүн абдан кызыктуу жана адамдарды ойго салуучу бир жарнама даярдаган эле. Өзгөчө жарнаманын ачылыш бөлүгү жана концерт бою бүт нерсенин мээде ишке ашаарына көп басым жасалган. Бүт жашоонун, ал тургай, ошол учурда көрүүчүлөр концертте көргөн бүт шоулордун да чынында адамдардын мээсинде болуп жатканы кайра кайра эске салынган.

Ырчы бул жарнамасы менен адамдарга чыныгы деп жашаган жашоолорунун да чындыгында бир түш болушу мүмкүн экенин ойлондурууда. Таасирдүү сүрөттөлүштөр менен орун берилген бул темага мисал катары өзүнүн көпчүлүктүн алдында концерт берген бир түшүнөн мисал берет. Анан булар түштүн ичинде бир түш болушу мүмкүн деп айткан.

Баары мээңиздерде эле...

Көргөндөрүмдүн же көрүп жаткандарымдын баары же түштүн ичиндеги бир түшпү?

Абдан реалдуу сезилген бир түш көрдүңүз беле?

**Чыныгы жашоо менен элес дүйнөсүн толук айырмалап айта албаган...**

Азыр кайсы дүйнөнүн ичиндесиз?

Кечээ түнү ушул учурду кыялданып жаткам.

Жана баарыңыздар менен чогуу ушул жерде болчумун.

Жана азыр түшүм чындыкка айланды.

Баары мээңиздерде эле.

Жогоруда концерт шоулору арасында айтылган бул сөздөр бизге жашап жаткан дүйнөбүздүн реалдуулугу жөнүндө ойлонууну эстетүүдө. Түшүбүздө көргөн жерлердин жана окуялардын башка бир жерде же чен-өлчөмдө оригиналдары бар деп ойлобойбуз. Себеби канчалык реалдуудай болсо да, түшүбүздөгү кыймылдуу жашообуздун бир төшөгүбүздө кыймылдабай уктап жатканда болгонун билебиз. Ошол сыяктуу азыр көрүп жаткан жана «чыныгы жашоо» деп атаган бул дүйнөнүн оригиналын көрүп-сездик деп эч айта албайбыз. Түштөгү сыяктуу эле, «көргөндөрүбүздүн булагы катары сырткы дүйнөдө заттардын жана буларды кабылдаган денебиздин» болушу шарт эмес. Себеби сыртта материалдык (заттык) бир дүйнө болсо да, биз баары бир копия сүрөттөлүштөрдөн турган элестүү бир дүйнөнү көрөбүз.

Түшүңүздө өзүңүздү толугу менен элестүү дүйнөлөр ичинде көрөсүз. Айланаңызда көргөн нерселердин жана адамдардын бирөөсү да реалдуу эмес. Үстүндө баскан топурак, жогорудагы асман, сиз көргөн үйлөр, дарактар, машиналар жана башка нерселердин баары толугу менен элес; материалдык бир заты жок. Жана баарынын орду – мээңиздин ичи. Мээңизде, тагыраак айтканда, аң-сезимиңизде бар жана андан башка эч жерде жок. *(Kuledeki Küçük Adam (Мунарадагы кичинекей адам),* s. 28)

# ЗАТТЫН ЧЫНЫГЫ ЖҮЗҮ ЖӨНҮНДӨГҮ ИЛИМИЙ ЖЕТИШКЕНДИКТЕР

## Голограммалык бир дүйнөдө жашап жатабызбы?

Дүйнөнүн эң атактуу илимий журналдарынын бири *New Scientist* аттуу журнал 2002-жылдын 27-июньдагы санынын сырткы бетинин чоң темасында окурмандарына маанилүү бир илимий өнүгүүнү кабарлаган. J. R. Minkel тарабынан жазылган макала «Жасалма аалам» деген тема менен жана «Эмне үчүн баарыбыз бир голограмманын ичинде жашап жатабыз?» деген сырткы беттеги тема менен жарык көргөн. Бул макалада айтылган илимий жыйынтык кыскача мындай: дүйнөнү бир нурлар катары кабылдайбыз, ошондуктан бул кабылдоолорго карап, затты абсолюттук чындык деп ойлоо чоң жаңылыштык болот. *New Scientist* илимпоз Минкельдин (J. R. Minkel) бул маанилүү тема жөнүндөгү төмөнкү сөзүнө орун берген:

Азыр бир журнал кармап турасыз, муну катуу бир зат катары кабылдайсыз жана сиз мунун ааламда өз алдынча (өзүнчө көз-карандысыз) турганын көрүп жатасыз. Айланаңыздагы буюмдар да ушул сыяктуу, балким бир кружка кофе же бир компьютер, **баары сыртта чындап бар сыяктуу көрүнүүдө. Бирок алардын баары болгону элестер гана.**

Минкель макаласында кээ бир илимпоздордун бул көз-караштты «бүт нерсенин теориясы» деп аташканын айтат. Ошондой эле, Минкель илимпоздор тарабынан «бүт нерсенин теориясынын» ааламдын түзүлүшүн түшүндүрүүдө алгачкы баскыч катары кабыл алынганын билдирген.

Аталган журналда жарык көргөн бул макала – ааламды мээбизде бир элес катары кабылдашыбызды, ошондуктан биздин заттын оригиналын көрүп-сезбешибизди түшүндүргөн илимий бир булак.

## Илимпоздор жасалма сигналдар аркылуу иштебей калган сезүү органдарын иштетишүүдө

Американын атактуу актуалдуу журналы *Time*'дын 2002-жылдын 11-мартындагы санында «Дененин электрдик тогу» темасы менен жарык көргөн макалада маанилүү бир илимий өнүгүү орун алган. Бул макалада илимпоздордун компьютер чиптерин адамдын нерв системасы менен бириктирүү аркылуу сезүү органдарын айыктырууда колдонушканы айтылган.

Европа, Америка жана Япониядан изилдөөчүлөр иштеп чыккан жаңы ыкма менен сокур адамга көрүү сезимин, шал оорулуусуна кайрадан кыймылдоо жөндөмүн берүүнү максат кылышкан. Оорулуулардын денелерине электроддор жайгаштырылып, жандуу кыртыштар менен силикон чиптер бириктирилген протез бөлүктөрүн колдонуу менен бул максаттарына белгилүү деңгээлде жете алышкан.

Мисалы, бир кырсыктын натыйжасында мойуну сынган Holgersen аттуу бир Даниялыктын далылары, сол колун жана сол билеги бир аз гана кыймылдап, мойундан ылдый жагы толугу менен шал эле. Белгилүү болгондой, шал мойун менен жүлүндүн жабыркашынан болот, себеби мээ менен булчуңдар арасында кыймылдаган нерв жолу зыян көргөн же тосулуп калган болот. Дeнеден мээге баруучу сигналдарды жеткирүүчү нервдер менен мээден дене булчуңдарына буйруктарды ташуучу нервдер арасындагы маалымат агымы токтоп калат. Бул оорулууга нервдик бир протезди жайгаштыруу менен мээден келген сигналдарды жүлүндүн жабыркаган жерлеринен аттатып өткөрүү жана натыйжада кол менен буттарды бираз кыймылга келтирүү максатталган.

Оорулуунун сол колуна негизги функцияларды кайтаруу үчүн буюмдарды кармоого жана койо берүүгө жараган бир система колдонулган. Операция менен сол колунун үстүңкү жагына, колунун баш жагына жана көкүрөгүнө ар бири тыйындай чоңдуктагы сегиз ийкемдүү электрод кармоону башкарган булчуңдарга операция менен туташтырылган. Бул электроддор андан соң абдан ичке кабельдер менен көкүрөккө жайгаштырылган жана нерв системасына таасир берген бир сигнал берүүчүгө туташтырылган. Бул сигнал берүүчү болсо оорулуу бир аз кыймылдата алган оң далысына жайгаштырылган бир калыпты-аныктоо элементине туташтырылган.

Мунун натыйжасында мындай болду: оорулуу бир чыныны көтөргүсү келгенде, оң далысын жогору көтөрөт. Бул кыймыл калып-аныктоочудан көкүрөктөгү сигнал берүүчүгө электрдик сигнал жөнөтөт. Бул сигнал берүүчү болсо сигналды колундагы жана бутундагы булчуңдарды көздөй өткөрөт. Мунун натыйжасында булчуңдар жыйрылып, сол кол жумулат. Чыныны койо бергиси келгенде болсо оң далысын төмөн кылат, натыйжада сол колу ачылат. Ушундай протездер урматында шал органдардан келген тийүү жөнүндөгү маалыматтар дененин башка бөлүмдөрүнө жөнөтүлөт жана натыйжада сезүү органдарынын кайрадан кабылдашы мүмкүн болот.

Мындай иш-аракеттердин дагы бири болсо Брюссельдеги Louvain университетинде көрүү сезими менен байланыштуу ишке ашырылууда. Чыбыкча жана конус клеткалары өлгөндө торчосу жарыкты сезбей калган, натыйжада сокур болгон Бельгиялык бир оорулуунун оң оптикалык нервинин айланасына коюлган бир электроддун урматында бир катар сүрөттөлүштөрдү кайрадан көрүшү мүмкүн болгон.

Бул оорулуу учурунда электрод башынын ичинде жасалган кичинекей бир оюктун ичине коюлган жана бул электрод бир сигнал берүүчүгө туташкан. Бир каска менен кийилген видео камера сүрөттөлүштөрдү радио сигналдар абалында сигнал берүүчүгө жиберет. Бул сигнал берүүчү жабыркаган чыбыкча жана конус клеткаларын аттап өтүп, түздөн-түз оптикалык нервге электрдик сигналды жиберет. Оптикалык нерв сигналдары оорулуунун көрүү борборуна жеткирилген соң, булар бир сүрөттөлүш катары кайрадан калыптандырылат. Оорулуу көргөн сүрөттөлүштүн сапаты стадиондордогу чоң экрандардын миниатюрасы сыяктуу болсо да, бул системаны ишке ашыруу мүмкүн экенин көрсөтүү үчүн жетиштүү бир мисал.

Бул оорулууга колдонулган жасалма көрүү системасы "Microsystem-based Visual Prosthesis" (MIVIP – Микросистемага таянган визуалдык протез) деп аталат. Бул каражаттар оорулуунун башына узун мөөнөткө жайгаштырылат, бирок буларды колдонуу үчүн Louvain университетинде кичинекей бир бөлмөгө барышы жана сүзгүчтөрдүн баш кийими сыяктуу бир баш кийим кийиши зарыл. Бул баш кийим пластиктен жасалган жана алды жагында туруктуу стандарттык бир видео бар. Экрандагы сүрөттөлүштү

түзгөн чекиттер (пиксельдер) канчалык көп болсо, электрдик сигналдардын саны да ошончолук көп болот. Бул болсо сүрөттөлүштүн сапатын жогорулатат.

Ушул эле кабарда кызыктуу бир демонстация жөнүндө мындай деп айтылган:

1998-жылы Stelarc аттуу австралиялык бир искусство адамы денесине электроддорду коюп бир демонстрация уюштурган. Денеси булчуңдарын эрксиз жыйрылуулар менен кыймылдатканга жетиштүү электрдик шокторду алып жүргөн электроддор менен оролгон эле. Бул электроддор болсо бир компьютерге туташкан жана демонстрация учурунда интернет аркылуу Париж, Хельсинки жана Амстердамдагы компьютерлер менен байланыш курулган. Бул үч жердеги катышуучулар сенсордук бир экран бетинде көрүнгөн дененин ар кайсы жерлерине тийүү менен Stelarc'ка каалаганын жасата алышкан.

Ушул жана ушул сыяктуу технологияларды кичинекей көлөмдө жасап, түздөн-түз дененин ичине жайгаштыруу мүмкүн болсо, медицина тармагында абдан маанилүү өнүгүүлөргө жол ачылат. Бирок бул өнүгүүлөр көрсөткөн абдан маанилүү дагы бир чындык бар: сырткы дүйнө - биз мээбизде көргөн бир копия...

*Time* журналынын бул макаласында жасалма жол менен берилген сигналдар аркылуу сүрөттөлүштүн, тийүү сезиминин ж.б. пайда болушу мүмкүн экенине практикалык мисалдар берилген. Мисалы, сокур бир адамдын сүрөттөлүш көрө алышы мунун эң ачык далили. Оорулуунун көзү жана көрө турган нерсеси жок болсо да, жасалма жол менен берилген сигналдар аркылуу сүрөттөлүштү көрүшү мүмкүн болгон.

## Илимий журналдар кинотасмаларга тема болгон симуляция дүйнө сценарийлери чыныгы жашоо үчүн да мүмкүн болушу ыктымал дешүүдө

Дүйнөгө таанымал илимий журнал *New Scientist'*тин 2002-жылдын 27-июльдагы санында болсо «Жашоо – бир программа, демек өчүрүлдүңүз» темасы менен жарык көргөн бир макаласында Micheal Brooks Матрица тасмасындагы сыяктуу симуляция бир дүйнө ичинде жашап жаткан болушубуз мүмкүн экендигин төмөндөгү сөздөрү менен айткан:

Матрица 2ни күтүүнүн кажети жок. Ансыз деле ири бир компьютер симуляциясы ичинде жашап жаткан болушуңуз ыктымал... Албетте, Матрица киносу чындык эмес деп ойлодуңуз. Себеби ошондой ойлошуңуз кааланды.

Макаланын автору Майкл Брукс Yale университетинен Nick Bostrom аттуу бир философтун жоромолдоруна да орун берип, пикирлерин бышыктаган. Nick Bostrom Голливудда тартылган кинолор көп адамдар ойлогондон көбүрөөк чындыкка жакын деп ойлойт. Ошондой эле, эсептөөлөрү натыйжасында биз да кинолордогу сыяктуу бир симуляция дүйнөсү ичинде жашап жатышыбыз ыктымал деп ойлойт.

Өзгөчө акыркы жылдары заттын оригиналын көрүп-сезе албашыбызды түшүнүү менен бирге бул илимий чындык адамдарды тереңирээк ойлонууга багыттап жатат. Тасмаларга да бат бат тема болуп

турган бул жагдай заттык реалдуулугу жок чөйрөлөрдү абдан реалдуу кылып жасоо мүмкүн экенине; ал тургай, адамдар бул элестүү (иллюзиялык) сүрөттөлүштөргө алданышы мүмкүн экенине басым жасоодо.

# ЖЫЙЫНТЫК:
# ЖАЛГЫЗ АБСОЛЮТТУК ЗАТ – АЛЛАХ

Китептин башынан бери тасмалардан, илимий жана технологиялык өнүгүүлөрдөн мисалдарды берүү менен түшүндүрүлүп берилген бул тема адамдардын дүйнөгө болгон көз-караштарына тереңдик берип, руханий абалына оң таасир эткендиктен абдан маанилүү. Бизге сырттагы материалдык дүйнөнүн оригиналын көрүп-кармай албастан жашап жатканыбызды жана жашообуздун бир тасма кадрлары сыяктуу экенин көрсөткөн бул чындыктар ошол эле учурда бул тасманын актеру да, көрүүчүсү да экенибизди далилдөөдө.

Зат –биз көрсөк да, көрбөсөк да- сыртта бар. Бирок биз заттын оригиналына эч качан жете албайбыз. Ошондуктан зат биз үчүн элес катары бар. Апачык далилдерге карабастан, заттын сырттагы оригиналын көрүп-кармап жатам деп ишенүү болсо жогорудагы тасмаларда мисал келтирилгендей, бир тасмадагы же бир компьютер оюнундагы виртуалдык каармандардын чындыгында материалдык бир дүйнөдө жашап жатабыз деп ишенишине окшошот. Же түшүбүздө көргөн дүйнөнүн, адамдардын, буюмдардын материалдык оригиналы бар деп ойлошубуз сыяктуу бир логика болот.

Анда башынан бери заттын чыныгы жүзү жөнүндө айтып берилген бул чындыктар бизге эмнени көрсөтүүдө? Булардын баары бизге эң биринчиден төмөнкү суроолордун жообун ойлондурушу зарыл:

Капкараңгы бир жерде бир көзгө, торчого, карекке, көз нервдерине, көздүн чечекейине муктаж болбостон, электрдик импульстарды түркүн түстүү бир бакча кылып көргөн, бул көргөн пейзаждан ырахат алган ким?

Же эч кандай үн кирбеген мээде бир кулакка муктаж болбостон, электрдик импульстарды сүйгөн обону катары уккан, андан ырахат алган ким?

Мээнин ичинде бир колго, манжаларга, сөөктөргө муктаж болбостон, кездеменин жумшактыгын сезген ким?

Ысык, суук, форма, тереңдик, алыстык сыяктуу тийүү сезимдерин оригиналынын өзүндөй абалда мээде ким жашап жатат?

Эч кандай жыт кире албаган мээнин ичинде ар түрдүү гүлөрдүн ким айырмалап жатат же болбосо жактырган тамагынын жытын сезгенде аппетити ачылган ким?

Мээнин ичинде пайда болгон бул сүрөттөлүштөрдү, бир телевизор экранынан көрүп жаткан сыяктуу көргөн, бул көргөн нерселерине сүйүнгөн, кайгырган, толкунданган, ыраазы болгон, паникага кабылган, кызыгуусу жаралган ким? Жана бул сүрөттөлүштөрдү караган, ойлонгон, жыйынтык чыгарган, чечим кабыл алган аң-сезимдүү жандык ким?

Булардын баарын кабылдаган, аң-сезимди түзгөн жандыктын аң-сезимсиз атомдордон турган, суу, май, протеин сыяктуу заттардан түзүлгөн мээ эмес экени анык. Акылы жана абийири бар ар бир адам өмүр бою башына келген ар бир окуяны мээсинин ичиндеги экрандан көргөн нерсенин (жандыктын) «руху» экенин оңой эле түшүнөт. Ар бир адам көзгө муктаж болбостон көрө алган, кулакка муктаж болбостон уга алган, мээге муктаж болбостон ойлоно алган бир рухка ээ.

Рух көрүп, угуп, даамдап, сезген кабылдоолор ааламын жараткан жана дайыма жаратууну уланткан болсо – бул Улуу Аллах.

## Бүт адамдар мээлериндеги копия сүрөттөлүштөрдү көрөөрүн билсе кандай чөйрө болот?

Заттын оригиналын көрбөшүн, Аллах аларга көрсөткөн сүрөттөлүштөр менен гана жашап жатканын билген адамдардын бүт жашоосу, жашоого көз-карашы жана баалуулуктары өзгөрөт. Бул адам үчүн да, коом үчүн да пайдалуу бир өзгөрүү болот. Себеби бул чындыкты көргөн адам Аллах Куранда билдирген ыймандуунун жогорку адеп-ахлагына эч кыйналбастан жетет.

Дүйнөгө маани бербеген, заттын элес экенин түшүнгөн адамдар үчүн эң маанилүүсү руханий байлык болот. Аллахтын дайыма аны угуп жана көрүп турганын билген, кылган ар бир иши үчүн акыретте сурак берээрин түшүнгөн бир адам өзүнөн-өзү сонун адеп-ахлактуу болот, Аллахтын буйрук жана тыйууларын бекем аткарат. Натыйжада коомдо бүт адамдар бири-бирин сүйүп, урматташат, жакшы жана сонун иш-аракеттерде бири-бири менен жарышат. Адамдар арасындагы баалуулуктар өзгөрөт, зат (материя) маанисин жоготот, натыйжада адамдар арасындагы жогорулук бийлик жана байлыкка жараша эмес, ахлакка жана такыбага (Аллах коркуусуна) жараша болот. Эч ким элес болгон нерселердин артынан чуркабайт, бүт адамдар чындыктын артынан жүрөт. Адамдар «ким эмне деп ойлойт?» деп ойлонбойт, «Аллах эмне кылсам, менден ыраазы болот?» деген ой менен аракет кылат. Мал, мүлк, кызмат жана бийликтен пайда болгон бой көтөрүү, көбүү, өзүмчүлдүк сезимдеринин ордун жөнөкөйлүк жана алсыздыгын толук түшүнүү сезимдери ээлейт. Натыйжада адамдар Куранда айтылган сонун ахлак өзгөчөлүктөрүн сүйүп жана каалап жашашат. Мындай өзгөрүүлөр болсо бүгүнкү күндөгү коомдордун көптөгөн маселелерин чечет.

Кичинекей кызыкчылыгы үчүн да ачууланган, мушташка жулунган адамдардын ордун ар бир көргөнүнүн элесин көрүп жатканын билген, ошондуктан ачуулануу, кыйкырып өкүрүү сыяктуу реакциялардын аны уят кылаарын түшүнгөн адамдар ээлейт. Мунун себебинен адамдарда жана коомдордо бейпилдик жана ишенимдүүлүк өкүмчүлүк кылат, бүт адамдар жашоосунан жана ээ болгон нерселеринен ыраазы болот. Мына адамдардан жашырылган бул чындыктын адамдарга жана коомдорго тартуулай турган немат-жакшылыктардын кээ бирлери ушулар. Бул чындыкты билүү, ойлонуу жана жашоо менен бирге адамдар дагы көптөгөн сонундарга жетишет. Бул коoздуктарга жетүүнү каалагандар болсо бул улуу чындыкты жакшылап ойлонушу жана түшүнүүгө аракет кылышы зарыл. Аллах бир аятында мындайча билдирет:

**Чындыгында, силерге Жаратуучуңардан (Раббиңерден) парасат (терең акыл) келди. Ким парасат менен байкаса өзүнө пайда, ким көр болсо (көргүсү келбесе) өзүнө зыян... (Энъам Сүрөсү, 104)**

## Бүт жалган философиялар сыяктуу материализм да кыйрады

Материализм адамзат тарыхы боюнча болуп келген жана бул философиянын жактоочулары затты өздөрүнчө далил сыяктуу карашып, аларды жоктон бар кылган, жок кезинде аларга жан берген, жашай ала турган бир аалам жараткан Аллахка ишенбей келишет. Бул жерде апачык далилдери менен түшүндүрүлгөн чындыктар алардын философияларын тамырынан жыгып, жок кылууда, талаш-тартыш жасоого эч мүмкүнчүлүк калтырбоодо. Ошентип, болгон ойлорун, жашоолорун, бой көтөрүүлөрүн жана баш тартууларын таяндырган зат алардын колунан бир заматта учуп кетти. Ал тургай, материалист илимпоздор жасаган изилдөөлөрү натыйжасында бүт көргөн нерселеринин чынында алар ойлогондой эмес экендигин, тескерисинче мээде пайда болгон сүрөттөлүштөрдү көрүп жатканын далилдөө менен материалисттик ишенимге өз колдору менен сокку урушту.

21-кылым – бул чындык бүт адамдар арасында жайыла турган, материализм болсо жер бетинен өчүрүлө турган тарыхый бир бурулуш чекити. Материалисттик философиялардын таасиринде калып, затты абсолюттук нерсе деп ойлогон кээ бир адамдар эми өздөрүнүн **элес экенин, жалгыз абсолюттук Заттын Аллах экенин,** Аллахтын Затынын бүт жерди ороп-курчаганын түшүнүштү. Бул чындык аяттарда мындайча кабар берилет:

**Аллах... Андан башка илах (сыйынууга татыктуу зат) жок. Ал – тирүү, Кайуум. Аны уйкусуроо жана уйку тартпайт. Асмандарда жана жерде эмне бар болсо, баары Аныкы. Анын уруксаты болбостон, Анын кабатында шапаат кылуучу ким? Ал алдыңардагыны жана артыңардагыны билет. (Алар болсо) Ал каалагандан сырткары, Анын илиминен эч нерсени түшүнүп-аңдай алышпайт. Анын күрсүсү бардык асмандарды жана жерди курчап турат... Ал – абдан улук, абдан бийик. (Бакара Сүрөсү, 255)**

**Аллах чындап Өзүнөн башка Кудай жок экенине күбөлүк келтирди; периштелер менен илимдүүлөр да Андан башка Кудай жок экенине адилеттик менен күбөлүк келтиришти. Азиз жана Хаким болгон Андан башка Кудай жок. (Али Имран Сүрөсү, 18)**

**Ал Аллах, Андан башка Кудай (Илах) жок. Башта да, аягында да мактоолор Ага тиешелүү. Өкүм Ага тиешелүү жана Ага кайтарыласыңар. (Касас Сүрөсү, 70)**

# СЫРТТА ЗАТ БАР, БИРОК БИЗ ЗАТТЫН ОРИГИНАЛЫНА ЖЕТЕ АЛБАЙБЫЗ

Китептин башынан бери заттын оригиналына эч качан жете албашыбыз жана заттын биз үчүн бир элес гана экендиги жөнүндөгү чындыкка токтолдук. Бирок «зат – бул элес» деп айтуу «зат жок» деген мааниге келбейт. Тескерисинче, биз көрсөк да, көрбөсөк да заттык бир дүйнө бар. Бирок биз бул дүйнөнү мээбиздин ичинде бир копия –башкача айтканда, кабылдоолорубуздун жоромолу катары- көрөбүз. Ошондуктан, зат – биз үчүн элес.

Ошондой эле, сыртта заттын бар экенин бизден башка көргөн жандыктар да бар. Аллахтын периштелери, жазып туруучу катары милдеттендирген элчилери да бул дүйнөгө күбө болушууда:

**Анын оң жана сол тарабында отурган эки жазуучу жазып жатканда, Ал сөз катары (эмне гана) айтпасын, сөзсүз жанында даяр бир көзөмөлчү бар. (Каф Сүрөсү, 17-18)**

Эң негизгиси, эң башта Аллах бүт нерсени көрүүдө. Бул дүйнөнү бүт детальдары менен бирге Аллах жараткан жана Аллах толугу менен көрүп турат. Куран аяттарында мындайча кабар берилет:

**... Аллахтан коркуп (күнөөдөн) сактангыла жана билип койгула, Аллах кылгандарыңарды көрүүчү. (Бакара Сүрөсү, 233)**

**Айт: «Мени менен араңарда күбө катары Аллах жетиштүү; шексиз Ал пенделеринен толук кабардар, көрүүчү.» (Исра Сүрөсү, 96)**

Ошондой эле, Аллахтын бүт окуяларды «Левхи Махфуз» аттуу китепте сакталуу тутканын унутпаш керек. Биз көрбөсөк да булардын баары Левхи Махфузда бар. Бүт нерсенин Аллах Кабатында Левхи Махфуз деп аталган «Негизги Китепте» сакталуу экени мындайча билдирилүүдө:

**Шек жок, ал – Биздин кабатыбызда болгон Негизги Китепте; абдан бийик, өкүм жана хикмат (терең акыл) толо. (Зухруф Сүрөсү, 4)**

**...Кабатыбызда (булардын баарын) сактап-коруган бир китеп бар. (Каф Сүрөсү, 4)**

**Асманда жана жерде апачык болгон китепте (Левх-и Махвузда) орун албаган жашыруун эч нерсе жок. (Немл Сүрөсү, 75)**

# ЭВОЛЮЦИЯ КАЛПЫ

Дарвинизм, башкача айтканда, эволюция теориясы – жаратылыш чындыгынан баш тартуу максатында ойлоп чыгарылган, бирок ийгиликке жете албаган илимге туура келбеген бир калп. Жандуулардын жансыз заттардан кокустуктар натыйжасында пайда болгонун жактаган бул теория ааламда жана жандууларда абдан ачык бир тең салмактуулук, жаратылуу чеберчилиги бар экендигинин илим тарабынан далилдениши менен бирге кыйрады.

Натыйжада бардык ааламды жана жандууларды Аллах жараткандыгы жөнүндөгү чындык илим тарабынан да далилденди. Бүгүнкү күндө эволюция теориясын сактап калуу үчүн дүйнө жүзүндө жүргүзүлгөн пропаганда жалаң гана илимий чындыктардын бурмаланышы, теорияга жан тартуучу багытта жоромолдоо, илимий көрүнүшкө жамынып айтылган калптар жана алдамчылыктарга таянууда.

Бирок мындай пропаганда чындыкты жашыра албайт. Эволюция теориясынын эң чоң адашуу, калп экендиги акыркы 20-30 жылдан бери илим чөйрөсүндө барган сайын көп айтылууда. Өзгөчө 1980-жылдардан кийин жүргүзүлгөн изилдөөлөр Дарвинист көз-караштардын толугу менен туура эмес экендигин аныктады жана бул чындык көптөгөн илимпоздор тарабынан сөз кылынууда. Өзгөчө АКШда биология, биохимия, палеонтология сыяктуу ар кандай илим чөйрөлөрүнөн келген көптөгөн илимпоздор Дарвинизмдин туура эмес экендигин көрүүдө, жандуулардын жаралуусун эми «жаратылуу чындыгы» менен түшүндүрүшүүдө.

Эволюция теориясынын кыйрашы жана жаратылуу далилдерин башка көптөгөн эмгектерибизде бардык илимий деталдары менен бирге колго алганбыз жана алып келүүдөбүз. Бирок бул тема абдан маанилүү болгондуктан, бул жерде да кыскача баяндоо пайдалуу болот.

## Дарвинди кыйраткан кыйынчылыктар

Эволюция теориясы тарыхы эски Грецияга чейин барган бир көз-караш болгонуна карабастан, 19-кылымда кеңири болуп ортого чыкты. Бул теорияны илим чөйрөсүнө киргизген эң маанилүү окуя – Чарльз Дарвиндин 1859-жылы чыгарган *Түрлөрдүн келип чыгышы* аттуу китеби эле. Дарвин бул китепте дүйнөдөгү бардык жандык түрлөрүнүн Аллах тарабынан өз-өзүнчө жаратылганына каршы чыккан. Дарвиндин ойу бойунча, бардык түрлөр орток бир атадан келишкен жана убакыттын өтүшү менен кичинекей өзгөрүүлөр менен өзгөрүүлөргө дуушар болушкан.

Дарвиндин теориясы эч кандай так илимий табылгага таянган эмес; өзү да кабыл алгандай жөн гана бир «ой жүгүртүү» болчу. Ал тургай Дарвиндин китебиндеги «Теориянын кыйынчылыктары» аттуу узун бөлүмдө мойнуна алгандай, теория көптөгөн абдан маанилүү суроого жооп бере албайт эле.

Дарвин теориясына каршы кыйынчылыктар келечекте илим тарабынан жок кылынат, жаңы илимий табылгалар теориясын күчтөндүрөт деп үмүттөнгөн эле. Муну китебинде көп жолу белгилеп кеткен. Бирок илимдин өнүгүшү, Дарвиндин үмүтүнө каршы, теориянын негизги көз-караштарын бир-бирден жараксыз кылды.

Дарвинизмдин илим тарабынан кыйратылышын 3 негизги багытта кароого болот:

1) Теория жашоонун жер бетинде алгач кандайча пайда болгонун эч түшүндүрө албайт.

2) Теория сунуштаган «эволюция механизмдеринин» чындыгында эволюциялык күчкө ээ экендигин далилдеген эч кандай илимий далил жок.

3) Фоссилдер эволюция теориясынын туура эмес экендигин далилдейт.

Бул бөлүмдө бул үч негизги теманы тереңирээк карайбыз.

## Өтө албаган алгачкы баскыч: жашоонун келип чыгышы

Эволюция теориясы бардык жандуу түрлөрү болжол менен мындан 3,8 миллиард жыл мурда алгачкы дүйнөдө пайда болгон жалгыз жандуу клеткадан келди деп айтышат. Жалгыз бир клетканын кандайча миллиондогон комплекстүү жандуу түрлөрүн пайда кылгандыгы жана эгер чындыгында мындай бир эволюция болгон болсо эмне үчүн бул процесстин издеринин фоссил булактарында байкалбашы теория түшүндүрө албаган суроолордон. Бирок булардан мурда сөз жүзүндөгү эволюция процессинин алгачкы баскычы жөнүндө сөз кылуу туура болот. Сөз кылынган ошол «алгачкы клетка» кантип пайда болду?

Эволюция теориясы жаратылуудан баш тарткандыктан, эч кандай табият үстү кийлигишүүнү кабыл албагандыктан, ал «алгачкы клетканын» эч кандай проект, план жана жөнгө салуу болбостон, табият мыйзамдары ичинде кокустуктан пайда болгонун айтат. Башкача айтканда, теория бойунча жансыз нерселер кокустуктар натыйжасында пайда болгон бир клетка жараткан болушу керек. Бирок бул – билинген эң негизги биология мыйзамдарына карама-каршы бир көз-караш.

## «Жашоо жашоодон келет»

Дарвин китебинде жашоонун келип чыгышы жөнүндө эч сөз кылган эмес. Себеби анын доорундагы илим түшүнүгү жандыктарды абдан жөнөкөй бир структурада деп гипотеза кылышкан. Ортоңку кылымдан бери ишенилип келе жаткан «спонтане женерасйон» аттуу теория бойунча, жансыз нерселер кокустуктар менен чогулуп, жандуу бир нерсе жарата алышат деген ишеним бар болчу. Бул доордо коңуздар тамак таштандыларынан, чычкандар буудайдан пайда болот деген түшүнүктөр кеңири жайылган. Муну далилдөө үчүн ар кандай кызыктуу эксперименттер жасалган. Кир бир кебездин үстүнө буудай койулуп, бираз күткөндө бул аралашмадан чычкан пайда болот деп божомолдонгон.

Эттердин куртташы да жашоонун жансыз заттардан пайда болушу мүмкүн экендигине бир далил катары кабыл алынчу. Бирок кийинчерээк аныкталгандай, курттар өзүнөн-өзү жаралбайт эле, чымындар таштаган көзгө көрүнбөгөн личинкалардан чыгышат эле.

Дарвиндин *Түрлөрдүн келип чыгышы* аттуу китебин жазган учурда бактериялардын жансыз нерселерден пайда болушу ишеними илим дүйнөсүндө кеңир жайылган көз-караш болчу.

Бирок, Дарвин китебин чыгаргандан беш жылдан кийин атактуу Француз биолог Луи Пастер эволюциянын негизи болгон бул ишенимди толугу менен кыйратты. Пастер жасаган көптөгөн аракет жана эксперименттер натыйжасында барган жыйынтыгын мындай жыйынтыктайт: **«Жансыз заттардын жашоо пайда кылышы мүмкүн экендиги эми толугу менен тарыхка көмүлдү.»** *(Sidney Fox, Klaus Dose, Molecular Evolution and The Origin of Life, New York: Marcel Dekker, 1977, s. 2*)

Эволюция теориясынын жактоочулары Пастердин табылгаларына көп жылдар бойу тирешишти. Бирок өнүккөн илим жандуу клетканын татаал түзүлүшүн ортого койгондо, жашоонун өзүнөн-өзү пайда болушу мүмкүн эместиги абдан ачык абалга келди.

## 20-кылымдагы натыйжасыз аракеттер

20-кылымда жашоонун келип чыгышы темасын изилдеген алгачкы эволюционист, атактуу орус биолог Александр Опарин болгон. Опарин 1930-жылдары сунуштаган көптөгөн тезистери менен жандуу клетканын кокустуктар натыйжасында пайда болушу мүмкүн экендигин далилдөөгө аракет жасады. Бирок бул аракеттер ийгиликсиз аяктап, Опарин минтип мойунга алууга мажбур болгон: **«Тилекке каршы, клетканын келип чыгышы эволюция теориясын толугу менен камтыган эң караңгы (белгисиз) чекитти түзүүдө.»** *(Alexander I. Oparin, Origin of Life, (1936) New York, Dover Publications, 1953 (Reprint), s.196)*

Опариндин жолунан жүргөн эволюционисттер жашоонун келип чыгышы темасын чече турган эксперименттер жасоону улантышты. Мындай эксперименттердин эң атактуусу Америкалык химик Станлей Миллер тарабынан 1953-жылы жасалган. Миллер алгачкы дүйнө атмосферасында бар деп эсептеген газдарды бир экспериментте бириктирип, бул аралашмага энергия кошуу менен протеиндердин структурасында колдонулган бир канча органикалык молекулаларды (амино-кислота) синтездеген.

Ал жылдары эволюция атына маанилүү бир баскыч катары таанытылган бул эксперименттин жараксыз экендиги жана экспериментте колдонулган атмосферанын дүйнө шарттарынан абдан айырмалуу экендиги кийинки жылдарда ачыкка чыккан. *("New Evidence on Evolution of Early Atmosphere and Life", Bulletin of the American Meteorological Society, c. 63, Kasım 1982, s. 1328-1330)*

Көпкө уланган бир жымжырттыктан кийин Миллер өзү да колдонгон атмосфера чөйрөсүнүн чындыктан алыс экендигин мойнуна алган. *(Stanley Miller, Molecular Evolution of Life: Current Status of the Prebiotic Synthesis of Small Molecules, 1986, s. 7)*

Жашоонун келип чыгышы маселесин түшүндүрүү үчүн 20-кылым бойу жасалган эволюционисттик аракеттердин баары ийгиликсиз аяктады. Сан Диего Скриппс Институтунан атактуу гео-химик Жеффрей Бада эволюционисттердин *Earth* журналынын 1998-жылкы санында чыккан макалада бул чындыкты мындайча кабыл алат:

Бүгүн, 20-кылымды артка калтырып жатып, дагы эле 20-кылымга киргенде ээ болгон эң чоң чечилбеген маселе алдыбызда турат: Жашоо жер бетинде кантип башталды? *(Jeffrey Bada, Earth, Şubat 1998, s. 40)*

## Жашоонун комплекстүүлүгү

Эволюция теориясынын жашоонун келип чыгышы темасында мынчалык чоң жоопсуз маселеге кабылышынын негизги себеби – эң жөнөкөй деп саналган жандуу структуралардын да укмуштуу татаал түзүлүшкө ээ болушу. Жандуу клетка адамзат жасаган бардык технологиялык продукттардан да татаал түзүлүшкө ээ. Натыйжада бүгүн дүйнөнүн эң алдыңкы лабораторияларында да жансыз заттар чогултулуп, жандуу бир даана клетка өндүрүү мүмкүн эмес болууда.

Бир клетканын жаралышы үчүн керектүү шарттар кокустуктар менен эч түшүндүрүлө албай турган деңгээлде көп. Клетканын эң негизги түзүүчү бөлүкчөсү болгон протеиндердин кокустуктар

натыйжасында синтезделүү ыктымалдуулугу 500 амино-кислотадан турган орточо бир протеин үчүн $1/10^{950}$ге барабар. Бирок математикада $1/10^{50}$дөн кичине ыктымалдуулуктар иш жүзүндө ишке ашпас, башкача айтканда, 0 деп кабыл алынат. Клетканын ядросунда жайгашкан жана генетикалык маалыматты сактаган ДНК молекуласы болсо, таң калаарлык бир маалымат сактоочу болуп саналат. Адам ДНКсы камтыган маалымат эгер кагазга түшүрүлсө, 500дүк беттен турган 900 томдук бир китепкана болоору эсептелүүдө.

Бул жерде абдан кызыктуу дагы бир дилемма бар: ДНК жалаң гана бир канча атайын протеиндердин (энзимдердин) жардамы менен жуптала алат. Бирок бул энзимдердин синтези да жалаң гана ДНКдагы маалыматтар жардамы менен ишке ашат. Бири-биринен көз-каранды болгондуктан, жупталуу ишке ашышы үчүн экөөсү тең бир убакта бар болушу керек. Бул болсо «жашоо өзүнөн-өзү пайда болду» деген сценарийди жокко чыгарууда. Сан Диего Калифорния университетинен атактуу эволюционист проф. Лесли Оргел *Scientific American* журналынын 1994-жылы октябрдагы санында бул чындыкты мындайча мойунга алат:

Абдан комплекстүү түзүлүшкө ээ болгон протеиндердин жана нуклеиндик кислоталардын (РНК жана ДНК) бир жерде жана бир учурда кокустуктан пайда болушу – ыктымалдуулуктан абдан алыс. Бирок булардын бири болбостон, экинчисин алуу (жасоо) да мүмкүн эмес. Ошондуктан, адам баласы жашоонун химиялык процесстер натыйжасында келип чыгышы такыр мүмкүн эместиги жыйынтыгына барууга мажбур болууда. *(Leslie E. Orgel, The Origin of Life on Earth, Scientific American, c. 271, Ekim 1994, s. 78)*

Шек жок, эгер жашоонун табигый таасирлер натыйжасында келип чыгышы мүмкүн эмес болсо, анда жашоо табият үстү бир абалда «жаратылганын» кабыл алуу керек. Бул чындык негизги максаты «жаратылыштан (натыйжада Аллахтан) баш тартуу» болгон эволюция теориясын апачык жараксыз кылууда.

## Эволюциянын ойлоп табылган механизмдери

Дарвиндин теориясын жараксыз кылган экинчи негизги сокку – теория «эволюция механизмдери» катары сунуштаган эки түшүнүктүн да чындыгында эч кандай эволюциялык күчкө ээ эмес экендигин түшүнүү менен ишке ашты.

Дарвин чыгарган эволюция көз-карашын толугу менен «табигый тандалуу» механизмине байланыштырган эле. Бул механизмге берген мааниси китебинин атынан да ачык көрүнүп турат эле: *Түрлөрдүн келип чыгышы, табигый тандалуу жолу менен...*

Табигый тандалуу табияттагы жашоо күрөшү ичинде табигый шарттарга ылайыктуу жана күчтүү жандуулардын жашоосун улантаары көз-карашына таянат. Мисалы, жырткыч жаныбарлар тарабынан коркунучка кабылган бир кийик тобунда ылдамыраак чуркаган кийиктер жашоосун улантат. Натыйжада кийик тобу ылдам жана күчтүү кийиктерден куралат. Бирок, албетте, бул механизм кийиктерди эволюция кылбайт, аларды башка жаныбар түрүнө, мисалы аттарга айландырбайт.

Демек, табигый тандалуу механизми эч кандай эволюциялык күчкө ээ эмес. Дарвин да бул чындыкты билчү жана *Түрлөрдүн келип чыгышы* аттуу китебинде **«Пайдалуу өзгөрүүлөр пайда болмойунча, табигый тандалуу эч нерсе кыла албайт»** деп айтууга мажбур болгон. *(Charles Darwin, The Origin of Species: A Facsimile of the First Edition, Harvard University Press, 1964, s. 189)*

## Ламарктын таасири

Мындай «пайдалуу өзгөрүүлөр» кантип болмок? Дарвин ошол учурдун алгачкы илим түшүнүгү ичинде бул суроого Ламаркка таянуу менен жооп берүүгө аракет жасаган. Дарвинден мурда жашаган Француз биолог Ламарктын ойу бойунча, жаныбарлар жашоолору бойу ишке ашкан физикалык өзгөрүүлөрдү кийинки урпактарга өткөрүп берүүдө, урпактан урпакка чогулган мындай өзгөрүүлөр натыйжасында жаңы жаныбар түрлөрү пайда болууда эле. Мисалы, Ламарктын ойу бойунча, жирафтар жейрендерден пайда болгон эле, бийик дарактардын жалбырактарын жеш үчүн аракет кылып жатып, урпактан урпакка мойундары узарып кеткен эле.

Дарвин да ушул сыяктуу мисалдар берген. Мисалы, *Түрлөрдүн келип чыгышы* аттуу китебинде тамак табуу үчүн сууга түшкөн кээ бир аюулар убакыттын өтүшү менен киттерге айланды деп айткан. *(Charles Darwin, The Origin of Species: A Facsimile of the First Edition, Harvard University Press, 1964, s. 184)*

Бирок Мендел тапкан жана 20-кылымда өнүккөн генетикалык илим менен бекемделген тукум куучулук мыйзамдары «ээ болунган өзгөчөлүктөрдүн кийинки урпактарга берилиши» жомогун толугу менен кыйратты. Мунун натыйжасында табигый тандалуу «жалгыз» жана натыйжада толугу менен жарабаган бир механизм болуп калды.

## Нео-Дарвинизм жана мутациялар

Дарвинисттер болсо бул абалга бир чечүү жолун табуу үчүн 1930-жылдардын аягында «Модерн синтетикалык теорияны» же кеңири тарлган аты менен нео-дарвинизмди чыгарышты. Нео-дарвинизм табигый тандалуунун жанына «пайдалуу өзгөрүү себеби» катары мутацияларды, башкача айтканда, жаныбарлардын гендеринде радиациялар сыяктуу тышкы таасирлер же копиялоо каталары натыйжасында пайда болгон бузулууларды кошушту.

Бүгүнкү күндө дагы эле дүйнөдө эволюция атына жарактуулугун сактаган модел – нео-дарвинизм. Теория жер бетинде жашаган миллиондогон жандык түрү, бул жаныбарлардын кулак, көз, өпкө, канат сыяктуу сансыз комплекстүү органдары «мутацияларга», башкача айтканда, генетикалык бузулууларга таянган бир процесс натыйжасында пайда болду деп эсептейт. Бирок теорияны жокко чыгарган ачык бир илимий чындык бар: **Мутациялар жаныбарларды жакшы жакка өзгөртпөйт, тескерисинче дайыма жаныбарларга тескери таасир беришет.**

Мунун себеби абдан жөнөкөй: ДНК абдан комплекстүү түзүлүшкө ээ. Бул молекулада пайда болгон ар кандай туш келе (стохастикалык) бир таасир жалаң гана зыян берет. Америкалык генетикчи Б.Г. Ранганатхан муну мындайча түшүндүрөт:

«Мутациялар – кичинекей, стохастикалык жана зыяндуу. Кээ-кээде гана ишке ашат жана эң жакшы ыктымалдуулук учурунда эч кандай таасир жаратпайт. Бул үч өзгөчөлүк мутациялардын эволюциялык бир өнүгүү жарата албасын көрсөтөт. Ансыз деле жогорку даражада өзгөчө бир организмде пайда болгон бир туш келе өзгөрүү – же таасирсиз болот же болбосо зыяндуу. Бир кол саатында болгон бир өзгөрүү ал кол саатын жакшыртпайт. Чоң ыктымалдуулук менен ага зыян келтирет же эң жакшы учурда ага эч кандай таасир бербейт. Бир жер титирөө бир шаарды өнүктүрбөйт, ага кыйроо алып келет». *(B. G. Ranganathan, Origins?, Pennsylvania: The Banner Of Truth Trust, 1988)*

Чындыгында эле бүгүнкү күнгө чейин эч бир пайдалуу, башкача айтканда, генетикалык маалыматты жакшырткан, өнүктүргөн мутация мисалы байкалган жок. Бардык мутациялардын зыян алып келгени

байкалды. Эволюция теориясы тарабынан «эволюция механизми» катары көрсөтүлгөн мутациялардын чындыгында жандууларды бузган, майып кылган генетикалык окуя экендиги ачык түшүнүлдү. (Адамдарда мутациялардын эң көп кездешкен натыйжасы – рак). Албетте, талкалоочу, бузуучу бир механизм «эволюция механизми» боло албайт. Табигый тандалуу болсо, Дарвин да кабыл алгандай, «өзү жалгыз эчтеке кыла албайт». Бул чындык бизге табиятта эч кандай «эволюция механизми» жок экендигин көрсөтөт. Демек, эволюция механизми жок болгон болсо, эволюция деп аталган кыялдагы процесс эч качан болгон эмес.

## Фоссилдер: ортоңку звено жок

Эволюция теориясы жактаган сценарийдин эч болбогондугунун эң ачык көрсөткүчү – фоссилдер.

Эволюция теориясы бойунча, бардык жандуулар бири-биринен пайда болгон. Мурда бар болгон бир жандуу түрү убакыттын өтүшү менен башка бир түргө айланган жана бардык түрлөр ушундай жол менен пайда болгон. Теория бойунча, мындай өзгөрүүлөр миллиондогон жылдарга барабар узун убакытта болгон жана баскыч баскыч алдын (өйдө) көздөй уланган.

Мындай учурда сөз кылынган узун убакыт бойу өзгөрүү процесси ичинде сансыз көп «ортоңку звенолордун» пайда болуп, жашап өткөн болушу керек эле.

Мисалы, өткөн учурларда балык өзгөчөлүктөрүнө ээ болгонуна карабастан, бир тараптан да кээ бир сойлоп жүрүүчү өзгөчөлүктөргө ээ болгон жарым балык-жарым сойлоп жүрүүчү жандыктар жашаган болушу керек эле. Же сойлоп жүрүүчү өзгөчөлүктөрү менен бирге, бир тараптан да кээ бир канаттуу өзгөчөлүктөрүнө ээ болгон сойлоп жүрүүчү-куш пайда болгон болушу керек эле. Булар бир өткөөл абалда болгондуктан, майып, кемчиликтүү, кээ бир оргaндары жарым-жартылай болгон жандыктар болушу керек эле. Эволюционисттер өткөн учурда жашап өткөн деп ишенген мындай теориялык жандыктарды **«ортоңку звенолор (формалар)»** деп аташат.

Эгер чындыгында мындай түрдөгү жандыктар өткөн учурларда жашаган болгондо, алардын сандары жана түрлөрү миллиондогон, ал тургай миллиарддаган болушу керек эле. Жана мындай майып, кемчиликтүү жандыктардын калдыктарынын сөзсүз фоссилдери табылышы керек эле. Дарвин *Түрлөрдүн келип чыгышы* китебинде муну мындайча түшүндүрөт:

«Эгер теориям туура болсо, түрлөрдү бири-бирине байланыштырган сансыз көп ортоңку формалардын (звенолордун) түрлөрү сөзсүз жашаган болушу керек... Булардын жашап өткөндүгүнүн далилдери жалаң гана фоссил калдыктары арасынан табылышы мүмкүн. (Charles Darwin, The Origin of Species: A Facsimile of the First Edition, Harvard University Press, 1964, s. 179)

## Дарвиндин үзүлгөн үмүтү

Бирок 19-кылымдын ортосунан бери дүйнөнүн бардык тарабында кемчиликтүү жандык фоссилдери изделгенине карабастан, мындай ортоңку формалардын бир да фоссили табыла албады. Жасалган казуулар жана изилдөөлөрдө табылган табылгалар, эволюционисттердин үмүтүн үзүп, жандуулардын бир заматта, кемчиликсиз жана толук органдары менен пайда болгонун көрсөттү.

Атактуу англиялык палеонтолог (фоссил илимпозу) Дерек В. Агер бир эволюционист болгонуна карабастан, бул чындыкты мындайча мойунга алат:

Маселе мындай: Фоссил табылгаларын жакшылап изилдегенде, түрлөр же класстар деңгээлинде болсун, дайыма бир эле чындыкка жолугабыз; баскычтуу эволюция жолу менен эмес, бир заматта жер бетинде пайда болгон группаларды көрөбүз. (Derek A. Ager, "The Nature of the Fossil Record", Proceedings of the British Geological Association, c. 87, 1976, s. 133)

Башкача айтканда, фоссил табылгаларында бардык жандуу түрлөрү ортолорунда эч кандай өткөөл форма болбостон, кемчиликсиз абалдарында бир заматта пайда болушкан. Бул Дарвин жактаган көз-карашка толугу менен карама-каршы. Тагыраак айтканда, бул – жандуу түрлөрүнүн жаратылгандыгын көрсөткөн абдан күчтүү бир далил. Себеби бир жандуу түрүнүн башка бир түрдөн («атасынан») эч кандай эволюция болбостон, бир заматта жана кемчиликсиз бир абалда пайда болушунун жалгыз түшүндүрмөсү болуп «ал түрдүн жаратылган болушу» саналат. Бул чындык атактуу эволюционист биолог Дуглас Футуйма тарабынан да кабыл алынат:

«Жаратылуу жана эволюция жашап жаткан жандуулардын келип чыгышын түшүндүрүүнүн альтернативдүү эки жолу. Жандуулар дүйнөдө же толугу менен толук жана кемчиликсиз бир абалда пайда болушкан же мындай болгон эмес. Эгер мындай болгон эмес болсо, анда бир өзгөрүү процесси натыйжасында алардан мурда бар болгон кээ бир жандуу түрлөрүнөн эволюциялашып, жаралган болушу керек. Бирок, эгер кемчиликсиз жана толук абалда пайда болгон болсо, анда чексиз күч-кудурет ээси бир акыл тарабынан жаратылган болушу керек.» *(Douglas J. Futuyma, Science on Trial, New York: Pantheon Books, 1983. s. 197)*

Фоссилдер болсо жандуулардын жер бетинде кемчиликсиз жана толук абалда пайда болгонун көрсөтүүдө. Башкача айтканда, **«түрлөрдүн келип чыгышы» - Дарвин ойлогондун тескерисинче, эволюция эмес, жаратылуу.**

## Адамдын эволюциясы жомогу

Эволюция теориясынын жактоочулары эң көп сөз кылган тема – адамдын жаралышы темасы. Бул жөнүндө дарвинисттер бүгүнкү күндө жашаган адамды маймыл сыяктуу ар кандай жандыктардан келип чыккан деген гипотезаны жакташат. 4-5 миллион жыл мурда башталды деп гипотеза кылынган бир процессте заманбап адам менен аталары арасында «ортоңку формалар» жашаган деп айтылат. Чындыгында толугу менен ойлоп табылган бул сценарийде төрт негизги «категория» саналат:

1- австралопитек

2- хомо хабилис

3- хомо эректус

4- хомо сапиенс

Эволюционисттер адамдардын сөз жүзүндөгү алгачкы маймыл сымал атасын «түштүк маймылы» маанисине келген «австралопитек» деп аташат. Бул жандыктар чындыгында өлүп жок болгон бир маймыл түрү гана. Лорд Солли Зукерман жана профессор Чарльз Окснард сыяктуу Англия жана АКШдан дүйнөгө таанымал эки анатомист тарабынан жасалган терең изилдөөлөр бул жандыктардын жалаң гана өлүп жок болгон бир маймыл түрүнө тиешелүү экендигин жана адамдарга эч кандай окшошпогондугун көрсөткөн.

*(Solly Zuckerman, Beyond The Ivory Tower, New York: Toplinger Publications, 1970, s. 75-94; Charles E. Oxnard, "The Place of Australopithecines in Human Evolution: Grounds for Doubt", Nature, c. 258, s. 389)*

Эволюционисттер адам эволюциясынын кийинки баскычын «хомо», башкача айтканда, адам деген класска бөлүшөт. Көз-караш бойунча хомо сериясындагы жандыктар австралопитектерден көбүрөөк өнүккөн. Эволюционисттер бул түрдүү жандыктарга тиешелүү фоссилдерди биринин артынан бирин тизип алышып, ойлоп табылган эволюция графигин жасашат. Бул график ойлоп табылган, себеби иш жүзүндө бул ар түрдүү класстар арасында эволюциялык байланыш бар экендиги эч качан далилдене алган эмес. Эволюция теориясынын 20-кылымдагы эң маанилүү жактоочуларынын бири Эрнст Майр «Хомо сапиенске баруучу чынжыр – иш жүзүндө кайып (жок)» деп бул чындыкты кабыл алат. *(J. Rennie, "Darwin's Current Bulldog: Ernst Mayr", Scientific American, Aralık 1992)*

Эволюционисттер *«австралопитек > хомо хабилис > хомо эректус > хомо сапиенс»* деп катарга койууда бул түрлөрдүн ар биринин кийинкисинин атасы сыяктуу көрүнүш сүрөттөшөт. Чындыгында болсо палеонтологдордун акыркы табылгалары австралопитек, хомо хабилис жана хомо эректустун дүйнөнүн ар кайсы аймактарында бир учурда жашаганын көрсөттү. *(Alan Walker, Science, c. 207, 1980, s. 1103; A. J. Kelso, Physical Antropology, 1. baskı, New York: J. B. Lipincott Co., 1970, s. 221; M. D. Leakey, Olduvai Gorge, c. 3, Cambridge: Cambridge University Press, 1971, s. 272)*

Мындан тышкары, хомо эректус классына тиешелүү адамдардын бир бөлүгү азыркы учурга чейин жашаган, хомо сапиенс неандерталец жана хомо сапиенс сапиенс (заманбап адам) менен бир эле чөйрөдө жанаша жашашкан. *(Time, Kasım 1996)*

Бул болсо бул класстардын бири-биринин атасы деген көз-караштын туура эмес экендигин ачык далилдейт. Гарвард университети палеонтологу Стефен Жай Гоулд өзү да бир эволюционист болгонуна карабастан, дарвинист теория такалган бул жарды (тупикти) мындайча түшүндүрөт:

«Эгер бири-бири менен бир убакта жашаган үч түрдүү хоминид (адам сымал) сүрөтү бар болгон болсо, анда биздин санжыра дарагыбыз эмне болду? Булардын бири экинчисинен келип чыкпагандыгы ачык. Мындан тышкары, бири экинчиси менен салыштырылганда, эволюциялык бир өзгөрүү тенденциясын көрсөтпөөдө.» *(S. J. Gould, Natural History, c. 85, 1976, s. 30)*

Кыскача айтканда, массалык маалымат каражаттарында же окуу китептеринде орун алган ойлоп табылган бир топ «жарым маймыл, жарым адам» жандыктардын сүрөттөрү аркылуу, башкача айтканда, пропаганда жолу менен гана сактоого аракет кылынган «адамдын эволюциясы» сценарийи – эч кандай илимий далили, таянычы жок бир жомок гана.

Бул теманы көп жылдар бойу изилдеген, өзгөчө австралопитек фоссилдери жөнүндө 15 жыл изилдөө жасаган Англиянын эң атактуу жана урматтуу илимпоздорунун бири Лорд Солли Зукерман, бир эволюционист болгонуна карабастан, маймыл сымал жандыктардан адамга чейин улануучу чыныгы бир санжыра дарагы жок экендиги жөнүндөгү жыйынтыкка барган.

Зукерман, мындан тышкары, кызыктуу бир «илим көрсөткүчү» даярдаган. Илимий катары кабыл алган илим тармактарынан, илимден алыс деп кабыл алган илим тармактарына чейин бир катарга койгон. Зукермандын бул таблицасы бойунча, эң «илимий», башкача айтканда, так далилдерге таянган илим тармактары – химия жана физика. Катарда булардан кийин биология илимдери, андан кийин коомдук илимдер келет. Бул катардын эң «илимден алыс» бөлүгүндө болсо, Зукермандын ойу бойунча, телепатия,

алтынчы сезим сыяктуу «сезимден тышкаркы кабылдоо» түшүнүктөрү жана ошондой эле «адамдын эволюциясы» бар! Зукерман катардын бул учун мындайча түшүндүрөт:

«Объективдүү чындыктын чөйрөсүнөн чыгып, биологиялык илим катары гипотеза кылынган бул чөйрөлөргө, башкача айтканда, сезимден тышкаркы кабылдоо жана адамдын фоссил тарыхынын түшүндүрүлүшүнө киргенибизде, эволюция теориясына ишенген бир адам үчүн бардык нерсе мүмкүн экендигин көрөбүз. Ал тургай, теорияларына чындап ишенген бул адамдардын бири-бирине туура келбеген жоромолдорду да бир эле убакта кабыл алышы да мүмкүн. *(Solly Zuckerman, Beyond The Ivory Tower, New York: Toplinger Publications, 1970, s. 19)*

Мына «адамдын эволюциясы» жомогу да – теорияларына далилсиз ишенген бир топ адамдардын тапкан кээ бир фоссилдерди өздөрү каалагандай божомолдоолорунан гана турат.

## Дарвиндин формуласы!

Буга чейин караган бардык илимий далилдер менен бирге, ылайыктуу көрсөңүз, эволюционисттердин кандайча күлкүмүштүү ишенимге ээ экендигин жаш балдар да түшүнө турган ачык бир мисал менен көрсөтөлү.

Эволюция теориясы жандыктар кокусунан пайда болду деген ойду жактайт. Демек, бул көз-караш бойунча, жансыз жана акылсыз атомдор биригип, алгач клетканы жаратышкан жана андан кийин ошол эле атомдор кандайдыр бир жол менен башка жандыктарды жана адамды жаратышкан. Эми ойлонуп көрөлү: жандыктардын негизи болгон көмүртек, фосфор, азот, калий сыяктуу элементтерди бир жерге чогултканыбызда бир заттар тобу пайда болот. Бул атомдордун тобу кандай процесстерден өткөрүлбөсүн, бир даана да жандык жарата албайт. Кааласаңыз бир «эксперимент» да жасайлы жана эволюционисттер жактаган, бирок ачык үн менен айта албаган көз-карашын алардын атынан «Дарвин формуласы» деген ат менен анализдеп көрөлү:

Эволюционисттер көптөгөн, чоң идиштердин ичине жандыктардын түзүлүшүндө болгон фосфор, азот, көмүртек, кычкылтек, темир, магний сыяктуу элементтерден каалашынча салышсын. Ал тургай нормалдуу шарттарда кездешпеген, бирок бул аралашма ичинде болсун деп каалаган заттарды да бул идишке салышсын. Бул аралашманын ичине каалашынча амино-кислота, каалашынча (бир даанасынын кокусунан пайда болуу ыктымалдуулугу $1/10^{950}$ болгон) протеин кошушсун. Бул аралашмаларга каалаган деңгээлде ысыктык жана нымдуулук беришсин. Буларды каалаган эң алдыңкы инструменттер менен аралаштырышсын. Идиштердин жанына дүйнөнүн алдыңкы илимпоздорун койушсун.

Бул адистер атадан балага, урпактан урпакка өткөрүп, алмак-салмак миллиарддаган, ал тургай триллиондогон жылдар бойу идиштердин башында туруп күтүшсүн. Бир жандык пайда болушу үчүн кандай шарттар керек болгон болсо, каалагандай шарт түзүү эркин болсун. Бирок эмне гана кылышпасын, ал идиштерден эч качан бир жандык чыгара алышпайт. Жирафтарды, арстандарды, аарыларды, булбулдарды, тоту куштарды, аттарды, дельфиндерди, гүлдөрдү, орхидеяларды, банандарды, апельсиндерди, алмаларды, курмаларды, помидорлорду, коондорду, дарбыздарды, жүзүмдөрдү, түркүн түстүү көпөлөктөрдү жана ушулар сыяктуу миллиондогон жандык түрүнүн эч бирин жарата алышпайт. Бул жерде саналган бул жандыктардын бирөөсүн эмес, булардын жалгыз бир клеткасын да пайда кыла алышпайт.

Кыскача айтканда, акылсыз **атомдор бир жерге чогулуп, клетка жарата алышпайт**. Кийин кайрадан бир чечим кабыл алып, бир клетканы экиге бөлүп, андан кийин кайра кайра чечим кабыл алышып, электрондук микроскопту ойлоп тапкан, анан өз клеткасынын түзүлүшүн бул микроскоп жардамы менен изилдеген профессорлорду жарата алышпайт. **Зат жалаң гана Аллахтын жогорку күч-кудурет менен жаратышы аркылуу гана жашоого ээ болот.**

Мунун тескерисин жактаган эволюция теориясы болсо – акылга толугу менен туура келбеген бир жалган гана. Эволюционисттер жактаган көз-караштарды бир аз гана ойлонуу, жогоруда мисалда көрсөтүлгөндөй, бул чындыкты апачык көрсөтөт.

## Көз жана кулактагы технология

Эволюция теориясы эч качан түшүндүрө албаган башка бир нерсе – көз жана кулактагы кабылдоонун жогорку сапаты.

Көз менен байланыштуу темага өтүүдөн мурда «кантип көрүп жатабыз?» суроосуна кыскача жооп берели. Бир заттан келген нурлар көздөгү торчого тескери болуп түшөт. Бул нурлар бул жердеги клеткалар тарабынан электрдик импульстарга (сигналдарга) айландырылат жана мээнин арка тарабындагы көрүү борбору деп аталган кичинекей бир чекитке жетет. Бул электрдик импульстар бир канча процесстен кийин мээдеги көрүү борборунда сүрөттөлүш катары кабылданат. Бул маалыматтарды алгандан кийин эми ойлонолу:

Мээ жарык өткөрбөйт. Башкача айтканда, мээнин ичи капкараңгы, жарык мээ жайгашкан жерге чейин кире албайт. Көрүү борбору деп аталган жер – капкараңгы, жарык эч жетпеген, балким эч биз көрбөгөндөй караңгы бир жер. Бирок, сиз бул чымкый караңгылыкта нурдуу, түркүн-түстүү бир дүйнөнү көрүп жатасыз.

Болгондо да, бул көрүнүш ушунчалык даана жана сапаттуу болгондуктан, 21-кылым технологиясы да бардык мүмкүнчүлүктөргө карабастан мынчалык даана сүрөттөлүшкө жете алган жок. Мисалы, азыр окуп жаткан китебиңизди, китепти кармаган колуңузду караңыз, андан соң башыңызды көтөрүп, айланаңызды караңыз. Азыр көрүп турган дааналык жана сапаттагы бул сүрөттөлүштү башка бир жерден көрдүңүзбү? Мынчалык сапаттуу сүрөттөлүштү сизге дүйнөнүн эң алдыңкы фирмасынын эң алдыңкы телевизор экраны да тартуулай албайт. 100 жылдан бери миңдеген инженерлер мындай даана сүрөттөлүшкө жетүү үчүн аракет кылышууда. Бул үчүн заводдор, ири ишканалар курулууда, изилдөөлөр жүргүзүлүүдө, план жана проекттер жасалууда. Ошого карабастан, телевизор экранын бир карап, колуңуздагы китепти карап салыштырып көрүңүз. Экөө арасында сүрөттөлүштүн дааналыгы жана сапаты арасында чоң бир айырма байкайсыз. Болгондо да, телевизор экраны сизге эки өлчөмдүү бир сүрөттөлүш тартуулайт, сиз болсо үч өлчөмдүү, тереңдиги бар бир сүрөттөлүштү көрүп жатасыз.

Көп жылдар бойу он миңдеген инженер үч өлчөмдүү телевизор жасоого, көздүн көрүү сапатындай сапатка жетүүгө аракет кылышууда. Ооба, үч өлчөмдүү бир телевизор жасай алышты, бирок аны көз айнексиз үч өлчөмдүү кылып көрүүгө мүмкүн эмес, ошондой эле бул үч өлчөм – жасалма. Арка тарабы бозомук, алдыңкы тарабы болсо кагаздан жасалган декорация сыяктуу көрүнөт. Эч качан көз көргөн сыяктуу даана жана сапаттуу бир сүрөттөлүш жаралбайт. Камерада да, телевизордо да сөзсүз сүрөттөлүштө сапат, дааналык төмөндөшү болот.

Эволюционисттер ушундай сапаттуу жана даана сүрөттөлүштү жараткан механизм кокусунан жаралды деген ойду жакташат. Азыр бирөө сизге бөлмөңүздөгү телевизор кокусунан пайда болду, атомдор чогулду жана бул сүрөттөлүш пайда кылган инструментти (телевизорду) пайда кылды десе сиз эмне деп ойлойсуз? Миңдеген адам чогулуп жасай албаган нерсени атомдор кантип жасашсын?

Көз көргөн сапаттан алда канча төмөн болгон бир сүрөттөлүштү пайда кылган нерсе кокусунан пайда болбосо, көз жана көз көргөн сүрөттөлүштүн да кокусунан пайда боло албашы айдан ачык. Ушул эле абал кулакка да тиешелүү. Тышкы кулак айланадагы үндөрдү кулак лакатору жардамы менен топтоп, ортоңку кулакка берет; ортоңку кулак үн толкундарын күчөтүп, ички кулакка өткөрүп берет; ички кулак бул толкундарды электрдик импульстарга айландырып, мээге жөнөтөт. Көрүү процессинде болгон сыяктуу угуу процесси да мээдеги угуу борборунда ишке ашат.

Көздөгү абал кулакка да тиешелүү, башкача айтканда, мээ жарык өткөрбөгөн сыяктуу, үн да өткөрбөйт. Ошондуктан, сырт тарап канчалык ызы-чуу болсо да, мээнин ичи толугу менен жымжырттыкта. Ошого карабастан, эң даана үндөр мээде кабылданат. Үн өткөрбөгөн мээңизде бир оркестрдин симфонияларын угасыз, көчө толо адамдардын бардык ызы-чуусун угасыз. Бирок ошол учурда атайын бир прибор менен мээңиздин ичиндеги үн өлчөнсө, ал жерде толук жымжырттык өкүм сүрүп жаткандыгы байкалат.

Жогорку сапаттуу сүрөттөлүштү алуу үчүн аракет кылынган сыяктуу, үн үчүн да ондогон жылдар бойу ушундай аракеттер жасалууда. Үн жаздыруу аппараттары, музыкалык борборлор, көптөгөн электрондук аппараттар, үндү кабылдаган музыка системалары–бул аракеттердин кээ бир жыйынтыктары. Бирок болгон технология, бул технологияда иштеген миңдеген инженер жана адиске карабастан, кулак пайда кылган даана жана сапаттагы бир үнгө жете алынган эмес. Музыкалык аппарат өндүргөн эң ири фирма тарабынан өндүрүлгөн эң сапаттуу музыкалык борборду элестетип көрүңүз. Үн жаздырганда, сөзсүз үндүн бир бөлүгү жоголот же бир аз болсо да шум пайда болот же музыкалык борборду жандырганда, музыка баштала электе эле бир шум угасыз. Бирок адам денесиндеги технологиянын продукту болгон үндөр абдан даана жана кемчиликсиз. Адамдын кулагы музыкалык борбордогу сыяктуу шум жаратпайт, үн кандай болсо ошондой угат. Бул абал адам жаралгандан бери уланып келе жатат.

Бүгүнкү күнгө чейин адам баласы жасаган эч кайсы сүрөттөлүш жана үн аппараты көз жана кулак сыяктуу сапат жана ийгиликтеги бир кабылдоочу боло алган жок.

Ошондой эле, көрүү жана угуу процессинде, булардан сырткары, абдан чоң дагы бир чындык бар.

## Мээнин ичинде көргөн жана уккан аң-сезим кимге тиешелүү?

Мээнин ичинде, түркүн түстүү дүйнөнү караган, симфонияларды, чымчыктардын сайраганын уккан, гүлдү жыттаган ким?

Адамдын көздөрүнөн, кулактарынан, мурдунан келген импульстар электрдик сигнал катары мээге барат. Биология, физиология же биохимия китептеринде бул сүрөттөлүштүн мээде кантип пайда болоору жөнүндө көптөгөн терең маалыматтар окуй аласыз. Бирок бул тема жөнүндөгү эң маанилүү чындыкты эч жерден көрбөйсүз: мээде бул электрдик сигналдарды сүрөттөлүш, үн, жыт жана сезүү катары кабылдаган ким?

Мээнин ичинде көзгө, кулакка, мурунга муктаж болбостон бардык бул нерселерди кабылдаган бир аң-сезим бар. Бул аң-сезим кимге тиешелүү?

Албетте, бул аң-сезим – мээни түзгөн нервдер, май катмары жана нерв клеткаларына тиешелүү эмес. Мына ушул себептен улам, бардык нерсе заттан гана турат деген дарвинист-материалисттер бул суроолордун эч бирине жооп бере алышпайт. Себеби, бул аң-сезим – Аллах жараткан рух. Рух сүрөттөлүштү көрүү үчүн көзгө, үндү угуу үчүн кулакка муктаж эмес. Ал тургай, ойлонуу үчүн мээге муктаж эмес.

Бул ачык жана илимий чындыкты окуган ар бир адам мээ ичиндеги бир канча $см^3$дук, капкараңгы жерге бардык ааламды үч өлчөмдүү, түркүн түстүү, көлөкөлүү жана жарык нурлуу кылып батырып койгон улуу Аллахты ойлонуп, Андан коркуп, Ага корголошу зарыл.

## Материалисттик ишеним

Буга чейин карагандарыбыз эволюция теориясынын илимий табылгаларга ачык карама-каршы келген бир көз-караш экендигин көрсөттү. Теориянын жашоонун келип чыгышы жөнүндөгү ойу илимге эч туура келбейт, теория жактаган эволюция механизмдеринин эч кандай эволюциялык күчү жок жана фоссилдер теория муктаж болгон ортоңку формалардын эч качан жашабаганын көрсөтүүдө. Бул учурда, албетте, эволюция теориясы илимге туура келбеген бир пикир катары тарыхка калтырылышы керек. Тарыхта да «дүйнө борбордуу аалам» модели сыяктуу көптөгөн пикирлер илимден чыгарылып салынган. Бирок эволюция теориясы илим катары сакталып калууга аракет кылынууда. Ал тургай кээ бир адамдар теорияга сын-пикирлерди «илимге кол салуу» катары көрсөтүүгө аракет кылышууда. Эмнеге мындай?..

Бул абалдын себеби – эволюция теориясынын кээ бир чөйрөлөр үчүн андан эч баш тартыла албай турган догма бир ишеним болушунда. Бул чөйрөлөр материалисттик философияга эч кандай далилсиз байланып алышкан жана дарвинизмди болсо жападан жалгыз материалисттик көз-караш катары жакташууда.

Кээде муну ачык-ачык мойнуна да алышат. Гарвард университетинен атактуу бир генетикчи жана ошол эле учурда алдыңкы бир эволюционист болгон Ричард Левонтин «алгач материалист, андан соң илимпоз» экенин мындайча мойнуна алат:

«Биздин материализмге бир ишенимибиз бар, априори (мурдатан (далилсиз) кабыл алынган, туура деп гипотеза кылынган) бир ишеним бул. Бизди дүйнөгө материалисттик түшүндүрмө жасоого зордогон нерсе – илимдин ыкмалары жана эрежелери эмес. Тескерисинче, материализмге болгон «априори» байланганыбыз себептүү, дүйнөгө материалисттик түшүндүрмө алып келген изилдөө ыкмаларын жана түшүнүктөрүн чыгарабыз. Материализм абсолюттук туура болгондон кийин, Илахи бир түшүндүрүүнүн ортого чыгышына жол бере албайбыз. *(Richard Lewontin, "The Demon-Haunted World", The New York Review of Books, 9 Ocak 1997, s. 28)*

Бул сөздөр – дарвинизмдин материалисттик философияга байлануу (көз-каранды болуу) үчүн жашатылган бир догма экендигинин ачык баяны. Бул догма заттан башка эч кандай жандык жок деп гипотеза жасайт. Ошондуктан, жансыз, аң-сезимсиз, акылсыз зат жашоону жаратты деп ишенет. Миллиондогон ар түрдүү жандыктарды, мисалы чымчыктар, балыктар, жирафтар, кабыландар, курт-кумурскалар, дарактар, гүлдөр жана адамдарды заттардын өз-ара реакциялары аркылуу, башкача айтканда, жааган жамгыр, чагылган аркылуу жансыз заттар ичинен жаралып калды деп кабыл алат. Чындыгында

болсо бул акылга да, илимге да сыйбайт. Бирок дарвинисттер өз сөздөрү менен айтканда «Илахи бир (Кудай жаратты деген) түшүндүрмөнүн ортого чыкпашы» үчүн мындай нерсени жактоону улантышууда.

Жандуулардын келип чыгышына материалисттик көз-караш менен карабаган адамдар болсо төмөнкү ачык чындыкты көрүшөт: бардык жандыктар – жогорку бир күч-кудурет, илим жана акыл ээси болгон бир Жаратуучунун чыгармалары. Жаратуучу – бардык ааламды жоктон бар кылып жараткан, эң кемчиликсиз абалда жасаган жана бардык жандыктарды жаратып, келбет берген Аллах.

## Эволюция теориясы дүйнө тарыхынын эң таасирдүү сыйкыры

Бул жерде муну да айта кетүү керек: алдын-ала сын-пикирсиз, эч кандай идеологиянын таасири астында калбастан, жалаң гана акылын жана логикасын колдонгон ар бир адам илим жана маданияттан алыс коомдордун негизсиз ишенимдерин элестеткен эволюция теориясынын ишенүүгө мүмкүн эмес бир көз-караш экендигин оңой эле түшүнөт.

Жогоруда да айтылгандай, эволюция теориясына ишенгендер чоң бир идиштин ичине көптөгөн атомду, молекуланы, жансыз заттарды толтуруп койсо, булардын аралашмасынан убакыт өтүшү менен ойлонгон, акыл жүгүрткөн, ачылыштар жасаган профессорлор, университет студенттери, Эйнштейн, Хаббл сыяктуу илимпоздор, Франк Синатра, Шарлтон Хестон сыяктуу искусство адамдары, ошондой эле лимон дарактары, гүлдөр, жаныбарлар чыгат деп ишенишүүдө. Болгондо да мындай акылга сыйбас пикирге ишенгендер – илимпоздор, профессорлор, илимдүү адамдар болууда. Ошол себептен, эволюция теориясы үчүн «дүйнө тарыхынын – эң чоң жана эң таасирдүү сыйкыры» сөзүн колдонуу туура болот. Себеби дүйнө тарыхында адамдардын мынчалык акылын башынан алган, акыл жана логика менен ойлонууларына тоскоолдук кылган, көздөрүнүн алдына бир перде сыяктуу тосмо тартып, алардын айдан ачык чындыктарды көрүүлөрүнө тоскоол болгон башка ишеним же көз-караш жок. Бул эски египеттиктердин күн кудайы Рага, африкалык кээ бир уруулардын тотемдерге, Саба калкынын күнгө сыйынуусунан, Аз. Ибрахимдин коомунун колдору менен жасап алган идолдорго, Аз. Мусанын коомунун өздөрү алтындан жасаган музоого сыйынуусунан бир топ коркунучтуу (рисктүү) жана акылга сыйбас бир сокурдук. Чындыгында бул абал – Аллах Куранда ишарат кылган акылсыздык. Аллах кээ бир адамдардын аңдап-түшүнүүлөрүнүн жабылып калаарын жана чындыктарды көрүүгө алсыз болуп калаарын көптөгөн аятында билдирген. Бул аяттардын кээ бирлери төмөнкүдөй:

**Шек жок, чындыктан баш тарткандарды эскертсең да, эскертпесең да алар үчүн айырмасы жок; (алар) ишенишпейт. Аллах алардын жүрөктөрүн жана кулактарын мөөрлөгөн; көздөрүнүн үстүндө перделер бар. Жана чоң азап – аларга. (Бакара Сүрөсү, 6-7)**

**… Жүрөктөрү бар, бирок аны менен аңдап-түшүнүшпөйт, көздөрү бар, бирок аны менен көрүшпөйт, кулактары бар, бирок аны менен угушпайт. Алар – айбандар сыяктуу, ал тургай андан да төмөн. Дал ушулар – капылет калгандар.» (Араф Сүрөсү, 179)**

Аллах башка аятында болсо бул адамдардын укмуштар (можизалар) көрсө да ишенбей турган деңгээлде сыйкырланып калгандыктарын мындайча билдирет:

**Алардын үстүнө асмандан бир эшик ачсак, ал жерден жогору көтөрүлсөлөр да, сөзсүз «Көздөрүбүз айландырылып койулду, балким биз сыйкырланган бир коомбуз» деп айтышат. (Хижр Сүрөсү, 14-15)**

Мынчалык көп адамдарга бул сыйкырдын таасир этиши, адамдардын чындыктардан мынчалык алыс кармалышы жана 150 жыл бул сыйкырдын бузулбашы болсо - сөздөр менен түшүндүрүүгө мүмкүн болбой турган деңгээлде таң калаарлык бир абал. Себеби, бир же бир канча адамдын ишке ашышы мүмкүн эмес сценарийлерге, акылга жана логикага сыйбаган нерселерге толгон пикирлерге ишенишин түшүнүүгө болот. Бирок дүйнөнүн төрт бурчундагы адамдардын акылсыз жана жансыз атомдордун кокусунан бир чечим кабыл алышып, чогулушуп, укмуштай уюштуруу, дисциплина, акыл жана аң-сезим көрсөтүп, кемчиликсиз бир система менен иштеген ааламды, жандуулар үчүн ыңгайлуу болгон ар кандай өзгөчөлүккө ээ болгон жер планетасын жана сансыз көп комплекстүү системалар менен камсыз кылынган жандыктарды жараткандыгына ишенишинин – «сыйкырдан» (гипноздон) башка бир түшүндүрмөсү жок.

Аллах Куранда баш тартуучу философиянын жактоочусу болгон кээ бир адамдардын кээ бир сыйкырлар аркылуу адамдарга таасир бергендигин Аз.Муса жана Фираун арасында болгон бир окуя аркылуу бизге билдирет. Аз.Муса Фираунга (Фараонго) чындык, акыйкат динди түшүндүргөндө, Фираун Аз.Мусага өзүнүн «илимдүү сыйкырчылары» менен адамдар топтолгон бир жерде жолугуусун айтат. Аз.Муса сыйкырчылар менен жолугушканда, сыйкырчыларга алгач «таланттарын» көрсөтүшүн буйрук кылат. Бул окуяны баяндаган аяттар мындай:

**(Муса:) «Силер таштагыла» деди. (Асаларын) таштаары менен, адамдардын көздөрүн сыйкырлап жиберишти, аларды коркутушту жана (ортого) чоң бир сыйкыр алып келген болушту. (Араф Сүрөсү, 116)**

Байкалгандай, Фираундун сыйкырчылары жасаган «калптары» менен, Аз.Муса жана ага ишенгендерден башка, адамдардын баарын сыйкырлай алышкан. Бирок алардын таштаган нерселерине каршы Аз.Муса ортого койгон далил алардын бул сыйкырын, аяттагы баян менен «ойлоп тапкандарын жуткан», башкача айтканда таасирсиз кылган:

**Биз Мусага: «Асаңды ташта» деп вахий кылдык. (Ал таштап жибергенде) бир карашты, ал бардык ойлоп тапкан нерселерин топтоп жутууда. Ушундайча чындык өз ордун тапты, алардын бардык кылып жаткандары жараксыз болду. Ал жерде жеңилишти жана басмырланып тескери бурулушту. (Араф Сүрөсү, 117-119)**

Аятта да билдирилгендей, мурда адамдарды сыйкырлоо менен аларга таасир берген бул адамдар кылган нерселердин бир алдамчылык экендиги билинээри менен бул адамдар уят болуп, басмырланышкан. Бүгүнкү күндө да бир сыйкырдын таасири менен калп илимий көрүнгөн акылга такыр сыйбас жалгандарга ишенген жана буларды жактоого жашоосун арнагандар эгер бул ойлорунан (дарвинизмден) баш тартышпаса, чындыктар толугу менен ачыкка чыкканда жана «бул сыйкыр

бузулганда», катуу уят болушат. Алсак, дээрлик 60 жашына чейин эволюцияны жактаган жана атесит бир философ болгон, бирок кийин чындыктарды көргөн Малкольм Муггеридж эволюция теориясынын жакынкы келечекте кабыла турган абалын мындайча сүрөттөйт:

**Мен өзүм эволюция теориясынын, өзгөчө жайылган тармактарында, келечектин тарых китептеринде эң чоң анекдот темаларынын бири болооруна толук ишендим**. Келечек урпактар мынчалык чирик жана белгисиз бир гипотезанын таң калаарлык абалда кабыл алынганын таң калуу менен тосушат. *(Malcolm Muggeridge, The End of Christendom, Grand Rapids: Eerdmans, 1980, s.43)*

Бул келечек алыста эмес, тескерисинче, абдан жакын бир келечекте адамдар «кокустуктардын» илах (кудай) боло албашын түшүнүшөт жана эволюция теориясы дүйнө тарыхынын эң чоң калпы жана эң күчтүү сыйкыры деп аталып калат. Бул күчтүү сыйкырдан (гипноздон) дүйнөнүн төрт бурчунда адамдар абдан бат кутула башташты. Эволюция калпынын сырын үйрөнгөн көптөгөн адамдар бул калпка кантип ишенгенин таң калуу менен ойлонушууда.

**Айтышты: «Сен – Улуксуң, бизге үйрөткөнүңдөн башка биздин эч кандай илимибиз жок. Чындыгында, Сен – бардык нерсени билүүчү, өкүм жана хикмат (терең акыл) ээсисиң.»**
**(Бакара Сүрөсү, 32)**